КЫРГЫЗ ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗ ССР БАСМА, ПОЛИГРАФИЯ ЖАНА КИТЕП СООДА ИШТЕРИ БОЮНЧА
МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТИ

БАШКЫ РЕДАКТОР
Б. Ө. ОРУЗБАЕВА

БАШКЫ РЕДАКЦИЯ МҮЧӨЛӨРҮ:

Т. АБДЫЛДАЕВ, Г. АЙТИЕВ, Ч. Т. АЙТМАТОВ, А. АЛДАШЕВ, Т. М. АЛМАЕВ, А. АЛТЫМЫШБАЕВ, А. А. АЛТЫМЫШЕВ, К. АЛЫМКУЛОВ, Т. АСКАРОВ, С. БЕГАЛИЕВ, З. БЕЙШЕЕВ (жооптуу секретарь — башкы редакторго орун басар), Б. ЖАМГЫРЧИНОВ, Ж. ЖЭЭНБАЕВ, С. ИЛЬЯСОВ, М. ИМАНАЛИЕВ, К. КАРАКЕЕВ, А. КАРЫПКУЛОВ, Б. КЕРИМЖАНОВА, К. Н. КУЛМАТОВ, А. КУТТУБАЕВ, А. МАМЫТОВ, М. М. МИРРАХИМОВ, К. МОЛДОБАЕВ, К. К. ОРОЗАЛИЕВ, К. ОТОРБАЕВ, С. ӨМҮРЗАКОВ, К. РЫСАЛИЕВ (башкы редакторго орун басар), М. РЫСКУЛБЕКОВ, Т. САРБАНОВ, К. СУЛАЙМАНКУЛОВ, С. ТАБЫШАЛИЕВ, А. ТОКТОНАЛИЕВ, А. ТУРСУНОВ, Ж. Ж. ТУРСУНОВ.

КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫНЫН БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ

КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ

АЛФАВИТТИК КӨРСӨТКҮЧ

ФРУНЗЕ 1982

05,(2кир)
К-97
92 л 2
К 97

АЛФАВИТТИК КӨРСӨТКҮЧТҮ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР

А. ДӨӨЛӨТБАЕВ — сөздүк, алфавиттик корсөткүч ж-а библиография редакциясынын башчысы, Д. ИСМАИЛОВА, А. ИШИМКАНОВА, Ы. КАДЫРОВ — ил. редакторлор, К. ОКЕНОВА — ил. редактор-библиограф.

КСЭнин БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ

Б. Ө. ОРУЗБАЕВА — башкы редактор, филол. илимд. доктору, проф., Кыргыз ССР ИАнын академиги.
К. РЫСАЛИЕВ — башкы редакторго орун басар, филол. илимд. кандидаты.
З. БЕЙШЕЕВ — жооптуу секретарь-башкы редакторго орун басар.
С. И. ЧЕКИРОВА — жооптуу секретардын өндүрүш б-ча орун басары.

ИЛИМИЙ-ТАРМАК РЕДАКЦИЯЛАР Ж-А БӨЛҮМДӨР

Биология, химия ж-а медицина. Б. Бегалиева — редакция башчысы, М. Какеева — ст. ил. редактор, химия илимд. кандидаты, Д. Акматова — ил. редактор, Н. Тойбаева — кенже ил. редактор.
География, геология ж-а геофизика. Ө. Бараталиев — редакция башчысы, Ж. Кенчиев — ст. ил. редактор, М. Мураталиев, К. Сакебаева, С. Сатылганова — ил. редакторлор, Р. Карачалова — кенже ил. редактор.
Маданият ж-а искусство. А. Күрөгенов — редакция башчысы, М. Оморова — ст. ил. редактор, А. Абилов, А. Черикчиева — ил. редакторлор, Н. Жээнбаева — кенже ил. редактор.
Тарых. М. Эдилова — редакция башчысы, Ж. Арзыкулов, Ж. Сагынов — ст. ил. редакторлор, Ш. Усупбеков — ил. редактор, З. Жакыпова — кенже ил. редактор.
Тил, адабият ж-а фольклор. Р. Бекжанова — редакция башчысы, филол. илимд. кандидаты, К. Саматов — ст. ил. редактор, У. Алымбаева, Г. Жумакунова — ил. редакторлор, К. Мукашева — кенже ил. редактор.
Физика, математика ж-а техника. А. Мусаев — редакция башчысы, Б. Абылгазиев, А. Жакыпбеков — ст. ил. редакторлор, Ш. Асанова — кенже ил. редактор.
Философия ж-а укук. Д. Стамов — редакция башчысы, филос. илимд. кандидаты, Б. Төлөков — ст. ил. редактор, К. Канаев — ил. редактор, Б. Бейшеналиева — кенже ил. редактор.
Экономика ж-а эл чарбасы. А. Сыдыкбаев — редакция башчысы, Т. Казиев — ст. ил. редактор, М. Жумалиев — ил. редактор, А. Бейшенова — кенже ил. редактор.
Илимий ж-а адабий контроль. М. Кошоев — редакция башчысы, О. Амантурова, Н. Базарбеков, К. Бегматова, Р. Табалдиева — ст. ил. редакторлор, С. Айткулова, А. Дунганов, С. Тологонова — ил. редакторлор.
Иллюстрация ж-а картография. Э. Касымов — редакция башчысы, К. Акматалиев — ст. ил. редактор-картограф, У. Осмоев — ил. редактор-художник, Ф. Сельская — редактор-художник.
Сөздүк ж-а библиография. А. Дөөлөтбаев — редакция башчысы, Ш. Садабаева, Б. Төрокулова — ил. редакторлор, К. Окенова — ил. редактор-библиограф.
Кыйнактоо ж-а ил. китепкана. Б. Кангелдиева — бөлүм башчысы, А. Жапарова — ил. китепкана башчысы.
Корректорлор. С. Калмаматов — бөлүм башчысы, Т. Жусупова — ст. корректор, К. Айтбаева, Т. Орокчиева — корректорлор.
Өндүрүш. Т. Шилова — бөлүм башчысы, И. Плотникова — ст. тех. редактор, Ж. Жолдошева — тех. редактор.
Пландоо-экономика. В. Волкова — бөлүм башчысы, С. Сарыбаева — ст. экономист, И. Алымкулова — экономист.
Фотолаборатория. Фотограф А. Ржевский.
Машбюро. Н. Атабаева — ст. машинистка, С. Аманбаева, Б. Рыскулбекова — машинисткалар.
Ил. архив. Ж. Ырсалиева — ил. архив. башчысы.
Канцелярия. Р. Дерека — ст. юрист-консульт ж-а канцелярияга жоопкер.
Бухгалтерия. У. Сулайманова — башкы бухгалтер, А. Шаршембиева — бухгалтер-кассир.

5411768
Центральная научная библиотека Академии наук Кирг. ССР

© Главная редакция Киргизской Советской Энциклопедии, 1982.

КСЭнин БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫНАН

«Алфавиттик көрсөткүч» — Кыргыз Совет Энциклопедиясынын (КСЭ) алты томуна комокчу том.

КСЭнин 1-тому 1975-ж., кийинки томдору жылыга чыгарылып отуруп, акыркы алтынчы тому 1980-ж. окурмандарга тартууланды. Ошентип, бул жылдардын аралыгында өлкөдө, республикада, о. эле бүткүл дүйнөдө болуп өткөн бир топ орчундуу окуялар тиешелүү томдордо камтылбай калды.

Алсак, өлкөдөгү айрым союздаш республикалардын, о. эле Кыргызстандын административдик-аймактык бөлүнүштөрүндө өзгөрүүлөр болду, жаңы шаарлар пайда болуп, көз бир областтар м-н райондор түзүлдү. Эл чарбасы м-н маданиятта, илим м-н техникада зор ийгиликтерге жетишилди. Илимдин, адабияттын, эл чарбасынын жаңы ишмерлери, Соц. Эмг. Баатырлары чыкты, бир топтору ардактуу наамга ээ болду, Ленин дик ж-а СССР мамл. сыйлыктарын лауреаттарынын катары көбөйдү.

Дүйнө жүзүнүн картасында да өзгөрүштөр болду: көз карандысыз мамлекеттер түзүлдү, айрымдарынын аты өзгөрдү, коммунисттик ж-а жумушчу партияларынын, эл аралык улуттук-боштондукка чыгуу кыймылдарынын жаңы ишмерлери саясий аренага келишти.

Мындай өзгөрүштөрдүн көпчүлүгү өз учурунда КСЭнин кезектеги томуна киргизилип келсе да, айрымдары берилге турган макаланын (терминдин) алфавиттик ирети өтүп кеткендиктен алты томдукка камтылбай калган учурлар да бар. Ошондуктан ошол кирбей калган өзгөрүүлөрдүн бардыгы болбосо да, өтө маанилүүлөрүн ж-а учурунда ар түрдүү себептер м-н калып калган көз бир терминдерди, макалаларды ж-а персоналийлерди камтыган КСЭге кошумча болук бул «Алфавиттик көрсөткүчтүн» баш жагына жайгаштырылды. Мында КСЭдегидей эле алфавиттик тартип сакталып, кыскартуулары да негизги томдордогу калыбынча берилди.

«Алфавиттик көрсөткүч» (предметтик, ысым ж-а географиялык аттар көрсөткүчү) КСЭдеги макалалардын мазмунун чагылдырат ж-а окурманга керектүү маалыматты энциклопедиядан тез таап алууга мүмкүндүк берет. Буга киргизилген терминдер негизги ж-а көмөкчү болуп, эки чоң топко бөлүнүү. Негизги топко КСЭнин 6 томуна өз алдынча макала болуп кирген терминдердин бардыгы, ал эми көмөкчү топко макалалардын текстинен тандалып алынган маанилүү терминдер, ысымдар, географиялык аттар камтылды. Көмөкчү терминдер КСЭге өз алдынча макала болуп кирбесе да, башка макалалардын ичинде аздыр-көптүр жазылгандыгын билдирип, окурмандын алар жөнүндө маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн арттырат. Көрсөткүчтө 26028 негизги ж-а 29862 көмөкчү болуп, бардыгы 55890 термин камтылды. Көмөкчү топ катары марксизм-ленинизм классиктеринин, эл аралык коммунисттик ж-а жумушчу кыймылынын ишмерлеринин чыгармалары, макалаларда учураган ишмерлердин ысмы, илим жана техниканын тармактары, илимий теориялар, мекеме, уюм, ишкана, саясий партиялардын аталыштары, тарыхый окуялар, газета-журнал ж. б. мезгилдүү басылмалар, машина ж-а самолёттордун тиби (маркасы), улут, эл, калк, этностук топ, этнонимдер, ал эми географиялык макалалардан Кыргызстанга тиешелүү жер-суунун аттары алынды.

Терминдердин бардыгы бирдей алфавит тартибинде жайгаштырылып, КСЭге өз алдынча макала болуп киргендер кара шрифт м-н, ал эми макала ичинде баяндалган терминдер кадыресе шрифт м-н басылды. Терминдердин атынан кийин берилген цифралардын биринчиси томдун ка-

тар номерин, экинчиси ошол томдогу термин жайгашкан бетти көрсөтөт. Мис., «Алфавиттик көрсөткүчтө» Авиация 1—50 деп басылган, бул болсо ушул атоодо өз алдынча макала бар, ал КСЭнин биринчи томунун 50-бетинде жайгашкан дегенди билдирет. Ал эми Аба ысыткыч (тех.) 3—76 деп кадыресе шрифт м-н басылган. Демек, КСЭде ушундай ат м-н өз алдынча атайын макала жок, бирок ал жөнүндө кыскача маалыматты окурман үчүнчү томдун 76-бетиндеги «Казан агрегаты» аттуу макаладан тапса болот дегенди түшүндүрөт.

Илимдин тармактары боюнча алынган терминдерге, алардын кайсы тармакка тиешелүүлүгүн көрсөтүүчү белгилер (мис., ад.—адабият, биол.—биология, тех.— техника ж. б.) коюлду. Географиялык аттарды бергенде кошумча түрдө объектинин түрү (шаар, суу, тоо ж. б.), анын өлкө, республика, область, район ж. б. объектиге таандыгы көрсөтүлдү. Мис., Ак-Бешим (кыш., Чүй р-ну); Алтай крайы (РСФСР); Ит-Агар (суу, Чычкандын куймасы). Тарыхый окуяларга байланыштуу терминдерде (согуш, келишим, конгресс, парт. кенешме ж. б.) окуя болгон датасы кошо берилди. Мис., Ата Мекендик согуш (1912), Кулжа келишими (1851). Сүрөт астындагы тексттерден улуттук айрым гана терминдер тандалып алынды, ал эми карталардагы географиялык аттар алынган жок. Ысымы аталып жаткан ишмер, илимпоз ж. б-лардын адистиги, ишмердиги, айрымдарынын улуту же кайсы өлкөгө таандыгы жөнүндө кыскача аннотация м-н коштолду. Мис., Абдылдаев Т. (сов. философ), Галилей (итал. физик, механик, астроном). Ысымы кеңири белгилүү айрым адамдардын аты адегенде КСЭнин томдорундагыдай эле жазылып, андан кийин фамилиясы берилди. Мис., Абай (Ибрагим) Кунанбаев (казак акыны ж-а агартуучусу), Токтогул Сатылганов (кыргыз сов. акыны, ойчул, комп.). Музыкалык, адабий чыгармалар автору м-н кошо көрсөтүлдү. Мис., «Чолпон» (балет, Раухвергер М.), «Каныбек» (Жантөшев К.).

«Алфавиттик көрсөткүчтө» шилтеме ыкмасы (к.—карацыз) колдонулду. Бул болсо окурманга керек терминди анын синонимми боюнча же жалпы теманын ичинен тез таап алуусуна мүмкүндүк берет. Мис., Кабылан, к. Илбирс. Жалпы геология, к. Геология. Текстти коштоп жүрүүчү портрет—п, сүрөт—с, схема—сх, чийме—ч, карта—к, баттама—батт. деп кыскартылып көрсөтүлдү. «Алфавиттик көрсөткүчтө» көлөмдү үнөмдөө максатында сөздөрдү кыскартып берүү системасы колдонулду. Жалпы кабыл алынган кыскартуулар (ж. б.—жана башка, ж.—жыл, м-н—менен, ж-а—жана, КПСС ж. б.) м-н бирге «Алфавиттик көрсөткүч» үчүн атарилди. Жылды туюнткан сандан кийин жыл же ж. деп жазылган жок. Мис., Герцеговина-Босния көтөрүлүшү (1875—78).

Көрсөткүчтүн аягына КСЭге берилген бардык географиялык, тарыхый карталардын тизмеси берилди.

КСЭге КОШУМЧА

АБДРАЕВ Кутубай (17. 2. 1932-ж. т., Нарын обл., Кочкор р-ну, Көк-Жар кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1978). 1966-жылдан КПСС мүчөсү. Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмг. сиң. устаты (1964). 1946-жылдан «Соцкол» с-зунун баш чабаны. 1976-ж. ар жүз тубар койдон 175 козу, 5 кг.дан жүн алган. Кыргыз ССР Жог. Советинин (9-шайл.) депутаты. Үч Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Портрети 8-бетте.

АБШЫР МРАМОР КЕНИ — Ош обл-ндагы мрамор жаткан жер. Ноокат р-нунун аймагында, Алай кырка тоосунун түн. бетинде. Кенде 1979-жылдан Кыргыз ССР геол. башкармасы геол. чалгындоо жумуштарын жүргүзүүдө. Кен аймагында силур мезгилинде пайда болгон чополуу сланец, кумдук, кремний, аки таш тегинин катмарлары ж-а карбон мезгилинде пайда болгон аки таш, мрамор тектери кездешет. Алар татаал бүктөлүүлөргө дуушарланган. Мрамор майда бүртүкчөлүү, агыш, чыбыр ала ак түстүү, нык. Блоктуулугу 30%тен ашык. Бир $м^3$ мрамордон 18 $м^2$ плита алууга болот. Кен чалгындалып бүтө элек. Имараттардын дубалдарын каптоочу кооз плиталарды даярдоого жарамдуу. Запасы мол.

АБЫЛКАСЫМОВА Майрамкан—Кыргыз ССР эл акыны (1980), к. КСЭ, 1-т., 28-б.

АВИЖЮС Йонас (16. 5. 1922-ж. т., Медгинай кыш., азыркы Йонышь р-ну) — литва совет жазуучусу. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. «Биринчи бороздор» (1948) — А-тун тунгуч ачкемелер жыйнагы. «Мурас» (1949) повестинде литва кыштагындагы колхоз курулушунун алгачкы күндөрү, «Даңк» (1949) повестинде, «Адамдар жана окуялар» (1964) ачкемелер м-н очерктер жыйнагында, о. эле «Жол тоомундагы кыштак» (1964) романында сов. кыштак турмушу сүрөттөлгөн. «Ата журттан айрылуу» (1973; Лениндик сыйл., 1976) романында литва элинин фашизм м-н күрөшү көргөзүлүп, соц. гуманизм м-н интернационализм маселелери чагылдырылган.

Чыг.: в рус. пер.: Повести и рассказы, Вильнюс, 1958; Деревня на перепутье, М., 1969; Потерянный кров, М., 1975.

Ад.: Букялене Г., Творчество Йонаса Авижюса, Вильнюс, 1973.

АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ М. Горький атн. 1933-ж. М. Горькийдин демилгеси м-н Кечки жумушчу ад-т ун-ти катары негизделген. 1936-жылдан СССР жаз. союзунун карамагында. 1946-ж. М. Горькийдин ысмы берилген. Ин-тта күндүзгү ж-а сырттан окуу бөлүмү, аспирантура, СССР жаз. союзунун мүчөлөрү үчүн 2 жылдык жог. адабий курс, 8 кафедра бар. Коомдук ж-а филол. илимдер чыгык семинарларда адистик сабактар м-н байланышта окутулат.

1981—82-окуу жылында 800 студент окуган, 113дөй окутуучу иштеген (аның 17си проф. ж-а илимд. доктору, 32си доцент ж-а илимд. кандидаты). Ин-т уюшулгандан бери 2 920дай адабий кызматкер даярдап чыгарган (1982). Ин-т «Писатель и жизнь» (1961) аттуу ил. жыйнак, студенттик альманах (1937), ад-т өнөрү б-ча монографиялар, жыйнактар чыгарып турат. Бул ин-тту кыргыз акындарынан С. Жусуев, Б. Сарногоев, Р. Рыскулов ж. б. бүтүшкөн. Ч. Айтматов, С. Эралиев, М. Жангазиев ж. б. да институттун эки жылдык курстарынан окушкан.

АДЫШЕВА Тенти Жунушбаевна (18. 5. 1920-ж. т., Күн-Чыгыш айылы, азыркы Ысык-Көл обл., Тоң р-ну, Бөкөнбаев кыш.) — кыргыз совет акыны, Кыргыз ССР эл акыны (1980). Орто дыйкан үй-бүлөсүнөн. 1949-жылдан КПСС мүчөсү. Фрунзе мед. техникумун бүткөн (1937), КММИде (1939—42), Кырг-н КП БКга каратуу Респ-калык парт. мектепте (1951—52) окуган. КМУнун филол. ф-тетин бүткөн (1955). Кырг-н ЛКЖС БКнын секретары (1938—39), Фрунзе ш-ндагы Биринчи май райаткомунун председ. орун басар (1949—50), пред-ль (1950—51), Автордук укукту коргоонун бүткүл союздук башкармасынын Кырг-ндагы бөлүмүнүн директору (1957—74), Автордук укук б-ча бүткүл союздук агентствонун Кыргыз респ-калык бөлүмүнүн начальниги (1974—75) болгон. Алгачкы ыры — «Акын» — 1947-ж. жарыяланган. «Заманым» (1961) — акындын тунгуч жыйнагы. Мында ата журтка болгон сүйүү, поэзияга олуттуу мамиле, учурду астейдил кабылдоо даана байкалат. А-нын эл-жерди, каарман эмгекти, өмүр м-н бейкут турмушту дацазалаган ыр, поэмалары кирген «Жарык дүйнө» (1965), «Таалай» (1972), «Ырлар жана поэмалар» (1979), «Ой толгоо» (1980) сыяктуу жыйнактары бар. Булар акындын дүйнөнү көрө билүү кудурети улам кеңип, поэтикалык үнү, акындык дарамети чыйралганына күбө. Айрым чыг-лары орус тилине которулган. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Портрети 8-бетте.

Чыг.: Для добрых людей, Фр., 1968; Водопад, М., 1974.

Ад.: Бобулов К., Октябрдын акын кызы, «Ала-Тоо», 1980, № 5.

АЖЕМЯН Вартан Мкртичевич [15 (28). 9. 1905—24. 1. 1977] — армян совет реж., СССР эл арт. (1965). Соц. Эмг. Баатыры (1975). 1946-жылдан КПСС мүчөсү. Армян драма студиясын, Пролеткульттун режиссёрдук курсун бүткөн. Ленинакан театрын (1928, азыр А. Мравян атн. театр) уюштурган. 1938-жылга чейин ж-а 1943—47-ж. аның көркөм жетекчиси. 1939-жылдан Сундукян атн. театрдын (Ереван) режиссёру, 1953-жылдан башкы режиссёру. Ал Горькийдин «Түшкүрдө» (1932), Шекспирдин «Он экинчи түн» (1944) ж. б.— Ленинакан театрында; Ширванзаденин «Ар-намыстын айынан» (1939), Демирчяндын «Туулган өлкөм» (1940), Фадеевдин романы б-ча «Жаш гвардия» (1947), Пароняндын «Багдасар байке» (1954), Сарояндын «Жүрөгүм менин тоолордо» (1961), Шекспирдин «Ромео жана Жульетта» (1964) ж. б. спектаклдерди койгон. 1944-жылдан Ереван көркөм-театр ин-тунда сабак берген. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1951). Эки Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Портрети 8-бетте.

АЖЫКЕ КЕНИ — Ош обл-ндагы ангидрид жаткан жер. Совет р-нунда, Кара-Суу т. ж. станциясынан 152 км чыгышта, Адышев атн. кырка тоонун түн.-чыгыш капталында. Кенди 1978-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасынын геологу И. И. Солошенко ачып, 1980-ж. геол. жумуштар жүргүзүлгөн. Кен аймагында палеоген мезгилинде пайда болуп, арасында гипс, ангидрид линзалары кездешкен мергель, алевролит ж-а чопо-кумдуктардан түзүлгөн чекме тоо тектер жатат. Ангидрид чопо-кумдуктардын арасында жайгашкан. Калыңд. 2—10 *м*, уз. 900 *м*ге чейин. Өңү саргыч-кызылтым келип, кооз. Алгачкы геол. чалгындоо жумуштарынын натыйжасында ар бир $м^3$ ангидрид блогунан 20 $м^2$ге жакын плита алууга мүмкүн экени аныкталды. Жылмалап даярдалган кооз плиталар м-н имараттардын ички дубалын, колонналарды каптап кооздоого болот. Геол. чалгындоо жумуштары улантылууда. Эсептелген запасы 6,5

К. Абдраев.

Т. Адышева.

В. М. Ажемян.

Ж. Акималиев.

Ташп. Акматов.

Т. Акматов.

млн $м^3$. Карьер түрүндө ачык казып алууга ыңгайлуу.

АЙТМАТОВ Чыңгыз — Соц. Эмг. Баатыры (1978), эл аралык «Этрурия» (Италия) сыйл. лауреаты (1981), к. КСЭ, 1-т., 106—107-б.

«АЙЫЛДЫК ТРИБУНА» — газета, Кырг-н КП Ленинполь райкомунун ж-а Эл депутаттарынын райондук советинин органы. 1939-жылдан «Большевиктик колхоздор үчүн» деген ат-м-н чыккан. Район кайра уюшулганда 1978-жылдын 1-январынан азыркы аты-м-н кыргызча ж-а орусча («Сельская трибуна») жумасына 3 жолу чыгат. Тиражы 3100 (1982).

АКАДЕМИК АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ КЫРКА ТОО Ош обл-нын түш.-чыгышында, Тар ж-а Гүлчө сууларынын ортосунан орун алган. Терек тоосунан Төө-Жайлоо ашуусу аркылуу болүнүп, түн.-батышка 110 *км*ге созулат. Эң жазы жери 50 *км*. Орт. бийикт. 3260 *м*, эң бийик жери 4785 *м* (Академик Адышев атн. чоку), түш.-чыгыш болүгүндө. Түн.-батышка карай басандайт. Структурасы герцин бүктөлүү мезгилинде түзүлүп, меридиан багытындагы көтөгөн тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген. Ири тармактары: Кызыл-Агын, Жыладаач-Таш, Кек-Булак, Кара-Сорон, Алдаяр ж. б. Капталдарында терең суу өрөөндөрү көп. Кар, муз каптаган шиш чокулуу түш.-чыгышына бийик тоолуу гляциалдык же альп, түн.-батышына денудация-эрозиялык, тоо этектерине түрмөктөлгөн жантайыңкы аккумуляция рельефи мүнөздүү. Байырлы муз каптоонун издери түш.-чыгыш болүгүндө көп кездешет. Түш.-чыгыштагы бийик болүгү — девондун, силурдун сланец, кумдук, конгломерат, орто болүгү — бор, юра, палеогендин филлит, сериттүү сланец, кумдук, жапыраак түн.-батышы палеогендин, антропогендин кум, чопо, конгломерат тоо тектеринен турат. Бийик чокуларда асылма мөңгүлөр кездешет. Кырка тоого жапыз тоолуу талаа, орто бийик тоолуу шалбаалуу талаа, шалбаа, бадалдуу токой, бийик тоолуу альп, гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Жайыт катары кеңири пайдаланылат. Кырка тоо корүнүктүү геолог М. М. *Адышевдин* ысымы м-н аталган.

АКАЕВ Аскар (10. 11. 1944-ж. т., Кемин р-ну, Кызыл-Байрак кыш.) — эсептөө техникасы, голография ж-а квант радиофизикасы б-ча сов. илимпоз, тех. илимд. доктору (1981). 1981-жылдан КПСС мүчөсү. Ленинград так механика ж-а оптика ин-тун бүтүргөн (1968). 1972-жылдан Фрунзе политех. ин-тунда ассистент, ст. окутуучу, доцент. 1977-жылдан автоматтык башкаруу системасы ж-а эсептөө техникасы кафедрасынын башчысы. Негизги эмгеги кванттык радиофизика м-н голографиянын жетишкендиктеринин негизинде жаңы типтеги эсептегич машиналарды, алардын түзүлүштөрүн ж-а элементтерин долбоорлоого арналган. А.— 50 ил. эмгектин, 1 монографиянын автору. Кыргызстан Ленин комсомолу сыйл. лауреаты (1977). «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

Эмг.: Теоретические основы и методы расчёта голографических систем хранения и преобразования цифровой информации, М., 1980; Когерентные оптические вычислительные машины, Л., 1977.

АКИМАЛИЕВ Жамин (5. 5. 1936-ж. т., Нарын обл., Ак-Талаа р-ну, Үгүт кыш.) — сов. агроном, а. ч. илимд. доктору (1981), Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1979). 1959-жылдан КПСС мүчөсү. 1956-ж. К. И. Скрябин атн. Кырг-н а. ч. ин-тун бүтүргөн. Нарындагы № 53 жылкы з-дунда агроном (1956—58), Кырг-н дыйканчылык ил. из. ин-тунда аспирант (1958—61), ст. ил. кызматкер (1961—62), ил. ин-ти б-ча директордун орун басары (1962—63), Кант кызылчасы б-ча тажрыйба-селекция станциясынын директору (1963—68), Кыргыз ССРинин а. ч. министрининн биринчи орун басары (1968—71), Кырг-н КП Сокулук райкомунун биринчи секретары (1971—79), 1979-жылдан К. И. Скрябин атн. Кырг-н а. ч. ин-тунун ректору. А.— 102 ил. эмгектин (4ү монография) автору. Негизги эмгектери Кыргыз ССРинин сугат шартында кант кызылчасынын продуктуулугун ил. негизде көтөрүүгө арналган. Кыргызстан КП БКнын мүчөсү (1971-жылдан). Кыргыз ССР Жог. Советинин (7—10-шайл.) депутаты. Кыргыз ССРинин мамл. сыйл. лауреаты (1976). Ленин ордени, Октябрь Революциясы, 2 Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Жогорку түшүм алуунун жолдоруу, Фр., 1965; Сугат жерлердеги кант кызылчасы, Фр., 1967; Сахарная свёкла и её продуктивность в Киргизии, Фр., 1969; Кыргызстандын кант кызылчасы, Фр., 1970; Система возделывания орошаемой сахарной свёклы в Киргизской ССР, Фр., 1974; Выращивание сахарной свёклы в Киргизии, Фр., 1977.

АКМАТОВ Кенжебай (15. 08. 1932-ж. т., Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Чырак кыш.) — сов. биолог, биол. илимд. доктору (1980). 1963-жылдан КПСС мүчөсү. КМУну бүткөн (1954). Кыргыз ССР ИАнын Ботан. ин-тунда аспирант (1954—57), кенже ил. кызматкер (1957—62). 1962-жылдан Биохимия ж-а физиол. ин-тунда ст. ил. кызматкер. 1964-жылдан ИАнын Ботан. багында ст. ил. кызматкер, 1971-жылдан директордун ил. иштер б-ча орун басары, 1975-жылдан директор. А-дун 50дөн ашык ил. эмгеги бар. Негизги эмгектери дарак өсүмдүктөрүнүн экологиясын ж-а физиологиясын изилдөөгө арналган.

Эмг.: Зимостойкость деревьев и кустарников интродуцированных в поясе еловых лесов Терской Ала-Тоо, Фр., 1960; Методы определения зимостойкости древесных растений, Фр., 1968; Адаптация древесных растений к засухе (на примере предгорий Киргизского Ала-Тоо), Фр., 1976.

АКМАТОВ Ташполот (24. 2. 1929-ж. т., Ош обл., Ноокат р-ну, Кожоке кыш.)— СССР мамл. сыйл. лауреаты (1981). Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмг. сиң. устаты (1978). 1966-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1943-ж. «Правда» к-зунда колхозчудан баштаган. 1959-жылдан № 44 жылкы з-дунда баш чабан. 1981-ж. ал короосундагы ар жүз тубар койдон 172 козу, 4,9 *кг*дан жүн алган. Кыргыз ССР Жог. Советинин (9—10-шайл.) депутаты. Кыргызстан Компартиясынын 15—17-съезддеринин делегаты. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АКМАТОВ Таштанбек (15. 3. 1938-ж. т., Ысык-Көл обл., Тоң р-ну, Көк-Сай кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1976). 1965-жылдан КПСС мүчөсү. Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмг. сиң. устаты (1974). 1977-ж. К. И. Скрябин атн. Кырг-н а. ч. ин-тун бүтүргөн. 1965-жылдан Тоң р-нундагы 22-партсъезд атн. к-здун баш чабаны. 1976-ж. ар жүз тубар койдон 171 козу, ар койдон 4,5 *кг* жүн алган. СССР Жог. Советинин (9—10-шайл.) депутаты. КПССтин 26-, Кырг-н КПнин 17-съездинин делегаты. Эки Ленин ордени, 2 Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АК-ОЛОҢ КЕНИ, к. *Кызыл-Омпол кени.*

АК-САЙ КЕНИ — Ош обл-нын Ноокат р-нундагы аки таш теги жаткан жер. Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 15 *км* түш. таранта, Алай кырка тоосунун түн. капталында. 1974-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы таап, 1980-жылдан геол. изилдөө ж-а чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн, запасын, о. ж-лык маанисин аныктаган. Кен аймагын силур, девон ж-а карбон мезгилдеринде пайда болгон сланец, алевролит, кремний, доломит ж-а аки таш тектери түзөт.

Кен карбон мезгилинде пайда болгон чокмо тоо тектердин арасында жайгашкан. Жалпы аянты 4,2 $км^2$ден ашык. Хим. составы (% м-н): SiO_2 (0,88); TiO_2 (0,05); Al_2O_3 (0,20); Fe_2O_3 (0,18); MgO (0,64); CaO (54,53); SiO_3 (0,08); P_2O_5 (0,02); K_2O (0,03); Na_2O_3 (0,04). Составындагы калган элементтер 42,14%ти түзөт. Запасы мол. Ачык казып алууга ыңгайлуу, о. ж-лык маанисн чоң. Кендин базасында Кызыл-Кыя ш-нда келечекте жылына 2300 миң *т* цемент продукциясын чыгаруучу комбинат курулун жатат (1981).

АКСЕНОВ Александр Никифорович (9. 10. 1924-ж. т., БССРи, Гомель обл., Ветка р-ну, Кунторовка кыш.) — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. 1945-жылдан КПСС мүчөсү. Гомель пед. окуу жайын (1941), КПСС БКга караштуу Жог. парт. мектепти (1957) бүтүргөн. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1944—45-ж. комсомолдук кызматта. 1953—54-ж. Белоруссия ЛКЖС БКнын секретары, экинчи секретары, 1954-ж. сентябрдан биринчи секретары. 1957—59-ж. ВЛКСМ БКнын секретары. 1959-ж. июлдан БССР Мин. Советине караштуу Мамл. кооп-суздук комитетинин пред-линин орун басары, 1960-жылдан БССР өчкү иштер министри. 1965-жылдан Белоруссия БКнын Витебск обкомунун биринчи секретары. 1971—78-ж. БКП БКнын экинчи секретары. 1978-ж. декабрдан БССР Мин. Советинин пред-ли. 1956-жылдан БКП БКнын мүчөсү. 1956—60-ж. БКП БКнын бюро мүчөлүгүнө кандидат. 1971-ж. июлдан БКП БКнын бюро мүчөсү. 1976-жылдан КПСС БКнын мүчөсү. СССР Жог. Советинин (7—10-шайл.) депутаты.

АКСЕНОВ Владимир Викторович (1. 2. 1935-ж. т., Рязань обл., Касимов р-ну, Гиблицы кыш.) — СССРдин учкуч-космонавты, Сов. Союз. Баатыры (1976). 1959-жылдан КПСС мүчөсү. 1953-ж. машина-куруу техникумун бүткөн. Аскер-авиац. мектепте ж-а Чугуев аскер-авиац. окуу жайында окуган. 1957-жылдан конструктордук бюродо иштеп, 1963-ж. Бүткүл союздук политех. ин-тун сырттан окуп бүтүргөн. 1973-жылдан космонавттар отрядында. 1976-ж. 15—23-сентябрда «Союз-22» космос кемесинин бортинженери болуп В. Ф. *Быковский* м-н космоско учкан. Учуу 7 сутка 21 *с* 54 *мин* созулган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АКЧАБАЕВ Малик (15. 8. 1932-ж. т., Ош обл., Ленин р-ну, Хиля кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1979). 1962-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1950-ж. Калинин атн. к-здо колхозчудан баштаган. 1965-жылдан бригадир. Анын бригадасы 1979-ж. пахтадан 53,5 *ц/га* түшүм алган. Кыргыз ССР Жог. Советинин (9-шайл.) депутаты. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЛА-АРЧА ТАБИГЫЙ ПАРКЫ Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталындагы аты уйкаш капчыгайдан орун алган. Фрунзе ш-нан 30 *км* түш. таранта. Аянты 19,4 миң *га*. Деңиз деңг. 1600—4200 *м* бийикте; орт. бийикт. 3300 *м*. Парктын чеги Ала-Арча д-ныи суу болгучунун чегине туура келет. Паркты уюштурууга чейин капчыгай аркылуу Суусамыр жайлоосуна мал айдалчу жол өткөндүгүнө ж-а анда


Ала-Арча капчыгайы.

шаар калкынын чаржайыт эс алгандыгына байланыштуу Ала-Арчанын экосистемасы, айрыкча жаныбарлар м-н өсүмдүктөр дүйнөсү бир кыйла өзгөргөн. Ала-Арча жанаша жаткан капчыгайлардан табигый шарты б-ча бир топ айырмаланат. Мында бийик ж-а кооз чокулар, көптөгөн мөңгү (жалпы аянты 53 $км^2$ге жеткен 33 мөңгү), шаркыратмалуу суулар бар. Өсүмдүктөрү да башка капчыгайлардыкынан өзгөчөлөнөт: Ала-Арчада карагай (көңүлаш капчыгайларда кездешпейт), арча (түркстан арчасы, жапалак арча), түрдүү мөмө бадалдары өсөт. Айбанаттарга да (тоо эчки, элик, түлкү, улар ж. б.) бай. Парк аймактын табиятын коргоо ж-а калктын эс алуусун пландуу уюштуруу максатында уюштурулган.

АЛАМАНОВ Баян (1. 07. 1915-ж. т., Кант району, Бирлик кыш.) — сов. экономист, экон. илимд. доктору (1978). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. Кыргыз пед. техникумун (1932), КПСС БКга караштуу Жог. парт. мектепти (1951) бүтүргөн. 1951—55-ж. партиянын Жалал-Абад, 1955—59-ж. Ысык-Көл обкомдорунун биринчи секретары. 1959—62-ж. Кырг-н профсоюздар советинин, 1962—63-ж. Эл депутаттар советинин Фрунзе шаар аткомунун пред-ли. 1963—65-ж. Кырг-н мал чарба ж-а ветеринария ил. из. ин-тунун директору. 1965—67-ж. Кыргыз ССР ИАнын Экон. ин-тунда ст. ил. кызматкер, 1968-жылдан сектор башчысы. Ал — 14 монография, бир катар китепче ж-а ил. макалалардын автору. Ил. эмгектери а. ч. өндүрүшүнүн экон. маселелерине арналган. СССР Жог. Советинин (4-шайл.), Кыргыз ССР Жог. Советинин (2—3, 5—6-шайл.) депутаты. Ленин ордени, 2 Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Ысык-Көл өрөөнүнүн кой чарбачылыгынын экономикасы, Фр., 1962; Воспроизводство основных фондов в колхозах Киргизской ССР, Фр., 1979.

АЛЕКСАНДРОВ Александр Петрович [4(17). 12. 1906-ж. т., Псков обл., Хотилице кыш., азыркы Великие Луки р-ну] — сов. инженер куруучу. Эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1952, 1961). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. 1933-ж. О. Азия автомобиль-жол ин-тун бүтүргөн (Ташкен). 1948-жылдан Волга-Дон кеме жүрүүчү каналдын курулушунда, 1952—53-ж. Цимлянскидеги гидротүйүн курулушунда ж-а Доңдогу сугат системаларында иштеген. «Күйбышевгидростройдун» оң жээк курулуш башкармасынын начальниги (1953—56), 1956-жылдан «Волгоградстройдун» начальниги. ЕАРдагы Асуан плотинасынын курулмасы б-ча башкы сов. эксперт. 1966-жылдан СССР энергетика ж-а электрлештирүү министрининн орун басары. Төрт Ленин ордени, башка орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЛЕКСЕЕВ Михаил Николаевич (6. 5. 1918-ж. т., Монастырский кыш., азыркы Саратов обл.) — орус совет жазуучусу. Соц. Эмг. Баатыры (1978). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. СССР жаз. союзунун жог. адабий курсун бүткөн (1957). Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Бул согуштун окуяларына аның «Жоокерлер» (1951—53) роман-«хроникасы» «Дивизионка» (1959) повесттери арналган. «Алчалуу

В. В. Аксёнов.

М. Акчабаев.

М. И. Алексеев.

Б. Алиев.

В. И. Анжапаридзе.

М. К. Аникушин.

рим» (1961) романы ж. б. чыг-ларында өткөн ж-а азыркы мезгилдеги кыштак адамдарынын жашоо-турмушу, алардын түйшүктүү эмгеги ж-до айтылат. «Муюбас аял» (1—2-к-п, 1970—74; СССР мамл. сыйл., 1976) чыгармасында социалдык, правалык маселелер козголуп, кыштактын согуш учурундагы, андан кийинки (1941—1960) жылдардагы турмушу сүрөттөлөт. РСФСР жаз. союзунун башкармасынын секретары. Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Собр. соч. в 6 т., 1975—76; Избр., М., 1978; Алчалуу ирим, Фр., 1976.

АЛИЕВ Бакирдин (12. 12. 1933-ж. т., Панфилов р-ну, Суусамыр кыш.) — кыргыз совет арт., Кыргыз ССР эл арт. (1980). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. 1955-ж. Ташкендеги А. Н. Островский атын. театр өнөрү ин-тун бүтүргөндөн кийин Т. Сатылганов атын. Жалал-Абад драма театрынын актёрлук мүнөздөгү ролдорду чебер аткарган артист катары белгилүү. «Махабат жаңырыгы», «Уркуя», «Айсулуунун талаасы», «Мен — Тянь-Шань», «Эски тегирмен» фильмдерине тартылып, бир катар образдарды жараткан.

К. Жантошев. «Курманбек». Тейитбек — В. Алиев. 1964.

АЛИМОВ Равиль Ганбович (28. 10. 1924-ж. т., Фрунзе ш.) — сов. экономист, экон. илимд. доктору (1977), проф. (1978). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1948—55-ж. финансы органдарында иштеген. Москва финансы ин-тун бүтүргөн (1953). 1955—56-ж. Ленинград финансы академиясында окуган. 1956—67-ж. Кыргыз ССР финансы мин-восунда а. ч-сын финансылоо башкармасынын начальниги. 1968-жылдан КМУнун финансы ж-а кредит кафедрасынын башчысы. 1977-жылдан КМУнун финансы-соода ф-тетинде декан. Ал — 60ка жакын илм. эмгектин автору. Илм. эмгектери негизинен капитал салымы, финансы, айлампа каражат ж-а негизги фонд маселелерине арналган. Төрт орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Капитальные вложения и эффективность использования основных фондов, Фр., 1973; Роль финансов в повышении эффективности производства, Фр., 1975; Оформление источников финансирования капитальных вложений совхозов и межхозяйственных организаций, Фр., 1981.

АНДРОНИКОВ (Андроникашвили) Ираклий Луарсабович [15(28). 9. 1908-ж. т., Петербург] — орус совет жазуучусу, ад-тчы. 1949-жылдан КПСС мүчөсү. РСФСРдин (1959) ж-а ГССРдин (1961) иск-вого эмг. сиц. ишмери, филол. илимд. доктору (1956). 1935-жылдан жазуучулар, артисттер ж. б. ж-дө эл алдында чыгып айтып келаткан (көбүнчө жумшак азил араластырып, алардын «портреттерин» түзгөн) ачкемелери м-н белгилүү. Негизги адабий эмгектери ж-а ачкемелери М. Ю. Лермонтовдун өмүрүн, чыг-лыгын изилдөөго арналган («Лермонтов. Изилдөөлөр жана табылгалар», 1964; СССР мамл. сыйл., 1967). «Чоң зал жөнүндө эскерүүлөр», «Ленинград филармониясындагы концерт», «Андрониковдун сөзү» деген телефильмдер үчүн Лениндик сыйлык ыйгарылган (1976). Эки орден м-н сыйланган.

Чыг.: Избр. произв., т. 1—2, М., 1975; К музыке, М., 1977.

Ад.: Александров В., Ираклий Андроников, в его кн.: Люди и книги, М., 1956.

АНЖАПАРИДЗЕ Вера (Верико) Ивлиановна [28. 9(6. 10). 1900-ж. т., Кутаиси] — грузин совет арт., СССР эл арт. (1950). Соц. Эмг. Баатыры (1979). Москвада С. В. Айдаровдун, Тбилиside Г. Жабадариинин драма студиясында окуган. 1920—27-ж. Руставели атн. театрда (Тбилиси) иштеген, 1928-жылдан Маржанишвили атн. Грузин театрында актёр. Ал таасын чыгылык индивидуалдуулугу, сахналык зор мад-ты м-н грузин театрында романтика салттарын улантkан. Ролдору: Гинатре (Дадиани, «Гурия Ниношвили»), Жавара (Важа Пшавела, «Айдоодогу киши»), Юдифь (Гуцков, «Уриэль Акоста»), Клеопатра (Шекспир, «Антоний жана Клеопатра»), Мария Стюарт (Шиллер, «Мария Стюарт»), Чоң эне (Касона, «Даректар ордунда куурайт»), Эне (Чапек, «Эне»). 1923-жылдан киного тартылган (Русудан — «Георгий Саакадзе» ж. б.). СССР мамл. сыйл. лауреаты (1943, 1946, 1952). Эки Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

АНИКУШИН Михаил Константинович [19. 9(2. 10). 1917-ж. т., Москва] — сов. скульптор, СССР эл сүрөтчүсү (1963), СССР САнын анык мүчөсү (1962), Соц. Эмг. Баатыры (1977). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. РСФСР сүрөтчүлөр союзунун башкармасынын (1960-жылдан), СССР сүрөтчүлөр союзунун (1963-жылдан) секретары, РСФСР сүрөтчүлөр союзунун Ленинград бөлүмүнүн башкармасынын пред-ли (1962-жылдан). И. Е. Репин атн. Ленинград живопись, скульптура ж-а арх-ра ин-тунда (1937—41, 1945—47) В. А. Синайский м-н А. Т. Матвеевден окуган. 1957-жылдан анда сабак берет. Ленинграддагы А. С. Пушкиндин (коло, 1957; Лениндик сыйл., 1958), В. М. Бехтеревдин (коло, 1960) эстеликтеринин, А. П. Чеховдун эстелигинин долбоорунун (Москва, 1960—65) ж. б. көп портреттин, «Ленинграддын баатыр коргоочуларына» деген мемориалдын (Ленинград, 1975) автору. КПССтин Борб. текшерүү комиссиясынын мүчөсү (1966). Эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Аникушин М. К., Альбом произведений [Авт. текста П. К. Валтун], Л., 1960; Прибульская Г., Аникушин, Л.—М., 1961.

«АРЫАБАТА» (5-к-да жашаган индус астроному ж-а математиги Арыабхатанын ысымы м-н аталган) — Жердин индиялык түңүч жасалма спутниги. 1975-ж. 19-апрелде учурулган. Орбитасынын апогейи 619 *км*, перигейи 563 *км*. «А.» рентгендик астрономия маселелерин изилдөөго, Күндүн нейтрон ж-а гамма нурларын чыгарууусун каттоого, ионосферадагы радиация м-н болуктөлөрдүн агымын ченөөго ж. б. ил. иштерге арналган. «А.» сов. учургуч-ракета аркылуу орбитага чыгарылган.

АРЫМ КЕНИ, к. *Чычкан мрамор кени.*

АСКАТЕШ (туурасы — аска теш) — механикалаштырылган универсалдуу, автономилуу ж-а мобилдүү автомашинанын шассисине орнотулган бургулоочу агрегат. А-ти 1976-ж. Кыргыз ССР ИАнын Автоматика ин-ту-

нун адистери түзгөн. А. автомобиль шассисинен, бургулоочу машинадан, май насосунан, компрессордон ж-а гидравликалык, пневматикалык суу системаларынан турат. Бургулоочу машина тешкич аспапты ургулап айлантып, аны тоо текти көздөй түртүп туруучу механизмдерден турат, алар манипуляторго (мех., кол) орнотулат. Манипулятор бургулоочу машинаны забойго диаметри 8—9 *мм* чейин ар кандай абалда жакындатып түздөйт. Кысылган аба механизмди минутасына 2800—3000 жолу ургулап туруусу, майдын энергиясы (гидравлика) айлануусу ж-а аспапты забойго такап туруусу, суу бургулоодон чыккан текгин майдасын жууп, аны агызып туруусу ишке ашырат. А-тин түйүндөрүн иштетүүчү энергия агрегаттын өзүндө иштелип чыгат. Аба компрессор аркылуу кысылып, гидравлика май насосунун жардамы м-н иштеп, ал эми суу басым м-н толтурулган платформадан (бактан) агызылат. Компрессор, май насосу автомобилдин кыймыл бергич кутусуна бириктирилген кардан валы аркылуу кыймылга келет. А. башка бургулоочу машиналардан тез иштеши, кубаттуулугу, башкарууга ыңгайлуулугу м-н айырмаланат. Ал геол. изилдөөлөрдө, гидротех. курулуштарда, мрамор ж-а гранит таштарды казып алууда колдонулат. А-ти ойлоп тапканы үчүн О. Д. Алимов, С. А. Басов, А. Н. Волков, Л. Т. Дворников, А. Тентимишов ж. б. Кыргыз ССРинин илим ж-а техника б-ча мамл. сыйл. алышкан (1976).



Аскатеш агрегаты таш алуучу карьерде.

АФАНАСЬЕВ Виталий Аркадьевич (25. 11. 1928-ж. т., Саратов ш.) — сов. химик-органик, химия илимд. доктору (1972), проф. (1974). Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1979). 1976-жылдан КПСС мүчөсү. Саратов мамл. ун-тин бүткөн (1952). СССР ИАнын Орг. химия ин-тутунда аспирант (1952—55), кенже ил. кызматкер (1955—60). 1960-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Орг. химия ин-тунун директорунун орун басары, 1975-жылдан директору. А.— 140тан ашык ил. эмгектин (10у монография) автору. А. углеводороддун катализдик айлануулары ж-а углеводороддун негизинде физиол. активдүү бирикмелерди синтездөө б-ча изилдөөлөрдү жетектейт. А. илимдин 12 кандидатын, 1 докторун даярдаган (1981).

Эмг.: Физические методы исследования строения молекул органических соединений, Фр., 1968; В мире катализа, М., 1977; Образование и расщепление гликозидных связей, М., 1978; Углеводы, М., 1980.

АФГАНСТАН. 1978-ж. 27-апрелде Афг-н элдик-демокр. партиясынын (АЭДП) жетекчилиги м-н чыккан элдик рев-янын натыйжасында М. Дауддун режими кулатылып, 30-апрелде Афг-н Демокр. Респ-касы (АДР) жарыяланган. Өлкөдөгү бийлик Н. М. Тараки башында турган Рев-ячыл советтин (РС) колуна өткөн. Жаңы өкмөт өлкөдө социалдык-экон. кайра куруу, коомдук турмушту демократиялаштыруу ж. б. чараларды жүзөгө ашыра баштаган. 1979-ж. янв.— июндагы жер реформасынын биринчи этабында помещиктердин 650 миң *га* жери конфискацияланып, жерсиз 296 миң дыйканга берилген. Өлкөдө сабатсыздыкты жоюу б-ча атайын курстар ачылып, мартта 1-беш жылдык план кабыл алынган. 1979-ж. 16-сентябрда өкмөттүн башына Х. Аминдин келиши (анын буйругу м-н Н. М. Тараки 8-октябрда өлтүрүлгөн) м-н АЭДПтин мүчөлөрү, өлкөдөгү демокр. ж-а патриоттук күчтөр куугунтукка алынган. Апр. рев-ясынын милдеттери жокко чыгарылып, Амин ж-а анын жан-жөкөрлөрү импер. күчтөр м-н байланыша баштаган. Бирок 1979-ж. 27-декабрда Аминдин өкмөтү өлкөдөгү рев-ячыл күчтөр тарабынан кулатылып, Б. Кармаль башында турган АЭДП бийликке кайрадан келген. Жаңы өкмөттүн түзүлүшү м-н өлкөдө улуттук демокр. рев-янын жаңы этабы башталган. Б. Кармаль баштаган РС өлкөдөгү демокр., улуттук-патриоттук бардык күчтөрдүн катышуусу м-н 1981-ж. 15-июнда Улуттук Ата Мекен фронтун (УАМФ) түзүп, Апр. рев-ясынын милдеттерин (Аминдин түшунда үзгүлтүккө учураган жер реформасы, маданий-агартуу иштери, б. а. 1-беш жылдык планда белгиленген өлкөдөгү социалдык-экон. куруу) жүзөгө ашырууда. Афг-ндын демокр., улуттук-патриоттук күчтөрү АКШ ж-а КЭР тарабынан даярдалып, Пакистан аркылуу чек араны бузуп жаткан басмачылардын мизин кайтарууда. Ал тышкы саясатын бейтарап тык, антиимпер., антиколон. багытта жүргүзүп, СССР ж-а соц. башка өлкөлөр м-н достук кызматташтыкка орчундуу маани берүүдө.

Саясий партиялары, профсоюздары ж-а башка коомдук уюмдары. Афганстан элдик-демокр. партиясы (АЭДП), 1965-ж. негизделген (БКнын ген. секретары 1979-ж. 28-декабрдан — Б. Кармаль). Улуттук Ата Мекен фронту, 1981-ж. негизделген (пред-ли С. М. Зерай). Афганстан жумушчуларынын профсоюзу, 1978-ж. негизделген. Афган-совет достук коому, 1960-ж. негизделген. А-дын

В. А. Афанасьев.

Г. С. Ахметжанов.

табиятын, калкын, тарыхын ж. б., к. КСЭ, 1-т., 349-б.

АХМЕТЖАНОВ Гаптулла Сулейманович (27. 1. 1927-ж. т., Чыгыш Каз-н обл., Чоң Нарым р-ну, Катон кыш.) — тоо өткөөлчүсү, СССР мамл. сыйл. лауреаты (1981). 1942—47-ж. Нарым кен башкармасынын «Горные орлы» артелинде өткөөлчү, 1947—50-ж. Зыряновский коргошун комбинатында бекитүүчү-өткөөлчү. 1967—70-ж. Уралдагы боксит рудничинде, 1970-жылдан Сары-Жаз геол. экспедициясында өткөөлчүлөрдүн бригадири. Кыргызда жаңы табылган кен байлыктарды геол. чалгындоо жумуштарына активдүү катышкан. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АШХАБАД ОБЛАСТЫ Түркмөн ССРинде. 1973-ж. 27-декабрда уюшулган. Респ-канын борб. болгүндө. Батышынан Красноводск, түндүгүнөн Ташауз, Чаржоу, чыгышынан Мары обл-тары, түштүгүнөн Иран, Афганстан м-н чектешет. Аянты 95,4 миң *км*². Калкы (Ашхабад ш. м-н) 74,3 миң (1981). 7 район, 3 шаар, 13 ш. т. посёлка бар. Борбору — Ашхабад ш. Область Ленин ордени м-н сыйланган (1977).

Жериинин түш. болгүнү Копетдаг тоосу (Ризе чокусу, 2942 *м*), түндүгүн Кара-Кумдун түзөң болгүгү ээлейт. Кен байлыктарга (курулуш материалдары, күйүүчү газ ж. б.) бай. Климаты кескин континенттик, курган. Январдын орт. темп-расы 0,8°С, июлдуку 30,5°С. Жылдык жаан-чачын Кара-Кумда 100—150 *мм*, тоолордо 250—380 *мм*. Башкы дарыясы — Тежен; жылдык орт. чыгымы 31,2 *м*³/*сек* (жайында курган калат). Облasttын аймагынан В. И. Ленин атн. Кара-Кум каналы (270 *км*) өтөт. Чөлгө мүнөздүү ачык боз, кумдуу топурак басымдуу. А. о-нын түн. болгүндө негизинен чөл өсүмдүктөрү өсөт. Тоо этектеринде шыбак, бетеге, баялыш, Тежен өрөөнүнө тугай бадалдары, Копетдаг тоосуна кургак талаа өсүмдүктөрү, тоо шалбаасы, сейрек арча мүнөздүү. Жаныбарлары: чолдо — жейрен, карышкыр, түлкү, коён, кемирүүчүлөр ж-а сойлоочулар, тоолордо — аркар, тоо эчки, кабылан, чүткөр ж. б. Облasttын аймагындагы Копетдаг коругу (аянты 49,8 миң *км*²) 1976-ж. уюштурулган. Калкынын көбү түркмөндөр (64,2%);

Ч. Базарбаев.

орус (23,6%), украин, армян, азерб-н, татар ж. б. жашайт. Орт. жышт. 1 км²ге 7,8 киши (1980). Шаар калкы 61,9% (1981).

А. о. — Түркмөн ССРиндеги негизги ө. ж-луу (жеңил, тамак-аш, курулуш материалдар, машина куруу ж-а металл иштетүү) область. А. ч-сы өнүккөн. Ө. ж-ның дүң продукциясы а. ч-нан 3 эсе жогору. Область респ-кадагы ө. ж. дүң продукциясының 25%ин берет. Ө. ж. ишканалары: машина куруу з-ддору, текстиль, токуу ф-калары (Ашхабад ш.), курулуш (Безмеин), килем ф-калары (Ашхабад, Гойөк-Төбө, Бахерден, Тежен), шарап з-ддору (Ашхабад, Безмеин, Гойөк-Төбө), шахта тазалоочу з-ддору (Тежен, Каахка). Энергетикасы Мары обл-нан алынган күйүүчү газга негизделген. А. ч-ның негизги тармактары: багбанчылык, шахта, дан эгин, жүзүмчүлүк, жашылча-жемиш ж-а жибекчилик. Областта 1981-ж. 52 колхоз, 30 совхоз болгон. Айдоо аянты 204 миң га (респ-кадагы айдоо аянттын 23,3%), жайыт 8634,5 миң га. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү дан эгин (54 миң га), пахта (78 миң га), бакча (14 миң га), тоют (37 миң га). Оазистерде каракол кою ж-а эт-сүт багытындагы мал асыралат. А. о-до 103,3 миң уй (сааны 37,2 миң), 1048,7 миң кой-эчки, 60,2 миң чочко, 20,2 миң төө, 2,6 миң жылкы (негизинен ахалтеке жылкысы) бар. Автомобиль жолунун уз. 930 км, т. ж. 382 км (1980). Аба транспорту ж-а газ жургүчтөрү бар. 1979—80-окуу жылында 351 жалпы билим берүүчү мектеп, 16 атайын орто, 14 кесиптик-техникалык, 6 жогорку окуу жайы болгон. Областта 232 китепкана, 192 клуб, 4 театр, 5 музей, 227 киноустановка бар (1979). 1980-ж. 8,55 миң орундуу 63 ооруканада 3176 врач иштеген. Обл. «Октябрдын жолдору» ж-а «Знамя Октября» газеталары чыгат.

БАБРАК КАРМАЛЬ (1928-ж. т., Кабулга жакын Баграми кыш.) — Афг-ндын саясий ж-а мамл. ишмери. Кабул ун-тинин экон., кийин укук ф-тетинде окуган. 1950-жылдардан Афг-ндагы прогрессчил күймылга активдүү катышкан. 1953—57-ж. түрмөдө отурган. 1960—64-ж. агартуу ж-а пландоо мин-волорунда иштеген. 1964—73-ж. Афг-ндын элдик чогулушуна (парламенттин төмөнкү палатасы) депутат. 1965-ж. Афг-н элдик-демокр. партиясынын (АЭДП) 1-съездинде (жашырын) БКга, кийин БКнын Саясий бюросуна мүчөлүккө ж-а БКнын секретарлыгына шайланган. 1978-ж. 1-майда АДР Рев-ячыл советинин (РС) пред-линин орун басарлыгына шайланган ж-а премьер-министрдин орун басарлыгына дайындалган. 1978-ж. августтан дипл. кызматта. 1979-ж. 28-декабрдан АЭДП БКнын ген. секретары, РСтин пред-ли ж-а АДРдин премьер-министри.

БАЕТОВ — кыштак, Нарын обл-ндагы Ак-Талаа р-нунун борбору. 1981-ж. 5-майга чейин *Дорболожун* аталган, к, КСЭ, 2-т., 367-б.

БАЗАРБАЕВ Чолпонбек (4. 2. 1949-ж. т., Кочкор р-ну, Чолпон кыш.) — кыргыз совет балет арт. Кыргыз ССР эл арт. (1979). Кызматчынын үй-бүлөсүнөн. 1974-жылдан КПСС мүчөсү. 1967-ж. М. Куроцкоев атн. Кыргыз мамл. муз. ж-а хореогр. окуу жайын бүткөндөн А. Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрынын солисти. Аткарган ролдору: Альберт (А. Адан, «Жизель»), Зигфрид (П. Чайковский, «Ак куу колу»), Спартак (А. Хачатурян, «Спартак»), Нурдин (М. Раухвергер, «Чолпон»), Вацлав (Б. Асафьев, «Бахчысарай фонтаны»), Жигит (Ф. Шопен, «Шопениана») ж. б. ПЭР, ГФР, Сирия, Тунис, Италия, Югосл-я, Швейцария, Дания ж. б. өлкөлөрдө гастролдо болгон. Кырг-н Ленин комсомолу сыйл. лауреаты (1977).

М. Раухвергер. «Чолпон». Нурдин — Ч. Базарбаев. 1973.

БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ — Ош облынын түндүгүндөгү админ. район. 1978-ж. 4-майда уюшулган. Батышынан Ленин, түндүгүнөн Токтогул, түш.-чыгышынан Тогуз-Торо, чыгышынан ж-а түштүгүнөн Сузак р-ндору, түш.-батышынан Өзбек ССРи м-н чектешет. Аянты 2,0 миң км². Калкы 68,4 миң (1980). Райондо 7 колхоз, 2 совхоз, 3 токой чарбасы, 58 кыштак бар. Борбору — Базар-Коргон кыш. (калкы 16,3 миң).

Райондун аймагында Фергана ороонунун түн.-чыгышынын бир аз бөлүгү, Бабаш-Ата кырка тоосунун түш. ыптасынын адырлары, Кара-Үңкүр суусунун ороону жайгашкан. Деңиз дең. 600—3500 м бийикте жатат. Район курулуш материалдарына (аки таш теги, кум-шагыл, чопо ж. б.) бай. Климаты мелүүн континенттик. Түзөң болгунде кышы жылуу (январдын орт. темп-расы —2...—4°С), жайы ысык (июлдуку 27°С), тоолуу болгүндө кышы суугураак (январдыкы —4...—10°С), жайы салкын (июлдуку 10—20°С). Жылдык жаанчачын түзөң болгүндө 300—400 мм, тоолуу болгүндө 1000 ммге чейин. Башкы дарыясы — Кара-Үңкүр (ири куймалары—Арстанбап, Шайдан-Сай, Кызыл-Үңкүр, Жазы-Кечүү ж. б.). Райондун аймагы негизинен боз, кара күрөң ж-а күрөң тоо топурактуу. Райондун жерине ландшафттын бийиктик алкактуулугу мүнөздүү. Деңиз деңг. 600—900 м бийикте маданий ландшафт ж-а чөл осумдуктөрү, андан жогору (800—1200 м) жарым чөл, 1000—2000 мде талаа ж-а бадал, 1100—2500 мде жаңгак-жемиш токою, шалбаа ж-а бадал, 2500—3500 мде шалбаалуу талаа, 3000—3500 мде шалбаалуу субальп, 3500 мден жогору гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары бар. Райондун аймагында Түш. Кырг-ндагы жанайы жаңгак-жемиш токоюунун эң жыш (*Арстанбап, Кызыл-Үңкүр*) массивдери жайгашкан. Бул токойлордо элик, аюу, кашкулак, каман, каракур, кыргоол, чил, кекилик, тоолордо илбирс, аркар, тоо эчки, суусар, суур, карышкыр, түлкү, улар, бүркүт ж. б. бар.

Райондун калкы көп улуттуу. Көбү кыргыз; өзбек, орус, украин ж. б. Орт. жышт. 1 км²ге 34 киши (1980).

Райондо а. ч. жакшы өнүккөн. Чарбанын башкы тармагы — пахтачылык; 1980-ж. мамлекетке 12 миң т пахта саткан. Айыл чарбага жарактуу 110,4 миң га жеринин 19,6 миңи айдоо, 84,8 миңи жайыт, 5 миңи чабынды, калганы дың жер ж. б. Жалпы айдоо аянтынын 8,9 миң гасына пахта, 4,3 миң гасына дан эгиндери, 300 гасына жашылча, бакча, картошка, 1,8 миң гасына тоют өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Райондо 1980-ж. 21,9 миң уй, 130,5 миң кой, 1,7 миң эчки, 4,4 миң жылкы, 400 чочко болгон. Базар-Коргон кыш-нда май ж-а нан з-ддору, үй тиричилик комбинаты, Ооган-Талаа кыш-нда Ош арак з-дунун филиалы (алма, алча, алмурут ж. б. мөмө-жемишти консервалоочу станция), тигүү ф-касы иштейт. Кайырма кышна жакын Базар-Коргон суу сактагычы жайгашкан. Райондун аймагынан Фрунзе — Ош (25 км), Ош — Арстанбап (70 км) автомобиль жолдору өтөт. Райондо 28 орто, 11 сегиз жылдык, 8 башталгыч мектеп, 2 кесиптик-техникалык окуу жайы, 3 оорукана, өнүкө учугун дарылоочу 1 диспансер, 2 амбулатория, төрөт үйү, поликлиника, 21 фельдшер-акушердик пункт, 20 клуб, 34 китепкана, мад-т үйлөрү, кинотеатрлар ж. б. маданий мекемелер бар. 1979-жылдан райондук «Эмгек жалыны» газетасы чыгат. Жаңгак-жемиш токойлуу массивдеринде эс алуу жайлары, туристтик базалар ж-а пионер лагерлери жайгаштырылган. Арстанбапта 16-к-га таандык тарыхый кумбөз сакталган.

БАЙСАБАЕВА Гүлгаакы (14. 09. 1930-ж. т., Талас обл., Талас р-ну, Калба кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1976). Эмгек жолун 1952-ж. Фрунзе шахта ийрүү ф-касында түрмөкчүнүн үйрөнчүгүнөн баштаган. 1953—80-ж. түрмөкчү. Жаштардын насаатчысы. Тогузунчу беш жылдыктын тапшырмаларын үч жарым жылда аткарган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

«БАЙЧЕЧЕКЕЙ» — Кырг-н ЛКЖС БКнын ж-а Ленин атн. пионер уюмунун респ-калык советинин айына бир чыгуучу адабий-көркөм, иллюстрациялуу журналы. 1977-жылдан чыгат. Журнал мектепке чейинки балдар м-н башталгыч класстардын окуучуларына арналган. Журналда ата мекен, жаратылыш, бүгүнкү күнкү окуялар ж-дө көркөм чыг-лар ж-а балдардын тарткан сүрөттөрү жарыяланат. Тиражы 74 000 (1980). Редактору — Т. Самудинов (1977-жылдан).

БАКАСОВА Зарыл (10. 11. 1932-ж. т., Чүй р-ну, Он Бир-Жылга кыш.) — сов. химик, химия илимд. доктору (1977). 1963-жылдан КПСС мүчөсү, КМУну бүтүргөн (1952). Кыргыз ССР ИАнын Химия ин-тунда аспирант (1952—55), ил. кызматкер (1956—60), ст. ил. кызматкер (1960—64). 1964-жылдан Орг. химия ин-тунда орг. заттарды анализдөө методу лабор-ясынын башчысы. Анын ил. иштери аминокислоталардын негизинде биол. активдүү бирикмелерди ачып, аны эл чарбасында рационалдуу пайдалануу да теориялык негизди иштеп чыгууга багытталган.

Э м г.: Синтез и изучение соединений 1-глутаминовой кислоты методами физико-химического анализа, Фр., 1980.

БАКТЫГУЛОВ Жумадил Сапалович (24. 4 .1936-ж. т., Тажик ССРи, Гарм обл., Көк-Таш р-ну, Жергетал кыш.) — сов. тарыхчы, тарых илимд. доктору (1975), проф. (1978). 1963-жылдан КПСС мүчөсү. Кызматчынын үй-бүлөсүнөн. 1962-ж. КМУнун тарых ф-тетин бүткөн. 1962—65-ж. аспирант. 1965—74-ж. КМУда окутуучу, 1974—76-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунда ст. ил. кызматкер, 1976—78-ж. КМФИде марксизм-ленинизм кафедрасынын башчысы, 1978-жылдан Кырг-н КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунун директорунун орун басары. Б.— 80ден ашык ил. эмгектин автору. Б-дун негизги эмгектери кыргыз халкынын соц. отуруктуу чарбага өтүшүнүн тарыхына арналган.

Э м г.: Из истории перехода киргизского крестьянства к оседлости и социалистическому способу хозяйствования, Фр., 1971; Социалистическое преобразование киргизского аула, Фр., 1978.

БАРКАУСКАС Антанас Стасевич [7 (20). 1. 1917-ж. т., Литва ССРи, азыркы Каунас р-ну, Папарчяй кыш.] — сов. мамл. ж-а парт. ишмер, экон. илимд. кандидаты (1959). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. ВКП(б) БКга караштуу Жог. парт. мектепти (1950), КПСС БКга караштуу Коомдук илимдер академиясын (1959) бүтүргөн. 1940-жылдан Каунаста саясий кызматкер. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1944-жылдан Каунаста, Вильнюста сов. ж-а парт. иштерде. 1953—55-ж. Каунас политех. ин-тунун саясий экономия кафедрасынын башчысы. 1959-жылдан Литва КП БКнын бөлүм башчысы, 1961—75-ж. Литва КП БКнын секретары, 1975-жылдан Литва ССР Жог. Советинин Президиумунун пред-ли. 1976-жылдан СССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-линин орун басары, КПСС Борб. Текшерүү комиссиясынын мүчөсү, СССР Жог. Советинин (9—10-шайл.) депутаты. Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАЯЛИЕВ Топчубек (15. 6. 1929-ж. т., Ош обл., Жаңы-Жол р-ну, Кашка-Суу кыш.) — сов. тарыхчы, тарых илимд. доктору (1981). Дыйкан үй-бүлөдөн. 1959-жылдан КПСС мүчөсү. КМУну бүткөн (1951). 1953—54-ж. Фрунзе сырттан окуу пед. ин-тунда, 1955—56-ж. Пржевальск пед. ин-тунда окутуучу. 1956—61-ж. Кыргызмамбаста көркөм ад-т бөлүмүнүн ст. редактору. С. Айининин «Томаяк», Ш. Рашидовдун «Бороондон күчтүү» романдарын которгон. 1961—62-ж. Кыргыз ССР Мин. Советине караштуу Жог. ж-а атайын орто билим берүү комитетинин ст. инспектору. 1962—64-ж. аспирантурада. КМУнун КПСС тарыхы кафедрасында окутуучу (1965), доцент (1967), кафедра башчысы (1979).

Э м г.: Из истории партийного руководства развитием киргизской советской литературы, Фр., 1969; Под руководством Коммунистической партии — к расцвету киргизской советской литературы, Фр., 1978.

БЕЙБУТОВ Рашид Мажид уулу [1 (14). 12. 1915-ж. т., Тбилиси] — азерб-н совет ырчысы (лирикалык тенор), СССР эл арт. (1959). Соц. Эмг. Баатыры (1980). Сахна ишмердигин азерб-н эл ырларын аткаруучу катары баштаган (1933, Тбилиси). 1933—44-ж. Ереван, 1944—56-ж. Баку филармониясында солист. 1957—59-ж. Азерб-н мамл. концерт ансамблинин көркөм жетекчиси. Азерб-н мамл. ыр театрын түзгөн (1966) ж-а жетектеген. Дүйнө элдеринин бир тобунун ырларын да аткарат. Ахундов атн. Опера ж-а балет театрындагы спектаклдерге да катышат; Амировдун «Севиль» операсында, У. Гажибековдун «Аршин мал алан» муз. комедиясында башкы ролдорду ойногон. «Аршин мал алан» фильмине тартылган (СССР мамл. сыйл., 1946). Чет өлкөлөрдө гастролдо болгон. СССР Жог. Советине депутат (7—8-шайл.). Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Г. Байсабаева.

Р. М. Бейбутов.

Л. Берзинь.

Э. Берлингуэр.

БЕЛИЗ — Борб. Америкадагы мамлекет. 1981-жылга чейин Улуу Британиянын ээлиги. 1981-ж. 21-сентябрдан көз каранды эмес өлкө. Аянты 23 миң км². Калкы 160 миң (1981), к. КСЭ, 1-том, 453-б.

БЕРЗИНЬ Лилита (Лилия Давыдовна Приеде-Берзиня) [4(17). 7. 1903-ж. т., Рига] — латыш совет арт., СССР эл арт. (1956). Соц. Эмг. Баатыры (1978). 1949-жылдан КПСС мүчөсү. 1922-жылдан Я. Райнис атн. Көркөм театрда (Рига) иштеген. Ролдору: Аснате, Спидола, Эне (Райнис, «Иосиф жана аның уялаштары», «От жана түн», «Сок, шамалым!»), Любовь Яровая (Тренёв, «Любовь Яровая»), Анна Каренина (Л. Толстойдуку б-ча), Мария Стюарт (Шиллер, «Мария Стюарт»), Полковниктин жесири (Смуул, «Полковниктин жесири же Врачтар эч нерсе билишпейт») ж. б. Латыш ССР Жог. Советине (2—4-шайл.) депутат. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1947). Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БЕРЛИНГУЭР Энрико (25. 5. 1922-ж. т., Сардиния а., Сассари ш.) — италия коммунисттик партиясынын генералный секретары. Билими б-ча юрист. 1937-жылдан антифаш. күймылга катышкан. 1943-жылдан ИКПнин мүчөсү. Коммунисттик жаштар союзунун Секретариатына мүчөлүккө шайланган. 1946-жылдан ИКП БКнын мүчөлүгүнө кандидат, 1948-жылдан ИКП БКга мүчө ж-а ИКП БКнын жетекчилигине мүчөлүккө кандидат. 1950—56-ж. Коммунисттик жаштардын италиялык федерациясынын секретары. 1960-жылдан ИКПнин жетекчилигине мүчө, 1958—60 ж-а 1962—66-ж. ИКПнин Секретариатына мүчө, ИКПнин Лацио обкомуна секретарь. 1969—72-ж. ИКПнин ген. секретарынын орун басары, 1972-жылдан ген. секретарь. 1968-жылдан парламентке депутат.

БЛИНОВ Александр Иванович (19. 8. 1954-ж. т., Фрунзе ш.) — сов. спортсмен; 22-Олимпиялык оюндарда ат

К. Г. Вайно.

Т. А. Варнавских.

спорту б-ча командалык мелдеште алтын, жекече мелдеште күмүш медалдарга ээ болгон (1980). СССРдин чемпиону (1981), СССР спортуна эмг. сиң. мастер (1980). КМФИнин студенти. 1971-жылдан ат спорту м-н машыгат. 1978-ж. Советтер Союзунун курама командасынын составына алынган. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

БРЕЖНЕВ Леонид Ильич — КПСС БКнын Ген. секретары, СССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-ли (1977). СССР Коргоо Советинин пред-ли. Төрт жолу Сов. Союз. Баатыры (1966, 1976, 1978, 1981), Соц. Эмг. Баатыры (1961); Улуу Ата Мек. согушта совет элинин ж-а анын куралдуу күчтөрүнүн жеңишине кошкон зор салымы, Совет мамлекетинин тынчтык үчүн күрөшкөн тышкы саясатын иштеп чыгууда ж-а аны талыкпастан иш жүзүнө ашырууда сиңирген эмгеги үчүн Жеңиш ордени м-н сыйланган (1978). «Кичи жер», «Кайра жаралуу» ж-а «Дың жер» китептери, о. эле тынчтык үчүн талыкпаган күрөшү үчүн Лениндик сыйл. татыктуу болгон (1979), к. КСЭ, 1-т., 556-б.

БРИДЬКО Иван Иванович [18(31). 5. 1905-ж. т., азыркы Донецк обл., Ивановка кыш.] — сов. шахтёр, көмүр ө. ж-нын новатору, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1948, 1957). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Донбасстагы Димитров атн. № 5/6 шахтада забойщик, машинист, өткөөлчү, тоо-кен мастери, участканын начальниги (1936), башкы инженердин жардамчысы (1960). СССР Жог. Советинин (5-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БУССИ ДЕ АЛЬЕНДЕ Ортенсия (22. 7. 1915-ж. т., Вальпараисо) — Чилинин ж-а Аялдардын эл аралык демокр. кыймылынын коомдук ишмери. С. *Альенде Госсенстин* аялы. Чили ун-тинин пед. ф-тетин бүткөн. 1972-жылдан Аялдардын эл аралык демокр. федерациясынын ардактуу вице-президенти. Аскердик фаш. төңкөрүштөн (1973, сент.) кийин эмиграцияда. Чили аскер хунтасынын кылмыштарын текшерүү боюнча Эл аралык комиссиянын 1- жана 3-сессиясынын катышуучусу. «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» эл аралык Лениндик сыйлыктын лауреаты (1977).

БЫКОВ Яков Васильевич — Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1963), к. КСЭ, 1-т., 599-б.

ВАЙНО Карл Генрихович (28. 5. 1923-ж. т., Томск) — сов. парт. ишмер. 1947-жылдан КПСС мүчөсү. Кызматчынын үй-бүлөсүнөн. Т. ж. транспорт инженерлеринин Томск электр-тех. ин-тун (1947), КПСС БКга караштуу Жог. парт. мектепти (сырттан, 1957) бүтүргөн. 1947-жылдан т. ж. транспортунда инженердик тех. иште. 1949-жылдан Эстония КП БКнын аппаратында. 1952—53-ж. Эстония КП Таллин обкомунун секретары. 1953—54-ж. Эстония КП БКда бөлүм башчы. 1957—60-ж. Эстон ССРинин Эл Чарба советинин пред-линин орун басары. 1960—78-ж. Эстония КП БКнын секретары, 1978-жылдан биринчи секретары. СССР Жог. Советинин (10-шайл.) депутаты. Октябрь Революциясы ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ВАННИКОВ Борис Львович [26. 8(7. 9). 1897, Баку — 22. 2. 1962, Москва] — советтик парт. ж-а мамл. ишмер, инженердик-артилл. кызматтын генерал-полковниги. Үч жолу Соц. Эмг. Баатыры (1942, 1949, 1954). Жумушчу үй-бүлөдөн. 1919-жылдан КПСС мүчөсү. Кавказда гражд. согушка катышкан. 1920-жылдан СССР Жумушчу-дыйкан инспекциясы эл комиссариатында жооптуу кызматтарда, ошол эле мезгилде Бауман атн. Москва жог. тех. окуу жайында окуган. 1926-жылдан Тула, Пермь машина куруу з-ддорунун директору. 1937-жылдан СССР коргоо ө. ж. эл комиссарынын орун басары. 1939-жылдан СССР куралдануу эл комиссары, 1941-ж. июндан эл комиссарынын орун басары. 1942—46-ж. СССР ок-дары эл комиссары. 1946-жылдан СССР Мин. Советинде коргоо ө. ж-ын жетектөө б-ча жооптуу кызматта. Партиянын 19—20-съезддеринде КПСС БКга мүчөлүккө шайланган. СССР Жог. Советинин (2-шайл.) депутаты. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1951, 1953). Алты Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган. Сөөгү Кызыл аянтта Кремль дубалына коюлган.

ВАНУАТУ — мамлекет, Тынч океандын түш.-батышындагы Жаңы Гебрид а-дарында (Эспириту-Санто, Амбрим, Эфате ж. б., бардыгы 80 арал) жайгашкан. Жалпы аянты 14,8 миң *км*². Калкы 120 миң (1980), алардын көбү меланезиялыктар. Борбору — Вила ш. (Эфате а-нда). Официалдуу тили — англис ж-а француз тилдери. Калкынын көбү христиан динин тутат. Аралдар жанар тоо аракетинен пайда болгон. Тоолуу (бийикт. 1810 *м*ге чейин); 60тай жанар тоо бар. Климаты тропиктик, нымдуу; айлык орт. темп-расы 20—27°С. Жылдык жаан-чачыны 1000 *мм*ге чейин. Нымдуу тропик токою басымдуу.

Аралдарды 17-к-дын башталышында португалиялыктар ачкан; 18-к-дын 70-жылдарында Ж. Кук изилдеп, Жаңы Гебрид а-дары деп атаган. 1906-жылдан Улуу Британия м-н Франциянын биргелешкен ээлиги (кондоминиум). 1980-жылдын июлунан көз каранды эмес өлкө. Экономикасы чет элдик (негизинен англ., франц., австралиялык) капиталга күнкор. Экономикасынын негизин а. ч. түзөт. Негизги а. ч. өсүмдүгү — кокос пальмасы; 1979-ж. 2,6 миң *т* кокос майы, 39,8 миң *т* копра жыйналган. Кофе, какао ж-а пахта айдалат. Үй асыралат. Балык уулоо өнүккөн (1979-ж. 7,6 миң *т* балык кармалган). Жыгач иштетилет. 1979-ж. 12 миң *т* марганец казып алынган (Эфате а-нда). Сыртка копра, балык ж-а марганец чыгарат. Акча бирдиги — австралия доллары ж-а франция франкы.

ВАРНАВСКИХ Тамара Александровна (15. 8. 1923-ж. т., Оренбург обл., Бузулук ш.) — Кыргыз ССР эл арт. (1976). 1949-жылдан КПСС мүчөсү. 1946-ж. Куйбышевдеги М. Горький атн. драма театрынын студиясын бүткөн. 1953-ж. Н. К. Крупская атн. Фрунзе орус драма театрынын артисти. В. орус, сов. ж-а чет элдик классикалык репертуардан сексенден ашуун образ жараткан: Елена, Аксинья (М. Горький, «Мещандар», «Егор Булычов жана башкалар»), Маша, Надя (Н. Погодин, «Кремль куранттары», «Мылтыкчан киши»), Ашпозчу аял (А. Софронов, «Ашпозчу аял»), Валя (А. Арбузов, «Иркут окуясы»), Анна (У. Шекспир, «Ричард III»), Шайыргүл (Т. Абдумомунов, «Даттануга болбойт»), Кадича (Ч. Айтматовдуку б-ча, «Кызыл жоолук кырчын талым»), Роза Александровна (А. Галин, «Ретро») ж. б.

М. Горький. «Егор Булычов жана башкалар». Аксинья — Т. Варнавских. 1980.

ВАРРАД Фаик (24. 12. 1926-ж. т., Иерусалимге жакын) — Иордания жумушчу ж-а улуттук-бошт. кыймылынын ишмери. Кесиби мугалим. 1945-ж. Улуттук-бошт. лигасына [1951-жылдан Иордания коммунисттик партиясы (ИКП)] кирген. 1949-ж. ИКП БКнын мүчөлүгүнө шайланган, 1951-жылдан ИКП БКнын Саясий бюросуна мүчө. 1957-ж. камакка алынып, 1965-ж. бошотулган. 1967-ж. декабрда Израиль өкмөтү тарабынан алар оккупациялаган Иордан д-нын батыш жээгинен куулган. 1976-ж. октябрдан ИКП БКнын биринчи секретары.

«ВЕРТИКАЛЬ» — Күндүн нур чыгаруусун, ионосфераны, метеордук бөлүкчөлөрдү изилдөөчү, суюк отун м-н иштөөчү бир баскычтуу сов. геофиз. ракеталардын аты. «В.» соц. өлкөлөрдүн космосту тынчтык максатта биргелешип изилдөө ж-а пайдалануу программасы б-ча 1970-жылдан колдонула баштады. Ракетада жерге кайтма ил. аппаратурасы бар контейнер м-н прибордук бөлүктөр орнотулган. Ракетадан контейнер бөлүнүп парашют м-н жерге түшөт. «В.» ракеталары 500 *км* бийиктикке чейин көтөрүлөт.

ВИЛА — шаар, Вануату мамлекетинин борбору, порт. Эфате а-нда жайгашкан. Калкы 17 миң (1979). В. аркылуу копра, какао, кофе сыртка чыгарылат. Мектептер, кесипчилик окуу жайлары, музей, китепканалар бар.

ВОДОЛАЗСКИЙ Евгений Филиппович (9. 9. 1933-ж. т., Алтай крайы, Гилевский р-ну, Круглый кыш.) — СССР мамл. сыйл. лауреаты (1981). Эмгек жолун 1959-ж. Өзбек ССРинин «Сурханводстрой» курулуш башкармасында экскаваторчудан баштаган. 1961-жылдан «Главкиргизводстройдун» «Севводстрой» трестинин Аламүдүндөгү механикалаштырылган көчмө колоннасында бульдозерист-машинист. Онунчу беш жылдыктын тапшырмасын ашыгы м-н орундатып, күндөлүк нормасын 199%ке аткарган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ГАБРИЛОВИЧ Евгений Иосифович [17(29). 9. 1899-ж. т., Воронеж] — орус совет жазуучусу ж-а кинодраматург. Соц. Эмг. Баатыры (1979). 1921-ж. новеллачы катары чыккан. «Акыркы түн» (1937) фильмине сценарий жазуу м-н кинодогу ишмердигин баштаган. Г-тин чыг-лыгында каармандын психологиясын терең ачуу, адам тагдырын тарыхый курч окуялардын кырдаалында көрсөтүү мүнөздүү. Анын сценарийи б-ча тартылган фильмдер: «Машенька» (1942), «Кыял» (1943), «Эки жоокер» (1943), «Данте көчөсүндөгү өлүм» (1956), «Коммунист» (1958), «Акыркы күз» — «Ленин тууралуу аңгемелер» фильминин новелласы (1958), «Ленин Польшада» (1965), «Сенин замандашың» (1968) ж. б. Г. кино өнөрү, айрыкча кинодраматургия б-ча теориялык макалалар жазган. «Сайгак» (1955, Э. Войничтин чыгармасы б-ча) ж-а «Пейилдин оңолушун» (1960—62, Л. Н. Толстойдун чыгармасы б-ча) экрандаштырган. 1948-жылдан ВГИКте сабак берет (1962-жылдан проф.). СССР мамл. сыйл. лауреаты (1953, 1967). Эки Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ГЛАЗКОВ Юрий Николаевич (2. 10. 1939-ж. т., Москва) — СССРдин учкуч-космонавты, инженер-полковник, Сов. Союз. Баатыры (1977), тех. илимд. кандидаты (1974). 1966-жылдан КПСС мүчөсү. 1962-ж. Харьков жог. аскер-авиац. инженердик окуу жайын бүткөндөн кийин ААКта кызмат өтөгөн. 1965-жылдан космонавттар отрядында. 1977-ж. 7—25-февралда «Союз-24» космос кемесинде бортинженер болуп В. В. *Горбатко* м-н космоско учкан. 1977-ж. 8-февралда «Союз-24» космос кемеси 1976-ж. 22-июнда учурулган «Салют-5» орбиталык станция м-н ашташтырылган. Учуу 17 сутка 17 *с* 25 *мин*га созулган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Е. Ф. Водолазский

Ю. Н. Глазков.

М. С. Горбачев.

ГОЛЛАН Жон (2. 4. 1911, Эдинбург — 5. 9. 1977, Лондон) — англ., эл аралык коммунисттик ж-а жумушчу кыймылынын ишмери. Жумушчу үй-бүлөдөн. 1927-ж. компартияга өткөн. 1935—40-ж. Улуу Британия комсомолунун улуттук секретары. 1935-жылдан Улуу Британия КП БКга (1943-жылдан Атком), 1940-жылдан Саясий бюрого (1943-жылдан Саясий комитет) мүчө. 1941—47-ж. адегенде компартиянын Түн.-Чыгыш, кийин Шотландия уюмунун секретары. 1954—56-ж. компартиянын улуттук уюштуруучусу ж-а Аткомдун уюштуруу бөлүмүнүн жетекчиси. 1957—62-ж. компартиянын теориялык журналы — «Марксизм тудейдин» башкы редактору. 1956—75-ж. Улуу Британия компартиясынын ген. секретары.

ГООР Раймон (1908-ж. т., Шатлино) — Бельгиянын коомдук ишмери, каноник. Бельгияны фашист немецтер оккупациялаган жылдары (1940, май — 1944, сент.) Каршылык көрсөтүү кыймылына катышкан. Экинчи дүйн. согуштан (1939—45) кийин Европадагы коопсуздук ж-а кызматташтык үчүн коомдук кыймылдын демилгечилеринин бири. Ф. Жолио-Кюри атн. «Тынчтыктын алтын медалы» м-н сыйланган. Европанын коопсуздугу ж-а кызматташтыгы үчүн эл аралык комитеттин секретарына (Брюсселде) мүчө. «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» эл аралык Лениндик сыйл. лауреаты (1975).

ГОРБАНЬ Григорий Яковлевич (1. 4. 1932-ж. т., Чернигов обл., Борзнянский р-ну, Шаповаловка кыш.) — өндүрүш новатору, кара металлургия устаты, эритүүчү, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1971, 1978). 1959-жылдан КПСС мүчөсү. 1955-жылдан «Азовсталь» металлургия з-дунун болот эритүүчүсү. Болот эритүү б-ча демилгечи. КПССтин 24—25-съезддерине делегат, КПСС БКнын мүчөсү. УССР мамл. сыйл. лауреаты (1975). Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ГОРБАЧЁВ Михаил Сергеевич (2. 3. 1931-ж. т., Ставрополь крайы, Красногвардейский р-ну, Привольный кыш.) — сов. парт. ишмер. 1952-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөдөн. МГУнун укук ф-тетин (1955), Ставрополь а. ч. ин-тун (1967-ж., сырттан) бүтүргөн. 1946—50-ж. МТСте комбайнёрдун жардамчысы, 1956—62-ж. ВЛКСМ Ставрополь шаарокомунун секретары, крайкомунун экинчи, кийин биринчи секретары, 1966—70-ж. КПСС Ставрополь шаарокомунун биринчи секретары, крайкомунун экинчи, 1970—78-ж. биринчи секретары. 1978-жылдан КПСС БКнын секретары. 1971-жылдан КПСС БКнын мүчөсү. 1979-жылдан КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөлүгүнө кандидат, 1980-ж. октябрдан мүчөсү. СССР Жог. Советинин (8—10-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ГРЕНАДА — Вест-Индиядагы мамлекет. Гренада а-н ж-а Гренадина а-дарынын түш. бөлүктөрүн ээлейт. Британия шериктештигинин составында. Аянты 344 *км*². Калкы 111 миң (1977), көбү негрлер м-н мулаттар. Борбору ж-а башкы порту — *Сент-Жоржес* ш. (калкы 32 миң, 1977). Офиц. тили — англис тили. Калкынын көбү христиандар. Аралдар жанар тоо аракетинен пайда болгон. Эң бийик чокусу — Гренада а. Бийикт. 840 *м*ге чейин. Климаты субэкватордук, деңиздик. Айлык орт. темп-расы 25—26°С. Жылдык жаан-чачыны 1500 *мм*ден ашык. Нымдуу тропиктик токой басымдуу.

Байыркы замандa Г-ны индеецтер мекендеген. Аралды 1498-ж. испаниялыктар ачкан. Г. Улуу Британиянын ээлиги болгончо (1783) Англия м-н Франциянын ортосунда талаш болуп келген. 1967-жылдан «Улуу Британия м-н ассоциацияланышкан мамлекет» деп жарыяланган. 1974-ж. февралдан көз карандысыз өлкө.

1979-ж. 13-марттагы мамл. төңкөрүштөн кийин мурунку конституцияга (1979-ж. кабыл алынган) тыюу салынып, элдик рев-ячыл өкмөт түзүлгөн. Ал аткаруучу ж-а закон чыгаруучу бийликти өз колуна алып, өлкөдө социалдык-экон. кайра курууларды жүргүзүүдө. Тышкы саясаты антиимпер. багытта, соц. өлкөлөр м-н байланышы өнүгүүдө. Гренада ЖУЭЛ Элдик партиясы БКсынын Саясий бюросунун пред-ли, Элдик рев-ячыл өкмөттүн Премьер-Министри. М. Бишоп жетектеген парт., өкмөттүк делегация официалдуу визит м-н 1982-ж. СССРде болду.

С. К. Гроссу.

Т. Дегембаева.

Л. С. Дёмин.

Т. А. Довгаль.

Экономикасынын негизин а. ч. түзөт. Г-га дүйнөдө даярдалган мускат жаңгагынын 1/3и туура келет. 1979-ж. 2 миң *т* мускат жаңгагы, 21 миң *т* банан, 15 миң *т* кант, 3 миң *т* какао, 17 миң *т* кокос жаңгагы даярдалган. Мындан сыртқары цитрус өсүмдүктөрү, пахта, кофе, чеге гүл дарагы, ваниль өстүрүлөт. 1979-ж. 7 миң үй, 14 миң чочко, 25 миң кой ж-а эчки болгон. Ө. ж. негизинен жерг. ж-а сырттан алынган а. ч. сырьёсунун базасында иштейт. 1978-ж. 28 млн. *квт·с* электр энергиясы алынган. Автомобиль жолунун уз. 923 *км* (1979). Туризм өнүккөн. Сыртка мускат жаңгагын, банан, какао чыгарып, сырттан а. ч. сырьёлорун ж-а продуктуларын, ө. ж. товарларын, жабдууларды ж-а транспорт каражаттарын, тактай, отун, жер семирткич алат. Башкы соода шериги — Улуу Британия. Акча бирдиги — чыгыш кариб доллары; 2,7 чыгыш кариб доллары = АКШнын 1 долларына (1980).

ГРОССУ Семён Кузьмич (18. 3. 1934-ж. т., Одесса обл., Сарат р-ну, Новосёловка кыш.) — сов. мамл. ж-а парт. ишмер. Экон. илимд. кандидаты (1968). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. 1959-ж. М. В. Фрунзе атн. Кишинёв а. ч. ин-тун бүтүргөн. 1959—64-ж. Молд. ССРинде колхоздун башкы агроному, пред-ли. 1964—67-ж. Молд. ССРинде Суворов р-ндук а. ч. өндүрүш башкармасынын начальниги. 1970-жылдан Молдавия КП БКнын секретары, 1976-жылдан Молд. ССР Мин. Советинин пред-ли ж-а тышкы иштер министри. 1980-жылдан Молдавия КП БКнын биринчи секретары. 1981-жылдан КПСС БКнын мүчөсү. СССР Жог. Советине (7-, 9—10-шайл.), Молд. ССР Жог. Советине (8—10-шайл.) депутат. Ленин ордени, башка 2 орден м-н сыйланган.

ДЕГЕМБАЕВА Татина (17. 11. 1920-ж. т., Сокулук р-ну, Шалта кыш.) — СССР мамл. сыйл. лауреаты (1977). 1954-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1935-ж. Белек кыш-нда колхоздон баштаган. 1948—80-ж. «Дружба» к-зунда звеновой. 1977-ж. карамагындагы 170 *га* жердин ар гектарынан 702 *дең* кант кызылча алган. Кыргыз ССР Жог. Советинин (9—10-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ДЕКАНОВ Даниил Тихонович (1881—1934) — большевик, жумушчу-шахтёр. Кырг-нда Совет бийлиги үчүн күрөшүүчү. 1903-жылдан Компартия мүчөсү. Рев-ялык иштери үчүн 1910-ж. Донбасстан Түркстанга айдалып, 1916-жылга чейин «Исфара» шерик-тештигинде, андан соң Сүлүктү кенинде иштеген. 1917-ж. январда Сүлүктү шахтёрлорунун арасында большевикчил топту түзгөн. Сүлүктүдө 1917-ж. мартта түзүлгөн жумушчу депутаттар Советин уюштургандардан ж-а анын биринчи пред-ли. Самаркан жумушчу ж-а солдат депутаттар советине мүчө. Советтердин Бүткүл россиялык 2-съездине Самаркан облнан делегат. Самаркан обл-нда Совет бийлигин орнотуу күрөшүн жетектегендерден. Кийин сов. ж-а парт. кызматтарда иштеген.

ДЕМИН Лев Степанович (11. 1. 1926-ж. т., Москва ш.) — СССРдин учкуч-космонавты, инженер-полковник, Сов. Союз. Баатыры (1974), тех. илимд. кандидаты (1963). 1956-жылдан КПСС мүчөсү. 1956-ж. Н. Е. Жуковский атн. Аскер-аба инженердик академиясын бүткөндөн кийин ААКтын ил. из. уюмдарында иштеген. 1963-жылдан космонавттар отрядында. 1974-ж. 26—28-августта «Союз-15» космос кемесинде бортинженер болуп Т. В. *Сарафанов* м-н космоско учкан. Учуу 48 *с* 12 *мин* созулган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ДОВГАЛЬ Татьяна Андреевна (16. 11. 1937-ж. т., Ысык-Көл обл., Ак-Суу р-ну, Орлиный кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1981). Эмгек жолун 1956-ж. мурдагы Түп р-нундагы «1-Май» к-зунда саанчылыктан баштаган. 1980-ж. ар саан уйдан 5400 *кг* сүт саан, музоолорду 100% аман сактаган. СССР Жог. Советинин (8—9-шайл.) депутаты. Үч Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ДОМИНИКА, Доминика ынтымагы — Вест-Индиядагы мамлекет. Кичи Антиль а-дар тобуна кирген Доминика а-нда жайгашкан. Британия ынтымагына кирет. Аянты 790 *км*². Калкы 81 миң (1977), көбү негрлер м-н мулаттар; христиан динин (негизинен католиктер) тутушат. Мамл. тили — англис тили; элинин көбү патуа тилинде — француз тилинин жерг. диалектисинде сүйлөйт. Борбору ж-а башкы порту — Розо ш. (калкы 19 миң; 1977). Мамлекет башчысы — президент. Закон чыгаруучу органы — Закон чыгаруучу жыйналыш. Аткаруу бийлигин өкмөт жүргүзөт.

Доминика а. жанар тоо аракетинен пайда болгон. Тоолуу, бийик. 1586 *м*ге чейин (Дьяблотен жанар тоосу). Климаты тропиктик пассаттык, нымдуу. Жылдык жаан-чачыны 2000 *мм* чамасында. Орт. айлык темп-расы 25—27°С. Тоо капталдарын нымдуу тропик токою, деңиз жээктерин цитрус, банан плантациялары ээлейт.

Д-ны 1493-ж. Х. Колумб ачкан. Узак убакыт француздар м-н англистердин ортосунда талаш болуп келген. 1763-жылдан Улуу Британиянын колониясы. 1978-жылдан көз каранды эмес өлкө. Бийликке келген лейбористтик өкмөт ички экон. проблемаларды чече алган эмес; өлкөдө саясий кризистин күчөшүнөн ал өкмөт 1979-ж. отставкага чыккан. О. Серафин башында турган коалициялык өкмөт алгач солчул багыттагы саясий топторду баш коштурган Улуттук сактан калуу комитети (1979-ж. түзүлгөн) ж-а Д. альянсы м-н кызматташкан. 1979-ж. августта батыш державалардын кысымы м-н өкмөттөн прогрессчил көз караштагы 2 министр чыгарылган. Өлкөдөгү удургулоолордон улам коменданттык саат киргизилип, парламент таркатылган.

Экономикасынын негизин а. ч-сы түзөт. 1979-ж. 40 миң *т* банан, 20 миң *т* кокос жаңгагы, 14 миң *т* цитрус жемиштери, 1 миң *т* маниок, 1 миң *т* батат жыйналган. 1977-ж. өлкөдө 4 миң үй, 8 миң чочко, 3 миң кой, 5 миң эчки болгон. 1978-ж. 16 млн *квт·с* электр энергиясы алынган. Пемза ж-а аки таш теги казып алынат. Шире, жемиш консерваларын, копра ж-а сигара даярдоочу майда ишканалары бар. Автомобиль жолунун уз. 747 *км* (1977). Сыртка банан, цитрус жемиштерин, жемиш ширелерин чыгарып, сырттан ө. ж. товарларын, отун, жабдууларды, азык-түлүк алат. Негизги соода шериктери: Улуу Британия, АКШ, Канада. Акча бирдиги — чыгыш кариб доллары; 2,7 чыгыш кариб доллары = АКШнын 1 долларына (1980).

ДОРЖЕНОВ Сакен Базылбаевич (17. 5. 1937-ж. т., Казак ССРи, Талды-Коргон обл., Борлу-Тобо р-ну, Матай станциясы) — сов. тарыхчы, тарых илимд. доктору (1974), проф. (1978). 1962-жылдан КПСС мүчөсү. КМУнун тарых ф-тетин бүтүрүп (1959), СССР ИАнын Чыгыш таануу ин-тунда аспирант (1961—64), КМУда (1964—68), КММИде (1968—77) окутуучу, доцент. 1977—81-ж. КМУда, 1981-жылдан кафедрасынын башчысы. Д-дун ил. эмгектери Кырг-нда ислам дининин таралуу өзгөчөлүктөрүн, азыркы абалын, кыргыз элинин атеисттик көз караштарынын калыптанышын изилдөөгө арналган.

«ДОСТУК»—газета, Кырг-н КП Ысык-Ата райкомунун ж-а Эл депутаттарынын райондук советинин органы. 1943—59-ж. «Путь коммунизма» деген ат м-н орус тилинде чыккан. Район кайра уюшулганда 1978-жылдын 1-январынан азыркы аты м-н кыргыз ж-а орус («Дружба») тилинде жумасына үч жолу чыгат. Тиражы 3070 (1982).

ДУДИН Михаил Александрович [7 (20). 11. 1916-ж. т., Клевнево кыш., азыркы Иванов обл.] — орус совет акыны, Соц. Эмг. Баатыры (1976). 1951-жылдан КПСС мүчөсү. Чыг-лары 1934-жылдан жарыяланган. 1939—45-ж. армияда. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде фронттук газеталарда иштеген. Ошол жылдары акын катары таанылып баштаган («Фляга», 1943; «Гвардия жолу», 1944 ж. б. жыйнактары). Д-дин чыг-ларында көбүнчө сов. адамдын эмгеги, тынчтык үчүн күрөшү сүрөттөлөт («Мени коммунист дегиле», 1950; «Көпүрөлөр. Европа ырлары», 1958; «Мезгил», 1969 ж. б.). «Илегилек үчүн дарак. Ырлар. 1968—78» (1980) жыйнагындагы ыр циклдеринде («Убайымдуу жүрөк», «Илегилек үчүн дарак», «Үюл тегерегинде», «Батыш жээк», «Унутулган дептер»; СССР мамл. сыйл., 1981) адамдык касиеттин даремети, жаш муундардын тагдыры ж-дө ой жүгүртүлөт. Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ДУМБАДЗЕ Нодар Владимирович (14. 7. 1928-ж. т., Тбилиси) — грузин совет жазуучусу. 1964-жылдан КПСС мүчөсү. Тбилиси ун-тинин экон. ф-тетин бүткөн. 1959-ж. «Кыштактык бала» аттуу юмордук аңгемелер жыйнагы жарыяланган. «Мен, чоң энем, Илико жана Илларион» (1960) повестинде, «Мен күндү көрүп турам» (1960) романында Улуу Ата Мек. согуш учурундагы Грузиянын колхоз турмушу, сов. адамдардын гумандуулугу, патриотизми чагылдырылган. «Коркпо, ана!» (1971) романында сов. чек ара чылардын турмушу сүрөттөлөт. «Ак желектер» (1973) романында социалдык адеп-ахлак маселелерин козгойт. «Өмүр законунда» (1978; Лениндик сыйл., 1980) соц. коомдогу бүгүнкү адамдын рухий дүйнөсү, аалам ж-дө анын филос.-нравалык ой жүгүртүүлөрү берилген. СССР Жог. Советине (10-шайл.) депутат.

Чыг.: Избр. произв., т. 1—2, М., 1981; Мен күндү көрүп турам, Фр., 1968.

ДҮЙШЕЕВ Арстанбек Дүйшеевич (16. 9. 1932-ж. т., Кемин р-ну, Кичи-Кемин кыш.) — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. Вет. илимд. кандидаты (1968). Дыйкан үй-бүлөдөн. 1957-жылдан КПСС мүчөсү. К. И. Скрябин атн. Кырг-н мамл. а. ч. ин-тун бүтүргөн (1954). Жумгал р-ндагы «Жумгал» с-зунун ветврачы, директору; Тоң р-ндагы «Тоң» с-зунун башкы ветврачы (1954—60). 1960-жылдан Кырг-н КП Жумгал райкомунун экинчи секретары, 1961—62-ж. Кырг-н КП БК-ның жооптуу уюштуруучусу. 1962—68-ж. Кырг-н КП Өзгөн райкомунун биринчи секретары, 1968—71-ж. Кырг-н КП БКның секретары, 1971-жылдан Кырг-н КП Ысык-Көл обкомунун биринчи секретары. 1979-ж. январдан Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун пред-ли. 1981-январдан Кыргыз ССР Мин. Советинин пред-ли. 1963-жылдан Кырг-н КП БКга, 1971—75-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумуна мүчө. 1978-ж. Кырг-н КП БКның бюро мүчөсү. СССР Жог. Советинин (9—10-шайл.), Кыргыз ССР Жог. Советинин (6—10-шайл.) депутаты. Октябрь Революциясы ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

М. А. Дудин.

А. Д. Дүйшеев.

В. А. Жаныбеков.

ЕНСЕН Порген (18. 1. 1920-ж. т., Копенгаген) — Дания жумушчу кыймылынын ишмери. Жумушчу үй-бүлөсүнөн. 1940-жылдан өлкөдөгү профсоюздук кыймылга катышкан. 1945-жылдан Дания компартиясына (ДКП) мүчө. 1952—62-ж. Тынчтыктын бүткүл даниялык комитетинин жетекчилигинин составына кирген. 1955-жылдан ДКП БКга ж-а БКнын Аткомуна мүчө, ДКПнин профсоюздар арасында иштеги б-ча комиссиясынын башчысы. 1977-жылдан партиянын предли. 1975-жылдан фолькетингге (парламентке) депутат.

ЖАЛАЛ-АБАД МАДАНИЯТ ТЕХНИКУМУ — маданий агартуу кызматкерлерин ж-а китепканачыларды даярдоочу орто окуу жай. 1979-ж. 29-октябрда Кыргыз ССР Мин. Советинин токтому б-ча ачылган. Китепкана ж-а маданий-агартуу кызматкерлерин даярдоочу эки болүмү бар. Окуу мөөнөтү 3 жыл. 1980—81-окуу жылында 240 окуучу болгон.

ЖАНГАЗИЕВ Муса — Кыргыз ССР эл акыны (1981), к. КСЭ, 2-т., 426-б.

ЖАНЫБЕКОВ Владимир Александрович (13. 5. 1942-ж. т., Ташкен обл., Бостандык р-ну, Искендер пос.) — СССРдин учкуч-космонавты, полковник, 2 жолу Сов. Союз. Баатыры (1978, 1981). 1970-жылдан КПСС мүчөсү, 1965-ж. учкучтарды даярдай турган Ейск жог. авиац. окуу жайын (азыр В. М. *Комаров* атн.) бүтүргөн соң ААКта учкуч-инструктор болуп кызмат өтөгөн. 1970-жылдан космонавттар отрядында. 1978-ж. 10—16-январда «Союз-27» космос кемесинин командири болуп О. Г. *Макаров* м-н космоско учкан. Алар ашташтырылган «Салют-6»—«Союз-26»—«Союз-27» (экипажы: Ю. В. *Романенко*, Г. М. *Гречко*) ил. из. комплексинин бортунда эксперимент жүргүзүшкөн. Учуу 5 сутка 23 *с* созулуп, Жерге «Союз-26» космос кемеси м-н кайткан. Ж. 1981-ж. 24—30-мартта «Союз-39» космос кемесинин командири болуп монгол Ж. Гуррагча м-н космоско учкан. Учуу 7 суткага созулуп, Жерге «Союз-39» космос кемеси м-н кайткан. Эки Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЖЕЛЮК Филипп Алексеевич [27. 11 (10. 12). 1904-ж. т., Винница обл., азыркы Тульчин р-ну, Тумановка кыш.— 22. 2. 1976, Киев] — а. ч. өндүрүшүнүн новатору, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1958, 1974), 1926-жылдан КПСС мүчөсү. 1929—41-ж. Винница обл-ныи Тульчин р-нундагы «Червоний Жовтень» к-зунун пред-ли. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1946—76-ж. Суворов атн. к-здун (азыркы Ф. А. Желюк атн. Эмгек Кызыл Туу ордендүү) пред-ли. УССР Жог. Советине (6—8-шайл.) депутат. Үч Ленин ордени, Октябрь Революциясы, башка ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЖУМАНАЗАРОВ Сатымкул (17. 9. 1951-ж. т., Талас обл., Киров р-ну, Кош-Төбө кыш.) — сов. спортсмен, жөө күлүк, СССР спортунун эл аралык класстагы мастери (1979). СССР спортуна эмг. сиң. мастер (1931). 1975-жылдан КПСС мүчөсү. 1980-ж. КМФИни бүтүргөн. Жеңил атлетика м-н 1968-жылдан машыгат. 1974-ж. «Правда» газетасынын байгесине арналган жеңил атлетикалык кросстун финалында 14 *км* аралыкка чуркоодо 2-орунга чыккан, СССРдин чемпионатында 10 *км* аралыкка чуркоодо коло ж-а күмүш медалдарга ээ болгон. 22-Олимпиялык оюндарда сов. марафончулардын олимпиадалык жарышка катышуу тарыхында 1-жолу коло медалды жеңип алган. Медаль м-н сыйланган.

ЖУСУЕВ Сооронбай — Кыргыз ССР эл акыны (1981), к. КСЭ, 2-т., 522-б.

ЗАГУЛОВ Жакен (21. 7. 1931-ж. т., Ысык-Көл обл., Ысык-Көл р-ну, Долинка кыш.) — сов. экономист, экон. илимд. доктору (1977), проф. (1980). 1958-жылдан КПСС мүчөсү. Москва автомобиль-жол ин-тун бүтүргөн (1955). Фрунзе таксомотор автомобиль базасында башкы инженер (1955—58), Кыргыз ССР ИАнын Экон. ин-тунда аспирант (1958—61), кеңже ил. кызматкер (1961—62). 1962—64-ж. Фрунзе № 2 жук автомобиль базасынын начальниги. 1964—66-ж. Кыргыз ССР автомобиль транспорту

А. Г. Зархи.

С. И. Ибраимов.

А. С. Иванченков.

ж-а шоссе жол мин-восунун автотранспортту пайдалануу башкармасынын начальниги, 1966—79-ж. Фрунзе автомобиль кураштыруу з-дунун директору. 1979-жылдан «Кыргызавтомаш» өндүрүш бирикмесинин ген. директору. З.— 18 ил. эмгектин (анын 7өө монография) автору. Ил. эмгектери негизинен автомобиль транспортунун экономикасына арналган. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Э м г.: Экономические вопросы организации работы автомобильного транспорта Киргизской ССР, Фр., 1966; Вопросы экономики автотранспорта в Киргизской ССР, Фр., 1968; Эффективность использования основных производственных фондов автомобильного транспорта Киргизской ССР, Фр., 1973.

ЗАРХИ Александр Григорьевич [5 (18). 2. 1908-ж. т., Петербург] — сов. кинорежиссёр ж-а кинодраматург, СССР эл арт. (1969). Соц. Эмг. Баатыры (1978). 1948-жылдан КПСС мүчөсү. 1927-ж. Ленинград экран өнөрү техникумун бүтүргөн. 1929-ж. И. Е. Хейфиц м-н бирге (50-жылдарга чейин) Ленинград «Совкино» ф-касында (азыр «Ленфильм» киностудиясы) комсомолдук туңгуч бригаданы жетектеп, анда сов. жаштарга арналган «Чак түш» (1931) ж. б. фильмдерди тартышкан. З. ж-а Хейфиц «Балтика депутаты» (1937), «Өкмөт мүчөсү» (1940), «Аның аты Сухэ-Батор» (1942), «Малахов коргону» (1944) фильмдерин, «Япониянын талкаланышы» документ фильмин экранга чыгарышкан. 1950—55-ж. «Беларусьфильм» киностудиясында иштеген. З. «Мосфильм» киностудиясында «Бийиктик» (1957), «Көпүрөдөгү адамдар» (1960), Л. Н. Толстойдун романы б-ча «Анна Каренина» фильмдерин койгон (1965). СССР мамл. сыйл. лауреаты (1941, 1946). Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЗИМБАБВЕ РЕСПУБЛИКАСЫ—Түш. Африкадагы мамлекет. З. Р.— парламенттик реси-ка. Мамлекет башчысы — президент. Закон чыгаруучу бийлик парламентке, аткаруучу бийлик премьер-министр башкарган өкмөткө таандык. Өкмөт өлкөнүн саясий ж-а экон. көз карандысыздыгын чыңдоо курсун белгилеп, бейтараптык саясат жүргүзүүдө, к. *Түштүк Родезия*, КСЭ, 6-т., 118—119-б.

ЗЫНДАН КЕНИ — Ош обл-ндагы таш көмүр жаткан жер. Өзгөн ш-нан 35 *км* чыгыш тарапта, Фергана кырка тоосунун түш.-батыш капталында жайгашкан. Кендин алгачкы геол. маалыматын И. В. Мушкетов (1884—90), В. А. Вебер (1902) беришкен. 1945-жылдан Кыргыз ССР геол. башкармасы чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн. Кен Өзгөн көмүр бассейнинин түш.-батыш тарабынан орун алып, 20 *км*² чамасындагы аянты ээлейт. Кен аймагында негизинен юра мезгилинде пайда болгон чөкмө тоо тек катмарлары жатат. Көмүр катмарлары кумдук, алевролит ж-а аргиллит тоо тектеринен түзүлгөн туюк геол. свитасынын арасында. Мында казып алууга жарамдуу 2 катмар бар, алардын калыңд. 0,8—2,8 *м*. Көмүр жог. сапаттуу, гумустуу ж-а сапропель-гумустуу, орт. күлдүү, кокс алууга ж-а отунга жарамдуу. Күйүүдөгү жылуулук берүү энергиясы 6000—6100 *ккал/кг*. Кендеги көмүрдүн баланстык запасы 48 млн *т*. Кен азырынча казылбайт.

ИБРАГИМОВ Мирза Ажар оглы — Соц. Эмг. Баатыры (1981), Азия ж-а Африка өлкөлөрүнө тилектештиктин сов. комитетинин пред-ли (1977-жылдан), к. КСЭ, 1-т., 583-б.

ИБРАИМОВ Султан Ибраимович (20. 9. 1927, Чүй р-ну, Алчалы кыш.— 4. 12. 1980, Чолпон-Ата ш.) — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. 1954-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөдөн. 1943-жылдан колхозчу, тракторист, Чүй райондук сугат системасы башкармасында гидротехник. Ташкент а. ч. ирригация ж-а механизация инженерлер ин-тун бүткөн соң (1954) Кыргыз ССР ИАның суу чарба ин-тунда кенже ил. кызматкер. 1957-жылдан парт. иште (Кырг-н КП БКның инструктору, партияның Аламүдүн райкомунун экинчи секретары). 1961—66-ж. Кыргыз ССР суу чарба ж-а мелиорация министри. 1966-жылдан Кырг-н КП БКның секретары ж-а Кырг-н КП БКнын бюро мүчөсү. 1968—78-ж. Кырг-н КП Ош обкомунун биринчи секретары. 1978-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун пред-ли, 1978—80-ж. Кыргыз ССР Мин. Советинин пред-ли. Кыргыз ССР Жог. Советине (6—10-шайл.), СССР Жог. Советине (8—10-шайл.) депутат. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Э м г.: Гидротехника жана мелиорация термин-деринин сөздүгү, Фр., 1960; Ошская область Киргизстана, Фр., 1979; Советский Киргизстан сегодня, Фр., 1980.

ИВАНЧЕНКОВ Александр Сергеевич (28. 9. 1940-ж. т., Москва обл., Ивантеевка кыш.) — СССРдин учкуч-космонавты, Сов. Союз. Баатыры (1978). 1972-жылдан КПСС мүчөсү. С. Орджоникидзе атн. Москва авиац. ин-тун бүтүргөндөн (1964) кийин конструктордук бюродо иштеген. 1970-жылдан космонавттар отрядында ж-а 1978-ж. 15-июнь — 2-ноябрда «Союз-29» космос кемесинде бортинженер болуп (В. В. *Ковалёнок* м-н) космоско учкан. «Союз-29» «Салют-6» орбиталык станциясы м-н ашташтырылган. Орбиталык станцияга «Прогресс» тибиндеги жүк ташуучу транспорттук космос кемеси, «Союз-30» (экипажы: П. И. Климук, М. Гермашевский), «Союз-31» (экипажы: В. Ф. Быковский, З. Иен) космос кемелери ашташтырылган. Учуу 140 сутка 14 *с* 48 *мин*га созулган. «Союз-31» кемеси м-н Жерге кайткан. Ленин ордени м-н сыйланган.

ИДИНОВ Айып (3. 5. 1927-ж. т., Нарын обл., Жумгал р-ну, Жаңы-Арык кыш.) — сов. тарыхчы, тарых илимд. доктору (1978), проф. (1981). 1946-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөдөн. КМУнун тарых ф-тетин бүтүп (1958), аспирантурада окуган (1958—61). 1962-жылдан КМУнун КПСС тарыхы кафедрасынын окутуучусу, 1963-жылдан доцент, 1980-жылдын сентябрынан ошол эле кафедранын башчысы. И-дун негизги ил. изилдөөлөрү Кыргызстандын парт. уюмдарынын колхоздук өндүрүштөгү жетекчилигинин тарыхына арналган.

Э м г.: Селолук партиялык уюмдарды кайра куруу жана чыңдоо колхоздук өндүрүштүн өнүгүшүнүн негизи (1953—58), Фр., 1961; Кыргызстандын колхоздорунун уюмдаштыруу-чарбалык жактан чыңдалышы (1951—59), Фр., 1968; Кыргызстандын селолук партиялык уюмдарынын колхоздук экономиканы чыңдоодогу ролу (1959—65), Фр., 1975.

ИМАНАЛИЕВ Мурзабек — Кыргыз ССР ИАның акад. ж-а президенти (1979-жылдан), СССР ИАның корр. мүчөсү (1981). Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1981). СССР Жог. Советинин (10-шайл.) депутаты. Кыргызстан КП БКның мүчөсү (1981). Сов. математиктердин улуттук комитетинин мүчөсү (1980), к. КСЭ, 2-том, 614-б.

ИМАШЕВ Саттар Нурмашевич (20. 3. 1925-ж. т., Гурьев обл., Деңиз р-ну) — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер, тарых илимд. кандидаты (1954). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. С. М. Киров атн. Каз-н мамл. ун-тин (экстерн), респ-канын парт. мектебин (1949) бүтүргөн. 1942-жылдан пед. ише. 1944-ж. Рига аскер окуу жайын бүткөндөн кийин аба-десант бөлүгүндө командир. 1946—50-ж. парт. кызматтарда, 1950—58-ж. Каз-н КП БКга карашты Партия тарыхы ин-тунун аспиранты ж-а ст. ил. кызматкери. 1958—60-ж. Каз-н КП БКның агитация-пропаганда бөлүмүнүн башчысынын орун басары, Партия тарыхы ин-тунун директору. 1960—65-ж. Каз-н КП Дың жерлер крайкомунун секретары. 1965-жылдан Каз-н КП БКның секретары. 1979-жылдан Казак ССР Жог. Советинин Президиумунун пред-ли, СССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-лиинин орун басары (1980). 1965-жылдан Каз-н КП БКның мүчөсү. 1966-жылдан КПСС Борб. текшерүү комиссиясына мүчө. Казак ССР Жог. Советинин (6—10-шайл.), СССР Жог. Советинин (8—10-шайл.) депутаты. Бир нече орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

«ИНТЕРКОСМОС» — СССР ИАга карашту совет; космос мейкиндигин изилдөө ж-а пайдалануу областындагы эл аралык кызматташуу б-ча түзүлгөн (1966); «Тынчтык максат үчүн космос мейкиндигин изилдөө ж-а пайдалануунун соц. өлкөлөрдүн кызматташтыгы» программасы б-ча учурулуучу сов. ЖЖСтердин аты. Программага Болгария, Венгрия, Вьетнам, ГДР, Куба, МЭР, Польша, Румыния, СССР, ЧССР катышат. Космос мейкиндигин изилдөө ж-а пайдалануу тармагында СССР м-н Франциянын кызматташтыгы, Индиянын ЖЖСин сов. ракета-алып жүргүч м-н учуруу, космостук изилдөөлөр б-ча европ. уюмдар түзгөн ил. аппаратураны сов. ЖЖСке орнотуу ж-до, космос мейкиндигин пайдалануу ж-а изилдөө ж. б. б-ча, СССР м-н АКШнын кызматташуусу ж-дө макулдашуулар болгон. «И.» программасы б-ча «Салют-6» орбиталык станцияда ж-а «Союз» космос кемелеринде 9 эл аралык экипаждын ж-а сов. космонавттардын биргелешип учуусу пйгиликтүү жүргүзүлдү. Советтер Союзунун ж-а соц. өлкөлөрдүн илимпоздору даярдаган программа б-ча космостогу биргелешкен ил. изилдөөлөр социализм өлкөлөрүнүн жемиштүү кызматташтыгынын ж-а достугунун ачык мисалы. 1980-ж. 1-ноябрга чейин «И-тун» 20 ЖЖС сериясы учурулган.

ИСАЕВ Егор (Георгий) Александрович (2. 5. 1926-ж. т., Воронеж обл., Бобров р-ну, Коршево кыш.) — орус совет акыны. М. Горький атн. ад-т ин-тун бүткөн (1955). Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Чыг-ларын 1945-жылдан жарыялана баштаган. Сов. жоокерлердин турмушуна арналган «Дунай толкундарында...» (1953) аттуу жыйнактын (лирикалык ырлар, поэма) автору. «Акыл соту» (1962), «Акыл чабыты» (1976—77) деген поэмалары Ата Мекендин ыйыктыгын, өткөн оор согуштагы совет элинин майтарылбас эрдигин чагылдырып, тынчтык үчүн күрөшкө арналган (Лениндик сыйл., 1980). «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ч ы г.: Даль памяти, М., 1977; Акыл соту, Фр., 1971.

КАДЫРАЛИЕВ Аскер (20. 11. 1937-ж. т., Ысык-Көл обл., Бостери кыш.) — сов. врач, мед. илимд. доктору (1979), проф. (1980). КММИни бүтүргөн (1960). 1967-жылдан КПСС мүчөсү. 1961-жылдан КММИнин патологиялык физиология кафедрасында ассистент, 1970-жылдан доцент. 1979-жылдан санитария-гигиена ф-тетинин деканы. К-дин ил. иштери бийик тоолуу жердин шартында айрым оорулардын (кансыроо, жүрөк кемтиги) өпкө-жүрөккө, кан тамырларга тийгизген таасирин ж-а аның өзгөчөлүктөрүн аныктоого арналган. Медалдар менен сыйланган.

Э м г.: Течение острой кровопотери в условиях высокогорья, Фр., 1973; Причины профилактики аллергических заболеваний (соавт.), Фр., 1979.

КАЙЫНДЫ КЕНИ — Талас обл-ндагы гранит жаткан жер. Манас р-нунда, Жамбыл т. ж. станциясынан 50 *км* чыгышта, Кыргыз Ала-Тоосунун түш. капталында. Кенди 1977-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасынын геологу В. А. Макаров ташкан. Кен аймагын палеозой заманында пайда болгон ири боталит гранитоиддери түзөт. Аның 1,8 *км*² аянты 1978—79-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы тарабынан чалгындалып, запасы эсептелген. Гранит кызыл түстүү, орто бүртүкчолуу, нык. Аз жаракалуу, бир *м*³ блогунан 9,9—12,55 *м*² плита даярдоого болот. Кысуудагы каршылыгы 1000—1873 *кгк/см*². Физ.-мех. касиеттери б-ча ГОСТтун 9479—76, 948—74, 6666—74 талаптарына ылайык келет. 1978-жылдан карьер түрүндө казып алынып, курулуштарга пайдаланылууда. Запасы мол. Боз түстогу майда бүртүкчолуу гранит да ушул жерден табылып, запасы эсептелди. Анын физика-мех. касиеттери кызыл түстүү граниттикине окшош.

КАЛАШНИКОВ Михаил Тимофеевич (10. 11. 1919-ж. т., азыркы Алтай крайы, Курья кыш.) — атма курал б-ча сов. конструктор, тех. илимд. доктору (1971). Эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1958, 1976). 1953-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуштан кийинки жылдары атма куралдын үлгүсүн иштеп чыгып, аның базасында «7,62 *ммлүү* 1947-жылкы үлгүдөгү Калашников автоматы» (АК) түзүлгөн. Аны м-н Сов. Армия курал-данган. Сов. Армия кийин жаңыртылган 7,62 *ммлүү* (АКМ) ж-а 7,62 *ммлүү* пулемёту (РПК), о. эле 7,62 *ммлүү* Калашников пулемёту (ПК, ПКС — станокто орнотулган), 7,62 *ммлүү* танк пулемёту (ПКТ) м-н кураллданган. СССР Жог. Советинин (4, 7, 8-шайл.) депутаты. СССР мамл. сыйл. (1948), Лениндик сыйл. (1964) лауреаты. Эки Ленин ордени, башка 2 орден, медалдар м-н сыйланган.

КАЛИН Иван Петрович (10. 3. 1935-ж. т., Молд. ССРи, Рыбницкий р-ну, Плоть кыш.) — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. Экон. илимд. кандидаты (1976). 1955-жылдан КПСС мүчөсү. М. В. Фрунзе атн. Кишинёв а. ч. ин-тун (1960), КПСС БКга карашту Жог. парт. мектепти (1969) бүткөн. 1965—67, 1969—71-ж. Молдавия КП Калараш райкомунун биринчи секретары. Молдавия КП БКның а. ч. бөлүмүнүн (1971—74), а. ч. ж-а тамак-аш ө. ж. бөлүмүнүн (1974—76) башчысы. 1976—80-ж. Молдавия КП БКның секретары. 1980-жылдан Молд. ССР Жог. Советинин Президиумунун пред-ли, СССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-лиинин орун басары. КПССтин 26-съездинде КПСС БКның мүчөлүгүнө кандидаттыкка, Молдавия КПнин 11—15-съезддеринде Молдавия КП БКның мүчөлүгүнө шайланган. 1976-жылдан Молдавия КП БКның бюро мүчөсү. СССР Жог. Советинин (10-шайл.), Молд. ССР Жог. Советинин (7—10-шайл.) депутаты. Октябрь Революциясы ж-а 3 Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

КАЛПАКОВА Татьяна Алексеевна (18. 10. 1959-ж. т., Аламүдүн р-ну, Аламүдүн кыш.) — сов. спортсмен, 22-Олимпиялык оюндардын чемпиону (1980). Узундукка секирүү б-ча рекордсмен. КМУнун студенти. 1974-жылдан жеңил атлетика спорту м-н машыгат. СССР спортуна эмг. сиң. мастер (1978). 1979-ж. өлкөнүн курама командасынын составына кирген. 1981-ж. Бүткүл дүйн. универсиадада алтын медалга татыган. Эл Достугу ордени м-н сыйланган.

КАНТОРОВИЧ Леонид Витальевич [6(19). 1. 1912-ж. т., Петербург] — сов. математик ж-а экономист, СССР ИАның акад. (1964; корр. мүчө, 1958). Ленинград ун-тин бүтүрүп (1930), ошондо окутуучу (1932—34), проф. (1958—61). СССР ИАның Сибирь бөлүмүндө (1958—71), СССР Мин. Советинин Илим ж-а техника б-ча мамл. комитетинин Эл чарбасын башкаруу ин-тунда (1971-жылдан) иштеген. Негизги эмгектери функциялык анализ, эсептөө математикасы б-ча. Сызыктуу программалоону негиздөөнү баштаган. Эл чарбасын оптималдуу пландоо ж-а башкаруу теориясын, сырьё ресурстарын оптималдуу пайдалануу теориясын түзүүчүлөрдүн бири. СССР мамл. сыйл. (1949), Лениндик сыйл. (1965), Нобель сыйл. (1975, Т. Ч. Купманс м-н бирге) лауреаты.

Э м г.: Математические методы организации и планирования производства, Л., 1939.

Ад.: Леонид Витальевич Канторович, «Успехи математических наук», 4 изд., т. 17, 1962; 3 изд., т. 27, 1972.

КАРА-БАЛТА ТАМАК-АШ ТЕХНИКУМУ — тамак-аш ө. ж-ның пшакалары үчүн орто билимдүү адистерди даярдоочу окуу жай. Кыргыз ССР жог. ж-а атайын орто билим берүү мин-восунда карайт. 1954-ж. азыркы Кара-Балта ш-нда уюшулган. Техникум тамак-аш ө. ж-ның машиналары ж-а жабдуулары, нан бышыруу өндүрүшү, канттуу заттар технологиясы, ачытуу өндүрүшү, сүт азыктарынын технологиясы, дан эгиндеринин технологиясы, аларды сактоо ж-а иштетүү б-ча адистерди даярдайт. Күндүзгү ж-а сырттан окуу бөлүмдөрү бар. Уюшулгандан 4000ден ашуун адис даярдаган (1981). 1981—82-окуу жылында 1460 окуучу болгон.

КАРА-ДОБО КЕНИ — Ош обл-ндагы таш көмүр жаткан жер. Өзгөн ш-нан 68 *км* чыгыш тарапта, Фергана кыр-

ка тоосунун түш.-батыш капталында. Кен аймагындагы көмүр жерг. элге илгертеден белгилүү болсо да геол. чалгындоо жумуштары 1941—45-ж. жүргүзүлгөн. Кен *Өзгөн көмүр бассейнинин* түн.-батыш тарабынан орун алып, 20 *км²* чамасындагы алаптты ээлейт. Анын аймагында негизинен юра мезгилинде пайда болгон чөкмө тоо тек катмарлары таралган. Көмүр алардын астыңкы бөлүгүндөгү кумдук, алевролит ж-а аргиллиттен түзүлгөн туюк геол. свитасынын арасында жатат. Мында көмүрдүн 22 катмары бар, 6 катмарынын калың. 0,5 *м*ден ашат. Көмүр жог. сапаттуу отунга жарактуу. Күйүүдөгү орт. жылуулук энергиясы 6200 *ккал/кг*. Кендеги көмүрдүн баланстык запасы 98,6 млн *т*. Азырынча казылбайт.

Ад.: Каширин Ф. Т., Ибрагимов И. М., Карабалаев К. К., Узгенский каменноугольный бассейн, Фр., 1975.

КАРАКЕЕВ Туйту (25. 7. 1938-ж. т., Чүй р-ну, Кош-Коргон кыш.) — сов. философ, филос. илимд. доктору (1979). 1962-жылдан КПСС мүчөсү. КМУну бүтүрүп (1960), 1968-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Филос. ж-а укук ин-тунда аспирант, кенже ж-а ст. ил. кызматкер, 1975—78 ж-а 1981-жылдан тарыхый материализм секторунун башчысы. 1978—80-ж. ин-ттун директорунун ил. иштер б-ча орун басары. К.— 60тан ашуун ил. эмгектин ж-а макаланын автору. Эмгектери негизинен диалек. ж-а тарыхый материализмдин актуалдуу проблемаларына арналган.

Эмг.: Турмуш жана адамдардын байланышы, Фр., 1971; Семантические аспекты диалектики социального развития (цивилизация и её отражение в общественном сознании), Фр., 1978.

КАРГАША КЕНИ — Ош обл-ндагы таш көмүр жаткан жер. Өзгөн ш-нан 60 *км* чыгыш тарапта, Фергана кыркасоосунун түш.-батыш капталында. Мындагы көмүр жерг. элге илгертеден белгилүү болгон. Геол. чалгындоо жумуштары «Средазуглегеология» тресги тарабынан 1942—55-ж. жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен Өзгөн көмүр бассейнинин түн.-батыш тарабынан орун алып, эни 9 *км*, уз. 13 *км* келген аянтты ээлейт. Кен «сол өйүз», «оң өйүз» ж-а «түн.-чыгыш» деп аталган үч участкадан турат. Кен аймагында негизинен юра мезгилинде пайда болгон тоо тек катмарлары жатат. Көмүр катмарлары кумдук, алевролит, аргиллит ж-а көмүрлүү сланецтерден түзүлгөн туюк аттуу геол. свитанын арасында жайгашкан. Көмүр катмары свитанын ортоңку ж-а үстүңкү бөлүгүндө кездешип, алардын жалпы саны 33төн 55ке чейин жетет. Алардын ичинен 5—8 катмарынын калың. 0,5 *м*ден ашат. Кендеги көмүр гумустуу, аз күлдүү, кокс алууга жарамдуу. Күйүүдөгү жылуулук энергиясы 8300—8500 *ккал/кг*. Кендеги көмүрдүн баланстык запасы 170,5 млн *т*. Кен азырынча казылбайт.

КАРРИЛЬО Сантьяго (18. 1. 1915-ж. т., Астурия провинциясы, Хихон) — Испания ж-а эл аралык жумушчу кыймылынын ишмери. 1928-ж. Соц. жаштар федерациясына (СЖФ) кирген. 1928—36-ж. СЖФте жооптуу кызматтарда иштеген. 1934—36-ж. СЖФтин ген. секретары. 1934-ж. рев-ячыл иштери үчүн камакка алынган. 1936-ж. Испания коммунисттик партиясына (ИКП) кирген. 1937-ж. мартган ИКП БКга мүчө, 1937—45-ж. Саясий бюронун мүчөлүгүнө кандидат, 1945-жылдан Саясий бюронун (1960-жылдан Атком) мүчөсү. 1954-жылдан ИКП БКнын секретариатынын мүчөсү, 1960-жылдан ИКПнин ген. секретары.

КАРРЫЕВ Чары Союнович (17. 10. 1932-ж. т., Ашхабад ш.) — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. 1958-жылдан КПСС мүчөсү. Москва нефть институн бүткөн (1955). 1955—57-ж. Краснодск нефть ажыратуу з-дунда иштеген. 1957—60-ж. Түркмен ССР ИАнын Химия ин-тунун аспиранты. 1960—65-ж. Красноводск нефть ажыратуу з-дунда цех начальниги, Түркмен ССР эл чарба советинин тоо-кен ж-а химия ө. ж. башкармасынын начальнигинин орун басары. 1965-жылдан Түркм-н КП БКнын нефть ж-а химия ө. ж. бөлүмүнүн башчысы. 1974—76-ж. Түркм-н КП Ашхабад обкомунун биринчи секретары, 1976—78-ж. Түркм-н КП БКнын секретары, 1978-жылдан Түркмен ССР Мин. Советинин пред-ли. 1976-жылдан Түркм-н КП БКнын бюро мүчөсү. СССР Жог. Советинин (9—10-шайл.) депутаты. Октябрь Революциясы, башка 2 орден м-н сыйланган.

КАРЫПКУЛОВ Аманбек (9. 6. 1939-ж. т., Талас обл., Талас р-ну, Кара-Суу кыш.) — сов. философ, парт. ишмер. Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1979). 1962-жылдан КПСС мүчөсү. Пржевальск пед. ин-тунун орус тили ж-а ад-ты ф-тетин 1962-ж. бүтүргөн. 1962—64-ж. Пржевальск пед. ин-тунда окутуучу. 1964-жылдан КМУнун аспиранты. 1968-жылдан парт. иште. Кырг-н КП БКнын илим ж-а окуу жайлар бөлүмүнүн инструктору, бөлүм башчынын орун басары, 1973-жылдан бөлүм башчысы. К.— 40тан ашык ил. эмгектин автору. Анын эмгектери өнүккөн социализмдин маданий жактан өнүгүш проблемасына, совет элинин тарыхый жаңы социалдык биримдик катары калыптануусунда илимдин ж-а элге билим берүүнүн ролун ачууга ж-а бул иште респ-кадагы парт. уюмдардын жетекчилик иш тажрыйбасын жыйынтыктоого арналган. «Очерки истории Коммунистической партии Киргизии» (1979), «Советский народ — строитель коммунизма» (1981), «Советский Киргизстан на этапе развитого социализма» (1981), «Могучий фактор национального языкового развития» (1981) жыйнактарынын авторлорунун бири ж-а редактору.

К.— Кырг-н КП БКнын мүчөсү, Кыргыз ССР Жог. Советинин (9—10-шайл.) депутаты. Эки Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медаль м-н сыйланган.

Эмг.: Курсом XXV съезда КПСС, Фр., 1978; Өнүккөн социализм учурунда элге билим берүүнүн айрым маселелери, Фр., 1980; К новым рубежам коммунистического созидания, Фр., 1981.

КАУНДА Кеннет Дейвид (28. 4. 1924-ж. т., Замбиянын Түн. провинциясы, Лубва) — Замбия Респ-касынын мамл. ж-а саясий ишмери. 1949-жылдан Африкалык улуттук конгресстин (АУК) жетекчилеринин бири. 1953—58-ж. АУКтун ген. секретары. 1958-ж. партиянын радикалдык көз караштагы мүчөлөрү м-н бирге АУКтан чыгып, Замбиянын Африкалык улуттук конгресс (ЗАУК) партиясын (1959) түзгөн. 1959-ж. бул партияга тыюу салынып, К. камалган. Бошонгондон (1960) Улуттук көз карандысыздыктын бириккен партиясынын (1964-жылдан башкаруучу партия) президенти. 1964-ж. Түн. Родезияда 1-өкмөт түзгөн. Замбия Респ-касынын көз карандысыздыгы жарыяланган-дан (1964) анын президенти, өкмөт башчысы ж-а куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысы.

КАШТАН Уильям (1909-ж. т., Монреаль) — Канада ж-а эл аралык жумушчу кыймылынын ишмери. Жумушчу үй-бүлөдөн. 1927-жылдан Канадада коммунисттик кыймылга активдүү катышкан. 1938—46-ж. Канада компартиясынын (ККП) Квебек ж-а Онтарио провинцияларындагы уюмдарында ар түрдүү кызматтарда иштеген. 1946—64-ж. ККПнин профсоюздар иши ж-а уюштуруу маселеси б-ча улуттук комитетинин секретары. 1965-жылдан ККПнин ген. секретары.

КЕРИМБЕКОВ Күлчоро [22. 12. 1922-ж. т., Панфилов (азыркы Калинин) р-ну, Кум-Арык кыш.] — кыргыз совет суротчусу, живописчи. 1943-жылдан КПСС мүчөсү. 1953-ж. И. Е. Репин атн. Ленинград живопись, скульптура ж-а арх-ра ин-тун (В. М. Орешниковдун оперканасынан) бүткөндөн Фрунзе көркөм сүрөт окуу жайында окутуучу. К. сүротчулүгүн көбүнчө живопись ж-а портрет жанрында өөрчүттүдө. Негизги чыг-ла-ры: «Жайлоо кечи» (1954), «Пржевальск порту» (1957), «Ысык-Көлдөгү кеч» (1967), «Токтогул ГЭСинин курулушу» (1970), «Арстанбап» (1981), «Эл акыны Алымкул Үсөнбаевдин портрети» (1955), «К. Молдобасановдун портрети» (1979—80), «Социалисттик Эмгектин Баатыры Саадат Ногоеванын портрети» (1981) ж. б. Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

КИРИБАТИ — Тынч океандын түш.-батышындагы мамлекет. 33 арал м-н атоллдо жайгашкан. Британия ыктымагында. Аянты 684 *км²*. Калкы 60 миң (1980), негизинен кирибатилик-тер, тувалулар, банабалыктар. Дини б-ча калкынын көбү — католик, протестант. Мамл. тили — англис тили; жерг. эл кирибати ж-а тувалу тилинде сүйлөшөт. Борбору — Тарава ш. (калкы 18 миң, 1980). Мамлекет ж-а өкмөт башчысы — президент. Закон чыгаруучу органы — Ассамблея палатасы. К. аралдардын 3 тобунда — Гилберт [аралдардын бул тобунун Банаба а. (мурдагы аты Ошен) да кирет], Лайн ж-а Феникс а-дарында жайгашкан. Алар негизинен шуру атоллдору м-н рифтеринен турат. Климаты экватордук, субэкватордук, ысык ж-а нымдуу. Кокос пальмасы, бадал өсүмдүктөрү, нан дарагы өсөт.

1892—1916-ж. Гилберт а-дары Улуу Британиянын протектораты, 1916-жылдан Англиянын колониясы — Гилберт ж-а Эллис а-дарынын составында. 1974-жылдардагы референдумда аралдардын калкы көз карандысыздыкты талап кылган. 1977-жылдан колония өзүн өзү ички башкарууга укук алган. 1979-ж. 12-июлдан көз каранды эмес өлкө.

А. ч. продукциясы жери күрсүз болгондуктан жокко эсе. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү — кокос пальмасы ж-а нан дарагы. Балык уулоо өнүгүүдө. Копра даярдалат (бир аз бөлүгү экспорттолот). 1980-жылга чейин фосфат казылып алынган; азыр анын запасы түгөнгөн. Автомобиль жолунун уз. (асфальтталганы) 35 *км* (Таравада). Негизги соода шериктери — Жаңы Зеландия, Австралия, Улуу Британия, Япония, Фижи. Акча бирдиги — австралия доллары.

КИСЕЛЕВ Тихон Яковлевич — Соц. Эмг. Баатыры (1977). Белоруссия КП БКнын биринчи секретары, КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөлүгүнө кандидат (1980), к. КСЭ, 3-т., 271-б.

КЛАУСОН Вальтер Иванович [20. 12. 1913 (2. 1. 1914)-ж. т., азыркы Ленинград обл., Луга р-ну, Толмачев кыш.] — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. Жумушчу үй-бүлөдөн. 1943-жылдан КПСС мүчөсү. КПСС БКга караштуу Жог. парт. мектепти бүткөн (1965). Автомобиль жол куруу техникумун бүтүргөн соң (1933), шоссе, т. ж. ж-а көпүрө куруу отряддарында иштеген. 1941—44-ж. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1944—53-ж. Эстон ССРинин шоссе жолдор башкармасынын органдарында иштеген. 1953—54-ж. Эстон ССР автомобиль транспорт ж-а шоссе жол министри. 1954—61-ж. Эстон ССР Мин. Советинин пред-линин биринчи орун басары, 1961-ж. октябрдан пред-ли. 1961-жылдан КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат. СССР Жог. Советинин (5—10-шайл.) депутаты. Үч Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

КНУТСЕН Мартин Гуннар (29. 9. 1918-ж. т., Телемарк фюлькси, Шиен) — Норвегия жумушчу кыймылынын ишмери. Жумушчу үй-бүлөдөн. 1940-жылдан Норвегия компартиясынын (НКП) мүчөсү. Норвегияны фашист

А. Карыпкулов.

В. В. Коваленок.

А. Койчуманов.

Т. Х. Кошоев.

немец аскерлер басып алган мезгилде (1940—45) Каршылык көрсөтүү кыймылына катышкан. 1944-ж. ноябрда гестапо камакка алып, өлүм жазасына буюрган; Норвегиядагы фашист немец аскерлер капитуляцияланганда бошотулган. 1957-ж. НКПнин Борб. башкармасына мүчөлүккө шайланган; 1971-жылдан НКП БКнын Секретариатынын мүчөсү, 1974—75-ж. НКПнин пред-линин орун басары. 1975-ж. ноябрдан НКПнин пред-ли. Эл Достугу ордени м-н сыйланган (1978).

КОВАЛЕНОК Владимир Васильевич (3. 3. 1942-ж. т., Минск обл., Круп-ская р-ну, Белое кыш.) — СССРдин учкуч-космонавты, полковник, эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1978, 1981). 1962-жылдан КПСС мүчөсү. 1963-ж. Балашов жог. аскер-авиац. окуу жайын, 1976-ж. Ю. А. Гагарин атн. Аскер-аба академиясын бүткөн. 1967-жылдан космонавттар отрядында. 1977-ж. 9—11-октябрда «Союз-25» космос кемесинин командири болуп космоско учкан. Учуу 48 *с* 44 *мин*га созулган (к. *Иванченков* макаласын). 1981-ж. 12-мартта «Союз Т-4» кемесинде В. П. *Савиных* м-н космоско учкан. Кеме «Салют-6»—«Прогресс-12» орбиталык комплекси м-н атташтырылган. Жерге 72 суткадан кийин «Союз Т-4» космос кемеси м-н кайткан. Эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

КОПЧУМАНОВ Аныш (18. 9. 1923-ж. т., Нарын обл., Ат-Башы р-ну, Ак-Моюн кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1978). 1970-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Кыргыз ССРинин эмг. сиң. мугалими (1974), В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келин пед. ин-тун сырттан (1973) бүтүргөн. 1945-жылдан Ат-Башы р-нундагы «Кызыл-Дыйкан» орто мектебинде мугалим. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

КОЛДОНМО ӨНӨРҮ, жасалга-колдонмо өнөрү — декоратив өнөрүнүн бир тармагы; үй тиричилигинде колдонулуучу буюмдарды көркөмдөп, эстетикалык касиет берип жасоо өнөрү. Идиш-аяк, үй эмеректери, эмгек куралдары, кийим-кечек, жасалга ж-а зергерчилик буюмдары К. ө-нүн чыг-лары боло алат.

К. ө.— көркөм чыг-лыктын эң байыркы түрү. Байыркы адамдар күндөлүк турмушунда урунуучу буюмдарын көркөмдөп, аларга кооздук киргизүүгө аракеттенишкен. Бара-бара тиричилик буюмдарына эстетикалык касиет берип жасоо колдонмо иск-восуна айланган.

Кыргыз элинде К. ө. салттуу өнөр болуп, көчмөн тиричиликтин муктаждыктарына ж-а шарттарына ылайык өнүгүп келген. Кыргыз боз үйүнүн жасалгалары, идиш-аяк, кийим-кечек, кооздук буюмдары, ат жабдыктары К. ө. чыг-ларынын туундулары болгон. Аларды жасоодо жүн, тери, мүйүз колдонулуп, жыгач, чий сыяктуу материалдар, курак, аппликация, оймо, өрмөк, сайма, тор токуу, булгаарыга паар түшүрүү, аркан-жип ж. б. эшип-чыйратуу, жыгач бетиндеги оймолорго алтын, күмүш чөгөрүү сыяктуу ыкмалар пайдаланылган. Кыргыз К. ө. таланттуулугу, оригиналдуулугу, ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Анын эң баалуу сапаты — практикалык функциясы м-н көркөм жасалгасынын айкалышкандыгында (К. ө. ж-дө кеңири маалыматты к. атайын том — *Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы).*

Үй тиричилигине керектүү буюмдарды ө. ж-лык негизде чыгаруу күчөгөн сайын элдик К. ө. көп жагынан басаңдан кетсе да анын нускалуу салттары атайын өнөрканаларда ж-а ишканаларда улантылууда (К. ө-нүн баттамасын к. КСЭ, 3-т., 304-б.).

Ад.: Антипина К. И., Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов, Фр., 1962; её же, Юрта — ценный памятник культуры киргизского народа. в сб.: Памятники Киргизстана, Фр., 1970, с. 65—72; Кыргыздын элдик кенчтери, Фр., 1974; Акматалиев А., Кыргыздын кол өнөрчүлөрү, Фр., 1975; Аркин Д., Искусство бытовой вещи, М., 1932; Каган М., О прикладном искусстве, Л., 1961; Чекалов А. К., Основы понимания декоративно-прикладного искусства, М., 1962.

КОШОЕВ Темирбек Худайбергенович (1. 8. 1931-ж. т., Кемин р-ну, Кичи-Кемин кыш.) — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. 1952-жылдан КПСС мүчөсү. 1950-ж. токой чарба мектебин бүтүргөн. Кемин токой чарбасынын токойчусу. 1952—57-ж. Скрябин атн. Кырг-н а. ч. ин-тунун агрономия ф-тетинде окуган. 1957-жылдан Кырг-н КП БКнын а. ч. бөлүмүнүн инструктору, 1958-жылдан Кырг-н КП Ош райкомунун экинчи секретары, 1960-ж. Кара-Суу райаткомунун пред-ли. 1961—62-ж. Кырг-н КП БКнын а. ч. бөлүмүнүн башчысына орун басар,

1962-жылдан партиянын Сузак райкомунун биринчи секретары. 1963-жылдан Ош облаткомунун пред-линин биринчи орун басары, 1966—79-ж. Ош облаткомунун пред-ли. 1978-жылдан Кырг-н КП Ош обкомунун биринчи секретары, 1981-ж. 14-январдан Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун пред-ли. Кыргыз ССР Жог. Советине (6—10-шайл.), СССР Жог. Советине (10-шайл.) депутат. 1963-жылдан Кырг-н КП БКга мүчө, 1978-жылдан Кырг-н КП БКнын бюро мүчөсү. Октябрь Революциясы, 2 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси», Элдердин достугу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

КПССтин 26-СЪЕЗДИ 1981-ж. 23-февралдан 3-мартка чейин Москвада өткөн. Ага 17 480 миң коммунисттен 5002 делегат катышкан. Съездге 109 өлкөнүн коммунисттик, жумушчу, улуттук-демокр. ж-а соц. партияларынан 123 делегация келген.

Күн тартиби: КПСС БКнын отчёту, партиянын ички ж-а тышкы саясатынын кезектеги милдеттери, КПССтин Борб. текшерүү комиссиясынын отчёту, 1981—85-жылдарда ж-а 1990-жылга чейинки мезгилде СССРдин экон. ж-а социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттары, партиянын борб. органдарын шайлоо.

Съезд Коммунисттик партиянын Улуу Октябрдын ишин ишенимдүү улантып, Лениндин өлбөс-өчпөс идеяларын издеп тайбай турмушка ашырып, жумушчу табына, бүткүл совет элине саясий жол башчылык ролун татыктуу аткарып келатканын, биздин элибиз партия м-н биримдикте ж-а анын жетекчилигинде өз эмгеги м-н Мекендин экон. ж-а коргонуу күч-кубатын чыңдап, коомдук мамилелерди өркүндөтүп, рухий мад-ттын өсүшүн камсыз кылып жатканын ырастаган. Съезд совет коомунун тынымсыз чыңдалып жаткан социалдык-саясий ж-а идеялык биримдигин, жумушчу табынын, колхозчу-дыйкан ж-а интеллигенциянын бузулбас союзун, өлкөдөгү бардык элдердин бир туугандык достугун айкын ачык демонстрациялады.

КПСС БКнын отчёттук докладында өлкөнүн экон. социалдык-саясий ж-а рухий өнүгүшүнүн натыйжалары, партиянын саясий, уюштуруучулук ж-а идеялык-тарбия иштери, дүйнөдөгү азыркы абал терең ж-а ар тараптан талданган. СССРде коммунизмди куруунун мындан аркы программасы, КПССтин ички ж-а тышкы саясатынын башкы багыттары аныкталган.

Съезд КПССтин тышкы саясаты б-ча дүйн. соц. системанын өнүгүшү, социализм өлкөлөрүнүн кызматташтыгы, боштондукка чыккан өлкөлөр м-н мамилелердин өнүгүшү, КПСС ж-а дүйнөлүк коммунисттик кыймыл, капит. мамлекеттер м-н мамилелер, агрессия күчтөрүнө каршылык көрсөтүү, тынчтык ж-а кызматташтык, тынчтыкты чыңдоо, жарыша куралданууну ооздуктоо сыяктуу эл аралык маселелерге зор көңүл бурган. 26-съезддин материалдарында 24- ж-а 25-съезддерде иштелип чыккан Тынчтык программасы эл аралык абалдын учурдагы актуалдуу маселелерине ылайык өнүктүрүлгөн. Съездде тынчтыкты сактап калуу милдети бүткүл адамзат алдындагы эң актуалдуу маселе катары коюлуп, КПСС ж-а Совет өкмөтү империализмдин жалпы тынчтыкка олуттуу коркунуч келтирип жаткан авантюризмине тынчтыкта жанаша жашоонун ырааттуу ж-а иштиктүү саясатын каршы койгон. 26-съезд сов. тышкы саясаттын программасы — эл аралык оор абалды жеңилдетүү, жарыша куралданууну токтотуу үчүн күрөштүн программасы экенин аныктаган.

Съезд 70-жылдардагы ж-а 10-беш жылдыктагы СССРдин экон. өнүгүшүнүн негизги жыйынтыктарын чыгарып, 80-жылдардын ж-а эл чарбасынын 11-беш жылдыктагы негизги милдеттерин белгилеген. Элдин жыргалчылыгын мындан ары жогорулатуунун съезд белгилеген кеңири программасы совет элинин турмушунун бардык жактарын: керектөөнү ж-а эс алууну өз кучагына алат. 11-беш жылдыкта калктын ар бир адамынын реалдуу кирешеси 16—18%ке көбөйөт. 530—540 млн чарчы *м* турак жай курулат.

Жумушчулар м-н кызматчылардын айлык орт. кызмат акысы 13—16%ке, колхозчулардын эмгек акысы 20—22%ке көбөйөт. Алдыда турган беш жылдыкта ө. ж. продукциясын чыгаруу 26—28%ке, улуттук киреше 18—20%ке өсөт. 11-беш жылдыкта оор индустрияны, отун-энергетика базасын, кара ж-а түстүү металлургияны мындан ары көбөйтүүгө, өлкөнүн транспорттук комплексин түп-тамырынан жакшыртууга зор көңүл бурулат. 26-съездде азык-түлүк б-ча атайын программа иштеп чыгуунун зарылдыгы көрсөтүлүп, анын максаты калкты азык-түлүк м-н үзгүлтүксүз камсыз кылуу экени белгиленген. Бул программанын негизин колхоз-совхоз өндүрүшүн өнүктүрүү, анын натыйжалуулугун ж-а сапатын жогорулатуу түзөт.

Съезд өнүккөн социализм шартында совет коому — социалдык-саясий ж-а рухий жактан өз ара тыгыз байланышта өнүгүп, жумушчу м-н дыйкандын социалдык абалындагы айырмалар жоюлуп жатканын, азыркы кезде сов. улуттардын ж-а элдердин биримдигинин мурда болуп көрбөгөндөй бекемделгендигин белгилеген.

Съезд соц. турмуш ыңгайынын материалдык ж-а рухий негиздерин чыңдоого, жаңы адамды калыптандырууга, маркстик-лениндик теорияны өнүктүрүүгө зор көңүл бурган. Съездде партиянын Программасы кабыл алынгандан берки 20 жыл ичиндеги жетишкендиктерге маркстик-лениндик талдоо жасалып, партиянын кезектеги съездине КПССтин Программасынын жаңы редакциясын даярдоо маселесин койгон. Съезд КПССтин азыркы Программасы жалпысынан дүйн. коомдук өнүгүүнүн закон ченемдерини, партия м-н элдин коммунизм үчүн күрөшүнүн негизги милдеттерин туура чагылдырарын белгилеп, ага өзгөртүү ж-а зарыл толуктоолорду киргизүүнү КПСС БКга тапшырды. КПССтин Программасында совет коомундагы ж-а дүйн. коомдук өнүгүүдөгү эң маанилүү өзгөрүүлөр, коммунизмди куруунун эң негизги милдеттери ил. жактан терең чагылдырылат. Ушуга негизденип съезд КПССтин Программасынын жаңы редакциясын даярдоо ж-дө токтом кабыл алган. Съезд мындан ары да тынчтыкты сактап калуу максатында «Дүйнөнүн парламенттерине ж-а элдерине карата» деген кайрылуу кабыл алган, КПСС БКнын саясий багытын ж-а практикалык ишин бүт ж-а толук жактырган. 1981—85-жылдарда ж-а 1990-жылга чейинки мезгилде СССРдин экон. ж-а социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттары бир добуштан бекитилген. Съезд 314 мүчөдөн ж-а 151 мүчөлүккө кандидаттан турган КПСС БКны, 75 мүчөдөн турган Борб. текшерүү комиссиясын шайлаган.

Ад.: КПССтин XXVI съездинин материалдары, Фр., 1981.

КРАПИВА Кондрат (өз аты-жөнү — Кондрат Кондратьевич А т р а х о в и ч) [22. 2(5. 3). 1896-ж. т., Минск обл., Узда р-ну, Низок кыш.] — белорус совет жазуучусу. БССР эл жазуучусу (1956), БССР ИАнын акад. (1950), вице-президенти (1956-жылдан), Соц. Эмг. Баатыры (1975). 1941-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. В. И. Ленин атн. Белорус ун-тинин пед. ф-тетин бүткөн (1930). Чыг-лыгы 1922-ж. башталган. «Чалкан» (1925), «Тамсилдер» (1927), «Коңшулар» (1928) деген тамсил, ыр, поэма жыйнактардын автору. К. драматургияда жигердүү эмгектенген: «Партизандар» (1937), «Акыркы күлгөндүн арманы жок» (1939; СССР мамл. сыйл., 1941; Кыргыз драма театрында коюлган, 1955), «Эл менен бирге» (1948) ж. б. «Торгойлор сайрайт» (1950, СССР мамл. сыйл., 1951) комедиясы тынчтык күндөрдөгү күрдөлдүү эмгек ж-дө. БССР Жог. Советине (2—8-шайл.) депутат. Белорус лингвогеографиялык изилдөөлөрүнө катышкан (СССР мамл. сыйл., 1971). Төрт Ленин ордени, Октябрь Революциясы, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

КУДАЯРОВ Дүйшө (1939-ж. т., Ош обл., Кара-Суу р-ну, «Алга-Бас» кыш.) — сов. педиатр, мед. илимд. доктору (1981). 1966-жылдан КПСС мүчөсү. 1962-ж. КММИни бүткөн. Кырг-н эне ж-а балалыкты коргоо (азыр Акушерлик ж-а педиатрия) ил.

из. ин-тунун аспиранты (1962—65), ст. ил. кызматкер (1965—69) гематология бөлүмүнүн башчысы (1969—77), директордун илим б-ча орун басары (1977-жылдан). К-дун ил. изилдөөлөрү баланын кан оорусуна арналган.

Э м г.: Балдардын аз кандуулугу, Фр., 1974; Балдардын өнкөсүнүн өнөкөт оорусу, Фр., 1975; Этиология, клиника и лечение железодефицитных анемий у детей раннего возраста, Фр., 1979.

КУЗНЕЦОВ Николай Алексеевич (19. 12. 1922-ж. т., Казак ССРи, Караганды обл., Нура р-ну, Ново-Карповка кыш.) — СССРдин эмг. сиң. учкучу (1971), эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1973, 1979). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. 1943-ж. Магнитогорск гражд. аба флотунун учкучтар мектебин бүтүргөн. Целиноград, Семипалатинск, Усть-Каменогорск авиация бөлүмдөрүндө командирдин орун басары. 1953—63-ж. транспорттук авиацияда эмгектенген. 1963-жылдан Каз-н гражд. авиация башкармасынын начальнигинин орун басары, 1970-ж. биринчи орун басары, 1971-жылдан начальниги. Казак ССР Жог. Советине (8—10-шайл.) депутат. Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ФИЛАРМОНИЯСЫНЫН ИМАРАТЫ Фрунзе ш-нын Совет аянтында. Арх. А. И.



Печенкиндин долбоору б-ча арх. Ю. В. Куликов, инженерлер Е. И. Киселёв, Н. И. Бруспичкин, О. М. Честноков ж-а сүрөтчү А. Н. Каменскийдин катышуусу м-н 1977—80-ж. курулган. Көрүү залы экөө: чоңу 1200, кичи залы 300 орундуу. Фасады ж-а интерьерлеринин дубалдары Кырг-н-дагы кендерден алынган гранит, мрамор ж-а үлүлдүү тоо тек (сары таш) ж. б. кооз таштар м-н капталган. Сейрек учуроочу театр жабдуулары пайдаланылган. Имарат алдындагы аянтта «Манас баатырдык эпосу» скульптура ансамбли (автору Т. Садыков) тургузулган. Имаратта 1981-ж. февралда Кырг-н компартиясынын 17-съезди өткөн. к. КСЭ, 3-т., 569-б.

КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛ ЧАРБА ЭКОНОМИКАСЫН ЖАНА ӨНДҮРҮШҮН УЮШТУРУУЧУ ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ К ы р г ы з С С Р а й ы л ч а р б а м и н и с т е р с т в о с у н у н — респ-канын а. ч-сынын, анын тармактарынын экон. натыйжалуулугун арттыруунун ж-а өнүктүрүүнүн зарыл маселелерин ил. иштеп чыгуу, а. ч. өндүрүшүн чарба аралык кооперация ж-а агрардык ө. ж. интеграциясынын базасында мындан ары да ургаал өнүктүрүү маселелерин изилдөөчү ил. мекеме. 1980-ж. Кыргыз ССР а. ч. мин-восунун ил. из. ин-ттарынын ж-а эмгекти ил. уюштуруунун респ-калык борборунун ж. б. тармакташ бөлүмдөрүнүн негизинде уюшулган. Анын 5 бөлүмү, 12 сектору бар. Ин-ттун иши ургаал өнүктүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу маселелерине, а. ч. өндүрүшүн өнүктүрүү, жайгаштыруу ж-а адистештирүү, а. ч-сын ө. ж. негизине которууга, чарба аралык кооперация м-н агрардык ө. ж. интеграциясын өнүктүрүүнүн рационалдуу формаларына, а. ч. ишканаларында пландоо, башкаруу, чарба ичиндеги эсеп, эмгек акы маселелерин өркүндөтүүгө, аймакташ өндүрүш комплекстерин түзүү ж-дө ил. негиз ж-а сунуштарды иштеп чыгууга ж. б-га багытталган. Ин-ттун директору *Орузбаев* А. О.

КЫРГЫЗСТАН ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ КАРДИОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ (КИИКИ) — республикадагы кардиология б-ча ил. ж-а дарылоо-профилактикалык негизги мекеме. Кыргыз ССР саламаттык сактоо мин-восуна карайт. 1977-ж. Фрунзе ш-нда уюшулган. Ин-ттун составына 4 бөлүм, 5 ил.-клиникалык сектор ж-а 6 лабор-я кирет. Клиникалык базасында 320 орун, 7 бөлүм ж-а консультациялык поликлиника бар. Ин-ттун негизги ил. багыты — физиол. негиздерди ж-а адамдын бийик тоо адаптациясынын патологиясын, Кырг-ндын шартында жүрөк-кан тамыр ооруларынын негизги формаларынын таралыш өзгөчөлүгүн, оорунун жүрүшүн, диагностикасын, дарылоо ж-а профилактикасын изилдөө, о. эле жүрөк-кан тамыр ооруларын алдын алууда тоо климатынан пайдалануу ил. принциптерин иштеп чыгуу. Ин-тту негиздөөчү ж-а директору — сов. көрүнүктүү терапевт-кардиолог *Миррахимов* М. М.

Ин-ттун имараты.

КЫРГЫЗСТАН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯНЫН 17-СЪЕЗДИ 1981-ж. 20—22-январда Фрунзе ш-нда өткөн. Съездге партиянын 120 098 мүчөсүнөн, 6304 мүчөлүгүнө кандидатынан 937 делегат катышкан. Анда Кырг-н КП БКнын ж-а Текшерүү комиссиясынын отчёттору угулуп, КПССтин 26-съездине карата КПСС БКнын «1981—1985-жылдарда жана 1990-жылга чейинки мезгилде СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарынын» долбоору талкууланган. Кырг-н КПнин жетекчи органдары ж-а КПССтин 26-съездине делегаттар шайланган.

Съезд отчёттук мезгилде Кырг-н КПнин сан жагынан өсүп, уюштуруу жагынан чыңалганын, идеялык жактан такшалганын, КПСС БКнын айланасына өз катарларын тыгыз баш коштургандыгын, кеңири эл массасы м-н байланышын бекемдегенин, КПССтин 25-съезди белгилеген экон. ж-а маданий курулуштун, совет адамдарынын жыргалчылыгын жогорулатуунун программасын турмушка ийгиликтүү ашырууга коммунисттерди ж-а бардык эмгекчилерди мобилизациялоо б-ча уюштуруучулук ж-а саясий зор иш жүргүзгөндүгүн белгилеген. КПСС БКнын түздөн түз жетекчилигинин, практикалык жардамынын аркасында Кырг-н 10-беш жылдыкта бир топ ийгиликтерге жетишти, эмгекти жалпы союздук бөлүштүрүүдө респ-канын ролу жогорулады. Улуттук киреше 19,2%ке өстү, негизги фонддор 1,4 эсе көбөйдү. 58 ири ө. ж. ишканасы ж-а цех курулду. Нарын д-нын гидроэнергетика ресурстарын өздөштүрүү улантылууда. Күрп-Сай ГЭСинин кубаттуулугу 200 миң *квт*ка барабар 1-агрегаты мөөнөтүнөн мурда ишке киргизилди. Ө. ж. продукциясынын жалпы көлөмү 1975-жылга салыштырганда 27%ке көбөйгөн. Түстүү металлургия 1,7 эсе, ал эми прибор жасоо 2 эсе өстү. Эл керектөөчү товарларды чыгаруу да бир топ арбыган. Онунчу беш жылдыкта Мамл. сапат белгиси коюлган продукция иштеп чыгаруучу ө. ж. ишканаларынын саны 2 эсе артты. Айыл-кыштак эмгекчилеринин кажыбас эмгегинин натыйжасында а. ч. дүң продукциясынын көлөмү 9-беш жылдыкка салыштырганда 10,3%ке өскөн. Сов. Кырг-ндын эмгекчилери мамлекетке дан, пахта, жашылча, картошка, жемиш, жүзүм ж. б. өсүмдүктөрүн сатуу б-ча беш жылдыктын пландарын ж-а милдеттенмелерин ийгиликтүү орундатышына байланыштуу Л. И. Брежневдин жиберген куттуктоосун зор шыктануу м-н тосуп алышты. Съезд КПСС БКнын 1976-ж. сентябрдагы «Партияга кабыл алуу жана КПССтин мүчөлүгүнө кандидаттарды тарбиялоо боюнча Кыргызстандын партиялык уюмдарынын иши жөнүндөгү» токтомунун көрсөтмөлөрү м-н сунуштарын аткарып, респ-канын парт. уюму өзүнүн күжүрмөндүүлүгүн, коммунисттердин авангарддык ролунун өскөндүгүн жогорулатып, партияга кабыл алынып жаткандардын сапаттык составын жакшыртууга жетишкенин белгилеген.

В. А. Ляхов.

Съезд КПССтин 26-съездине карата КПСС БКнын «1981 — 1985-жылдарда жана 1990-жылга чейинки мезгилде СССРдин экономикалык ж-а социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарынын» долбоорун бир добуштан жактырган. Анда Сов. Кырг-ида комплекстүү, сапаттык жактан жаңы ири эл чарба милдеттерин чечүүгө мүмкүндүк бере турган экон. ж-а ил.-тех. потенциалды түзүү каралып, Ысык-Көл — Чүй аймактык-өндүрүштүк комплексин түзүү Кырг-ндын түн.-чыгышындагы эң бай минералдык-сырьёлук, жер, гидроэнергетикалык ж-а суу ресурстарын коомдук өндүрүшкө киргизүүгө мүмкүндүк берери айтылган. Борб. Комитеттин отчёту б-ча кабыл алынган рез-яда беш жылдыкта Кыргыз ССРнин ө. ж. өндүрүшүнүн көлөмүн 5 млн сомдон ашыруу же продукцияны чыгарууну 21—24%ке, а. ч. продукциясын өндүрүүнү жылына орто эсеп м-н 8—10%ке көбөйтүү белгиленген.

Съезд 137 мүчөдөн ж-а 63 мүчөлүккө кандидаттан турган Кырг-н КП БКны, 41 адамдан турган Текшерүү комиссиясын ж-а КПССтин 26-съездине 37 делегат шайлаган.

ЛЕНИН АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Аламүдүн р-нундагы ири чарба. 1919-ж. уюшулган. Жер шериктештигинин негизинде түзүлгөн. Жери 10620 *га*, анын 4716 *гасы* айдоо, 2256 *гасы* сугат жер. Колхоздун мал чарбасы ыкчам өнүгүүдө. Мал чарба фермаларындагы малдын тукуму жакшырып, кунардуулугу жогорулоодо. Колхоздун 4960 уйу, 395 жылкысы, 1649 чочкосу бар (1980). Ар инектен 3934 *кг* сүт саалып, ар 100 түбар койдон 110дон козу алынган. 1980-ж. колхоздо эгинден 33,8 *ц/га*, кант кызылчасынан 515 *ц/га*дан түшүм алынып, мамлекетке 887 *т* эт, 6701 *т* сүт, 2400 *т* эгин, 9403 *т* кант кызылчасы сатылган. Колхоздун пакта киресеси 2029 миң сомго жеткен. Чарба жог. көрсөткүчтөрү үчүн 1979-ж. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

«ЛЕНИНСКОЕ ЗНАМЯ» — газета, Кырг-н КП Талас обкомунун ж-а Эл депутаттарынын обл. советинин органы. 1945—56-ж. ушул наам м-н чыккан. Область кайра уюшулган соң 1981-жылдын 1-июлунан кайрадан чыгууда. «Л. з.» *«Ленин туусу»* деген ат м-н кыргыз тилинде да чыгат. Газетада парт. турмуш, пропаганда ж-а агитация, ө. ж., айыл чарба ж. б. бөлүмдөр бар. Газета жумасына 5 жолу чыгат. Тиражы 4000 (1982).

«ЛЕНИН ТУУСУ» — газета, Кырг-н КП Талас обкомунун ж-а Эл депутаттарынын обл. советинин органы. 1944-ж. 7-ноябрдан «Большевиктик туу», 1952-жылдан «Лениндик туу» деген ат м-н чыккан. 1956-ж. область жоюлганына байланыштуу газета чыкпай, область кайра уюшулган соң 1981-жылдын 1-июлунан «Л. т.» аталып чыгууда. *«Ленинское знамя»* деген ат м-н орус тилинде да чыгат. Газетада парт. турмуш, пропаганда ж-а агитация, сов. курулуш, ө. ж., айыл чарба ж. б. бөлүмдөр бар. Жумасына 5 жолу чыгат. Тиражы 6000 (1982).

ЛОГУНОВ Анатолий Алексеевич (30. 12. 1926-ж. т., Куйбышев обл., азыркы Безенчук р-ну, Обшаровка кыш.) — сов. физик-теоретик, СССР ИАнын акад. (1972; корр. мүчө, 1968). 1960-жылдан КПСС мүчөсү. Соц. Эмг. Баатыры (1980). МГУну бүтүргөндөн кийин (1951) ошол жерде иштеген. Дубнадагы биргелешкен ядролук изилдөө ин-тунун теориялык физика лабор-ясынын директорунун орун басары (1956—63). 1963-жылдан Жог. энергиялуу физика ин-тунун (Сернухов ш.) директору. Негизги эмгектери талаанын кванттеориясы м-н элементардык бөлүкчөлөрдүн физикасы б-ча. Л-дун жетекчилиги м-н Жог. энергиялуу физика ин-тунун ил. комплекси ж-а 70 *Гэв* энергиялуу протонду ылдамдаткыч түзүлгөн (1967). 1977-жылдан МГУнун ректору. СССР Жог. Советинин (10-шайл.) депутаты. Лениндик сыйл. (1970), СССР мамл. сыйл. (1975) лауреаты. Ленин ордени, башка ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЛЮДКЕВИЧ Станислав Филиппович (Пилипович) [12(24). 12. 1879, Ярослав, азыр Польшада — 10. 9. 1979, Львов] — сов. композитор, теоретик, педагог, муз. ишмер, СССР эл арт. (1969), музыка таануу илимд. доктору (1909, Вена), Соц. Эмг. Баатыры (1979). 1908—14-ж. Львовдогу Н. В. Лысенко атн. Жог. муз. ин-тта директор, 1919—39-ж. теориялык сабактар б-ча окутуучу, 1939—72-ж. проф., Львов консерваториясында кафедра башчысы. «Довбуш» операсынын (1955), залкар кантаталардын [«Кавказ» кантата-симфониясы (1905—13), Т. Г. Шевченконун сөзүнө «Заповт» («Мурас», 1934; 2-ред. 1955)], симф. чыг-лар — поэмалардын, симфониетта, камералык ж. б. аспаптык чыг-лардын, хорлор, романстар, ырлардын, музыка изилдөө б-ча эмгектердин автору, публицист. Муз. китептерди түзгөн ж-а редакторлогон, элдик ырларды системалаштырган. Л-тин Батыш Украинадагы рев-ячыл-демокр. кыймылга катышуусу анын ишмердигине ж-а чыг-лыгына идеялык багыт берген. Ленин ордени, башка 3 орден м-н сыйланган.

ЛЯХОВ Владимир Афанасьевич (20. 6. 1941-ж. т., Ворошиловград обл., Антрацит ш.) — СССРдин учкуч-космонавты, полковник, Сов. Союз. Баатыры (1979). 1963-жылдан КПСС мүчөсү. Харьков жог. авиац. окуу жайын бүтүргөн (1964) соң ААКта кызмат өтөгөн. 1967-жылдан космонавттар отрядында. 1975-ж. Ю. А. Гагарин атн. Аскер-аба академиясын бүтүргөн. 1979-ж. 25-февралда «Союз-32» космос кемесинин командири В. В. Рюмин м-н космоско учкан. Космосто «Союз-32» «Салют-6» орбиталык станциясы м-н аташтырылган. Учуу 109 суткага созулган. Алар ил.-тех. ж-а мед.-биол. эксперименттерди жүргүзүшкөн. 19-июлда «Союз-32» космос кемеси м-н Жерге кайткан. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

МАКБРАЙД Шон (27. 1. 1904-ж. т., Түш. Африка, Питермарицбург) — Ирландиянын саясий ж-а коомдук ишмери. Билими б-ча юрист. 1947—58-ж. өзү түзгөн (1936) Респ-калык партиядан Ирландия парламентине депутат. 1948—51-ж. Ирландия Респ-касынын тышкы иштер министри. Көптөгөн эл аралык уюмда жооптуу кызматтарда иштеген. 1973-жылдан ООНдун Намибия б-ча жог. комиссары. Тынчтыкты сүйгөн күчтөрдүн Москвада болгон Бүткүл дүйн. конгрессин (1973) ж-а Бүткүл дүйнөлүк форумун (1977) даярдоого ж-а өткөрүүгө активдүү катышкан. Тынчтык б-ча Нобель сыйл. (1974) ж-а «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» эл аралык Ленинди к сыйл. (1977) лауреаты.

МАКЛЕННАН Гордон (12. 5. 1924-ж. т., Глазго) — Улуу Британия жумушчу кыймылынын ишмери. 1943-жылдан Улуу Британия компартиясына (УБКП) мүчө. 1949-жылдан УБКПнин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, кийин УБКПнин Глазгодогу уюмунун секретары. 1957—65-ж. УБКПнин Шотландия округдук уюмунун жетекчиси. 1957-жылдан УБКПнин Аткомуна ж-а Аткомунун Саясий комитетинде мүчө, 1965—75-ж. УБКПнин Аткомунун уюштуруу маселелери б-ча секретары, бөлүм башчысы. 1975-ж. марттан УБКПнин ген. секретары. Британия ж-а эл аралык коммунисттик, жумушчу кыймылынын маселелери б-ча эмгектери бар.

МАМАТКАНОВ Дүйшон (7. 11. 1934-ж. т., Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Даркан кыш.) — сов. гидролог, тех. илимд. доктору (1981). 1966-жылдан КПСС мүчөсү. КМУну бүтүргөн (1956). Кыргыз ССР ИАнын Энергетика ж-а суу чарба ин-тунун ил. кызматкери (1957—60), СССР энергетика ж-а электрлештирүү мин-восунун ил. из. мекемесинин Кырг-н энергетика ил. из. бөлүмүнүн бөлүм башчысы (1964—81). 1981-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Автоматика ин-тунун лабор-я башчысы. М.— 50дөн ашык ил. эмгектин (анын 3ү монография) автору. Алардын негизгилери гидрология, гидроэнергетика, суу ресурстарын эл чарбасында комплекстүү пайдалануу ж-а ыктымалдык теориясына арналган.

Эм г.: Моделирование и предсказания колебаний речного стока, Фр., 1973.

МАМЫРОВ Аманкан (20. 10. 1944-ж. т., Ош обл., Токтогул р-ну, Торкен кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1981). 1969-жылдан КПСС мүчөсү. Кыргыз ССРнин мамл. сыйл. (1977) ж-а Кырг-н Ленин комсомолу сыйл. лауреаты (1976). Эмгек жолун 1962-ж. Талас обл-ның Токтогул р-нундагы «Кетмен-Төбө» с-зунда трактористтен баштаган. 1964-жылдан жүгөрү өстүрүү б-ча звеновой. Анын звеносу 10-беш жылдыкта 70 *га* аянттагы жүгөрүдөн 143 *ц/га*, 1980-ж. 149,6 *ц/га* түшүм алган. М. Кыргыз ССР Жог. Советинин (9—10-шайл.) депутаты. Кырг-н КПнин 16—17-съезддеринин делегаты. Кырг-н КП БКнын мүчөсү (1976). Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

МАМЫТБЕКОВ Эсенгул (29. 5. 1941-ж. т., Фрунзе ш.) — кыргыз совет цирк арт. Кыргыз ССР эл арт. (1979). 1963-ж. КМФИнин бүткөндөн «Жаш Кыргызстан» цирк труппасынын артисти. 1974-жылдан аның жетекчиси. М.— респ-кадагы цирк өнөрүн өнүктүрүүгө активдүү катышкандардын бири. Советтер Союзунун көп шаарларында гастролдо болгон. Ал Бүткүл союздук жаңы цирк чыг-ларынын караосунун лауреаты (1967). Медаль м-н сыйланган.

МАНАС РАЙОНУ — Талас обл-ның түн.-батышындагы админ. район. 1980-ж. 3-сентябрда уюшулган. Түндүгүнөн ж-а батышынан Казак ССРинин Жамбыл обл., түштүгүнөн Киров ж-а Ленинполь, чыгышынан Талас р-ндору м-н чектешет. Аянты 120,3 *км*². Калкы 22736 (1981). Райондо 4 совхоз, 1 мамл.-колхоздук «Живпром» бирикмеси, 1 колхоз, 22 кыштак бар. Борбору — Покровка кыш. (калкы 5233).

Райондун аймагы Талас өрөөнүнүн Кыргыз Ала-Тоосу м-н Эчкили-Тоо, Ак-Таш, Кызыл-Адыр тоолорунун аралыгында жаткан бөлүгүндө жайгашкан. Жериинин бети негизинен түн.-батышты карай бир аз жантайыңкы; коо-колоттор, кургак сайлар м-н тилмеленген; дөңсөөлөр да бар. Кен байлыктарынан гранит ж. б. курулуш материалдары кездешет. Климаты континенттик, январдын орт. темп-расы —8°С, июлдуку 21,3°С. Жылдык жаан-чачыны 300—350 *мм*. Ири суусу — Талас; райондун аймагындагы куймалары: Нылды, Кайыңды, Алмалы, Кара-Арча ж. б. Өрөөндүн таманында боз, тоо этектеринде ачык күрөң, тоолуу кара, тоолуу-шалбаа топурактары басымдуу. Деңиз деңг. 900—1100 *м* бийикте шыбак-эфемерлүү жарым чөл, андан жогору шыбак-чийлүү кургак талаа (1100—1500 *м*), бетегелүү талаа (1500—2000 *м*), түрдүү дан өсүмдүктүү, шалбаалуу талаа ж-а шалбаа (2000—2600 *м*), субалпы шалбаалуу талаа ж-а талаа өсүмдүктөрү (2600 *м*ден жогору) таралган. Жаныбарлары: түлкү, карышкыр, аркар, элик, кашкулак, чүткөр, суур, ондатра, кыргоол, улар, бүркүт, кекилик ж. б.

Калкынын көбү кыргыз; орус, казак, татар, немец ж. б. да жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²ге 19 киши.

А. ч-га жарактуу жери 89 024 *га*, анын 21 191и айдоо, 60ы чабынды, 230у жемиш бактары, 67 543ү жайыт. Дан эгиндери (12 300 *га*), тех. өсүмдүктөр (870 *га*), төөт өсүмдүктөрү (6892 *га*), жашылча-жемиш (363 *га*) өстүрүлөт. Токой 5237 *га*ны, бадал 1056 *га*ны ээлейт. 1981-ж. 7900 үй, 115 000 кой-эчки, 6200 чочко, 6030 үй канаттуулары болгон. Ө. ж. ишканаларынан гранит иштетүүчү «Киргизспецгорноруд» ишканасы, «Киргизминсевводстройдун» темир-бетон буюмдарын жасоочу з-ду ж. б. бар. Автомобиль жолу өтүккөн. Райондо 1980—81-окуу жылында 15 орто мектеп, 1 кечинчилик окуу жайы болгон. 3 оорукана, 19 китепкана, 1 үй тиричилик комбинаты, 6 клуб иштеген (1981).

МАНЬЕН Арман (7. 2. 1920-ж. т., Фрибур кантону, Отвиль) — Швейцария жумушчу кыймылынын ишмери. Жумушчу үй-бүлөдөн. 1943-ж. Швейцария компартиясына кирген. 1949-жылдан Швейцария эмгек партиясынын (ШЭП) Борб. комитетине мүчө, 1954-жылдан ШЭПтин Жетектөөчү комитетине (1971-жылдан Саясий бюро) мүчө. 1954—70-ж. ШЭПтин Борб. органы «Вуа увпрер» газетасынын редактору, 1972—75-ж. саясий директору. 1970—78-ж. ШЭПтин Женева секциясынын саясий секретары. 1974-жылдан ШЭПтин Секретариатына мүчө. 1978-ж. майдан ШЭПтин ген. секретары.

МЕЛЕНТЬЕВ Александр Реммович (1954-ж. т., Фрунзе ш.) — сов. спортсмен, 22-Олимпиялык оюндардын чемпиону (1980), пистолеттен ок атуу б-ча дүйнөнүн рекордсмени. Эл аралык класстагы спорттун мастери (1978). СССР спортуна эмг. сиң. мастер (1980). КМФИнин студенти. Ок атуу спорту м-н 1968-жылдан машыгат. 1975-жылдан өлкөнүн курама командасынын мүчөсү. Бир нече жолу СССРдин чемпиону, соц. өлкөлөрдүн спартакиадасынын жеңүүчүсү. Чоңдор арасында ок м-н таамай атуу б-ча Европанын чемпионатында күмүш (1980), алтын (1981) медалдар алган. Эл Достугу ордени м-н сыйланган.

МИЦЖЫЛКИЕВ Болот Абдуллаевич — СССР Жог. Советинин (10-шайл.), Кыргыз ССР Жог. Советинин (10-шайл.) депутаты, к. КСЭ, 4-т., 269-б.

МИРРАХИМОВ Мирсанд Мирхамидович — СССР мамл. сыйл. лауреаты (1980), Ленин ордени м-н сыйланган (1981), к. КСЭ, 4-т., 273-б.

МИТТЕРАН Франсуа (26. 10. 1916-ж. т., Шаранта департаменти, Жарнак) — Франциянын мамл. ж-а саясий ишмери. Билими б-ча юрист. 1942-жылдан Каршылык көрсөтүү

А. Мамыров.

Е. А. Молчанова.

кыймылына катышып, Аскер туткундарынын улуттук кыймылына жетекчилик кылган. 1946—58 ж-а 1962-жылдан парламентке депутат. М. Каршылык көрсөтүүнүн демокр. соц. союз партиясынын (ЮДСР) лидерлеринен, 1953—65-ж. ЮДСРдин пред-ли. 1947—48, 1950—53, 1954—57-ж. өкмөттүн составына кирген. 1965—68-ж. Демокр. ж-а соц. солчул күчтөрдүн федерациясынын пред-ли. 1970—71-ж. Респ-калык ин-ттар конвенти партиясын жетектеген. 1971-ж. июндан соц. партиянын биринчи секретары. 1972-ж. солчул күчтөрдүн бирдиктүү өкмөттүк программасына кол койгон. 1981-ж. 21-майдан Франциянын президенти.

МОЛЧАНОВА Елена Алексеевна (29. 1. 1930-ж. т., Ростов-на-Дону ш.) — кыргыз совет ырчысы (меццо-сопрано), Кыргыз ССР эл арт. (1976). 1965-жылдан КПСС мүчөсү. 1956-ж. Одессадагы А. Неждановa атн. Мамл.

Ж. Бизе. «Кармен». Кармен — Е. Молчанова. 1975.

консерваториянын (проф. О. Благовиданын кийин А. Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. акад. опера ж-а балет театрында солист. М. классикалык ж-а улуттук опералардан партияларды аткарат. Белгилүүлөрү: Кармен (Ж. Бизе, «Кармен»), Амнерис (Ж. Верди, «Аида»), Ольга (П. Чайковский, «Евгений Онегин»), Комиссар (А. Холминов, «Оптимисттик трагедия»), Сабира (В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере, «Таң алдында») ж. б. Концерттик ырчы катары да белгилүү. 1964-жылдан М. Күрөңкөев атн. Кыргыз мамл. муз. ж-а хореогр. окуу жайында, 1972-жылдан КМИИде окутуучу. Сов. Союзунун көп шаарында гастролдо болгон.

МУСАКОЖОЕВ Шайлообек (28. 10. 1937-ж. т., Нарын обл., Жумгал р-ну,



С. С. Наровчатов.

Н. А. Нематов.

Жацы-Арык кыш.) — сов. экономист, экон. илимд. доктору (1980). 1965-жылдан КПСС мүчөсү. КМУнун экон. ф-тетини (1959), Ленинграддагы Н. А. Вознесенский атн. Финансы-экон. институн аспирантурасын бүткөн (1964). КМУнун экон. ф-тетинин окутуучусу, доценти (1964—66), деканы (1966—72). Кыргыз ССР мамл. пландоо комитетинин эсептөө борборунун ил. иштер б-ча директорунун орун басары (1976—79), 1979-жылдан директору. М.— 60тан ашык ил. эмгектин автору. Негизги эмгектери Кыр-ндын а. ч-ндагы капитал салымдарынын натыйжалуулугун изилдөөгө арналган.

Эмг.: Аһыл чарбасындагы капиталдык салымдардын натыйжалуулугу, Фр., 1967; Проблемы повышения эффективности основных фондов, Фр., 1975; Совершенствование системы управления и эффективность общественного производства, Фр., 1980.

МУХАММЕД Али Насер (1944-ж. т., Дафия) — Йемен Элдик Демокр. Республикасынын (ПЭДР) мамл. ж-а саясий ишмери. 1963-жылдан Йемендин оккупацияланган түштүгүн бошотуучу Улуттук фронттун мүчөсү. Түш. Йемен көз карандысыздыкты жеңип алган соц (1967) өкмөттүн бир катар жооптуу кызматтарында иштеген. 1971-жылдан премьер-министр, о. эле ПЭДРдин Президенттик советинин мүчөсү, 1978-ж. июлдан анын предли. 1969-ж. декабрдан Улуттук фронттун (УФ) ген. жетекчилигине, 1972-ж. марттан УФ БКнын Саясий бюросуна мүчө, 1975-ж. октябрдан УФтин Бириккен саясий уюмунун БКнын Саясий бюросуна мүчө, 1978-ж. октябрдан Йемен соц. партиясынын Борб. комитетинин Саясий бюросуна мүчө.

НАРОВЧАТОВ Сергей Сергеевич (3. 10. 1919, Хвалынск ш., азыркы Саратов обл.— 22. 7. 1981, Москва) — орус совет акыны, Соц. Эмг. Баатыры (1979). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. МИФЛИ ж-а Горький атн. ад-т ин-тын бүткөн (экөөнү тең — 1941). Улуу Ата Мек. согушунун катышуучусу. «От» (1948), «Азаттык жоокерлери» (1952), «Талабы күч жолоочу» (1963) аттуу поэтикалык жыйнактарында согуш темасы басымдуу. Рев-ялык ж-а баатырдык салттарды улантуучулук, өткөн өмүр ж-дөгү филос. ой-толгоолор «Чейрек кылым» (1965), «Урушту аралап» (1968), «Чак түш» (1969), «Өткүр жаштык» (1975) деген кийинки китептеринде ж-а «Василий Буслаев» (1973; Горький атн. РСФСРдин мамл. сыйл., 1974) поэмасында даана чагылдырылган. Н-дун лирикасына ачык граждандуулук, стилдин тактыгы, жөнөкөйлүк мүнөздүү. СССР жаз. союзунун секретары, РСФСР жаз. союзунун Москва бөлүмүнүн биринчи секретары (1971—81). Эки Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медаллар м-н сыйланган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—3, М., 1977—78.

НГУЕН ТХИ ДИНЬ (1920-ж. т., Түш. Вьетнам, Бенче провинциясы, Жонгчом у., Лыонгхоа жамааты) — вьетнам элинин улуттук-бошт. кыймылынын ишмери. 18 жашынан рев-ячыл кыймылга катышып, 1939—43-ж. түрмөдө отурган. Вьетнам элинин Каршылык көрсөтүү согушуна (1945—54) активдүү катышкан. 1961-жылдан Түш. Вьетнамды бөштондукка чыгаруу аялдар союзунун пред-ли, Түш. Вьетнамды бөштондукка чыгаруу куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысынын орун басары, Түш. Вьетнамды бөштондукка чыгаруунун улуттук фронтунун Борб. Комитетинин Президиумунун мүчөсү (1964-жылдан). «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» эл аралык Лениндик сыйл. лауреаты (1968). ВСР түзүлгөн (1976) соң Вьетнам аялдар союзунун пред-линин биринчи орун басары, социалдык камсыздандыруу ж-а согуш инвалиддеринин иши б-ча министрдин орун басары.

НЕМАТОВ Нематжан Асатович (14. 3. 1941-ж. т., Ош ш.) — кыргыз совет арт., Кыргыз ССР эл арт. (1979). Жумушчу үй-бүлөдөн. А. Н. Островский атн. Ташкен театр өнөр ин-тунун актёрдук бөлүмүн бүтүргөн (1970). 1957-жылдан С. М. Киров атн. Ош өзбек муз. драма театрында. Негизги ролдору: Коган (М. Шатров, «Революция атынан»), Касым (Ч. Айтматов, «Саманчынын жолу»), Тороханов (Ш. Рашидов, «Кубаттуу толкун»), Ашырбай (Т. Абдумомунов, «Ашырбай»), Креонт (Еврипид, «Медея»), Бектур (Ж. Турусбеков, «Ажал ордуна»), Прозор (М. Горький, «Васса Железнова») ж. б. Ал мукам үндүү ырчы катары да белгилүү. Киного тартылган (Зуннахун, «Каныбек»). Режиссёр катары А. Абдугафуровдун «Гипноз», М. Мирзарахимовдун «Бизди кичине дебе...» спектаклдерин койгон.



Т. Абдумомунов. «Ашырбай». Ашырбай— Н. Нематов. 1974.

НЬЕРЕРЕ Жулиус Камбараже (1922-ж. т., Мусома провинциясы, Бутама кыш.) — Бириккен Танзания Респ-касынын саясий ж-а мамл. ишмери. 1952-ж. Эдинбург ун-тин (Улуу Британия) бүткөн. 1953—54-ж. Танганьиканын Африкалыктар ассоциациясынын, 1954-ж. июндан Африкалык ассоциациянын базасында түзүлгөн Танганьиканын Африкалык улуттук союзу (ТАНУ) партиясынын президенти. Танганьиканын көз карандысыздыгы жарыялангандан (1961, 9-дек.) премьер-министри, 1962—64-ж. президенти. 1964-жылдан Танганьика м-н Занзибар кошулгандан Бириккен Танзания Респ-касынын президенти. Н.— «Африкалык социализмдин» теоретиктеринин бири. Адабий чыг-ларды суахили тилине которгон.

ОСМОНАЛИЕВ Каныбек — оор атлетика б-ча 22-Олимпиялык оюндардын чемпиону (1980), дүйнөнүн 4, Европанын 2, СССРдин 2 жолу чемпиону, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1980), к. КСЭ, 4-т., 510-б.

ОМУРКУЛОВ Кадыркул (16. 2. 1941-ж. т., Сокулук р-ну, Жыламыш кыш.) — кинодраматург, жазуучу ж-а журналист. Кыргыз ССРинин иск-вого эмг. сиң. ишмери (1979). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. ВГИКтин сценарий ф-тетин (1965) бүткөн. Кыргыз ССР мамл. кино комитетинде ж-а «Кыргызфильм» киностудиясында башкы редактор (1966—71), «Кыргызтелефильм» студиясында директор, башкы редактор (1973—76), АПНдин Кыргызстандагы корреспондент бөлүмүнө башчы (1976-жылдан). Чыг-лыгын документ фильмге сценарий жазуудан («Кызыл аянт», 1964) баштаган. Ө.— «Бакайдын жайыты» (1966; Кыргызн Ленин комсомолу сыйл., 1967; Т. Океев м-н бирге), «Ак куулар конгон айдың көл» (1973, О. Султанов м-н бирге), «Ыр чыны» (1969), «Эски тегирмен» (1971), «Жолугушуу» (1970) фильмдеринин, «Бурма» (1973), «Акжолтой» (1974), «Нешер» (1980) киноновелла сценарийлеринин автору. О. эле «Кылкылар» (1965), «Манасчы» (1965), «Бешик» (1969), «Советтик Кыргызстан» (1972), «Керез» (1975) ж-а «Съезддеп съездге» (1976) документ фильмдеринде, К. Жантөшевдин «Каныбек» романы б-ча сценарийлер жазган. Ал — ардеме, повесттердин да автору.

Чыг.: Жылдыздуу түн, Фр., 1976; Дала земные, Фр., 1978; Жер касиети Фр., 1981.

ПЕРЕПРА Аристидес Мария (17. 9. 1923-ж. т., Жашыл Тумшук а-дары) — Гвинея-Бисау Респ-касынын мамл. ж-а саясий ишмери. Гвинея ж-а Жашыл Тумшук а-дарынын көз карандысыздыгынын Африкалык партиясынын (ПАИГК) жетекчилеринен. 1956-ж. улуттук бошт. күрөшкө катышкан. ПАИГКти түзгөндөрдөн (1956) ж-а жетекчилеринен. 1960—64-ж. эмиграцияда. 1964—73-ж. ПАИГКтин ген. секретарынын орун басары. 1973-жылдан партиянын ген. секретары. 1975-жылдан Жашыл Тумшук аралдары Респ-касынын президенти.

ПОЛЯКОВ Иван Евтеевич [12(25). 11. 1914-ж. т., Гомель] — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. Соц. Эмг. Баатыры (1973). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Жумушчу үй-бүлөсүнөн. КПСС БКга караштуу Жог. парт. мектепти бүтүргөн (1949). 1933-жылдан Гомелде жумушчу. 1939-жылдан комсомолдук иште. 1942—43-ж. Белоруссия ЛКЖС Гомель обкомунун (подпольеде ги) секретары ж-а партизандар бригадасынын комиссары. 1943-ж. Белоруссия ЛКЖС Гомель; Минск обкомдорунун биринчи секретары. 1956-жылдан Гомель облаткомунун пред-ли. 1957-жылдан Белоруссия КП Гомель обкомунун, 1964-жылдан Минск обкомунун биринчи секретары. 1977-жылдан БССР Жог. Советинин Президиумунун пред-ли, СССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-линин орун басары. 1961-жылдан КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат, 1966-жылдан Белоруссия КП БКнын бюро мүчөсү. СССР Жог. Советинин (5—10-шайл.) депутаты. Төрт Ленин ордени, Октябрь Революциясы, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПОПОВ Леонид Иванович (31. 8. 1945-ж. т., Кировоград обл., Александрия ш.) — СССРдин учкуч-космонавты, полковник, эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1980, 1981). 1971-жылдан КПСС мүчөсү. 1968-ж. Чернигов жог. аскер-авиац. окуу жайын бүтүргөндөн кийин ААКта кызмат өтөгөн. 1970-жылдан космонавттар отрядында. 1976-ж. Ю. А. Гагарин атн. Аскер-аба академиясын бүтүргөн. 1980-ж. 185 күнгө созулган космостук биринчи учушунда «Салют-6» станциясынын командири. 1981-ж. 14-майда «Союз-40» космос кемесинде румын Думитру Прунарпу м-н учкан. «Салют-6», «Союз Т-4» ил. из. комплекси м-н аш-таштырылган. Жерге 7 суткадан кийин «Союз-40» м-н кайткан. Эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПУПЯД Пьер (25. 7. 1911-ж. т., Йонна департаменти, Серизье) — Франциянын коомдук ж-а аскер ишмери. Экинчи дүйн. согуш (1939—45) мезгилинде 1943—45-ж. эскадрильянын, кийин сов. 1-аба армиясынын составында faш. Германияга каршы салгылашкан «Нормандия — Неман» авиаполкунун командири. 1966—73-ж. Улуттук чогулушка депутат, 1967—73-ж. Улуттук чогулуштагы франция-совет достук тобун жетектеген. «Франция — СССР» достук ассоциациясынын активдүү ишмери. «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» эл аралык Ленинди сыйл. лауреаты (1977). Эки Кызыл Туу ж-а Александр Невский ордендери м-н сыйланган.

Л. И. Попов.

С. Рагимов.

С. Т. Рихтер.

РАГИМОВ Сулейман Гусейн уулу [9(22). 3. 1900-ж. т., азыркы Азерб. ССРи, Кубатлы р-ну, Аны кыш.] — азерб-н совет жазуучусу, Азерб. ССР эл жазуучусу (1960), Соц. Эмг. Баатыры (1975). 1926-жылдан КПСС мүчөсү. Азерб-н пед. ин-тунун тарых ф-тетин бүткөн (1931). Чыг-лары 1930-жылдан жарыялана баштаган. «Шамо» (1—3-т., 1931—64) аттуу романында Азерб-ндагы Совет бийлиги үчүн болгон күрөш баяндалса, «Сачлы» (1940—48) романы азерб-н кыштагындагы рев-яның жеңишине арналган. Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) мезгилиндеги повесттеринде («Жер үнү», 1941; «Медальон», 1942; «Боордоштор мүрзөсү», 1943) совет элинин каарман күрөшү көрсөтүлөт. «Кавказ буркуту» (1—2-т., 1971—73) романы Россия ж-а Закавказье элдеринин достугу ж-дө. Үч Ленин ордени, башка 2 орден м-н сыйланган.

Чыг.: Избр. произв., т. 1—2. М., 1972.

Ад.: Очерк истории азербайджанской советской литературы, М., 1963.

РАЛКО Владимир Антонович (30. 7. 1922-ж. т., Падарэссэ кыш., Стародорожский р-ну, БССР) — а. ч. ондүрүшүнүн новатору, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1958, 1976). 1950-жылдан КПСС мүчөсү. 1950-жылдан Брест обл-ның «Оснежицкий» к-зунун пред-ли. 1950-жылдан КПСС БКнын мүчөсү. СССР Жог. Советинин (7-, 9—10-шайл.) депутаты.

РАО Чандра Ражешвар (6. 6. 1914-ж. т., азыркы Андхра-Прадеш штаты, Мангалапурам) — индиялык ж-а эл аралык жумушчу кыймылынын ишмери. 1931-ж. Индия компартиясына (ИКП) кирген. 1943—52-ж. ИКПнин Андхра провинциясындагы комитетинин секретары. 1950-жылдан ИКПнин Саясий бюросуна (1958-жылдан — Борб. атком) мүчө. 1950—51-ж. ИКП БКнын ген. секретары. 1964-ж. (июнь — дек.) ИКПнин Улуттук советинин секретары. 1964-ж. декабрдан ИКПнин Улуттук советинин ген. секретары. Эл аралык коммунисттик кыймыл ж-а Индиянын саясий-экон. проблемалары б-ча эмгектердин автору. Ленин ордени м-н сыйланган. (1974).

РАХИМОВА Магрифа Рахимовна (1. 5. 1928-ж. т., Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Челпек кыш.) — сов. педагог, пед. илимд. доктору (1980). 1968-жылдан КПСС мүчөсү. КМУнун тарых ф-тетин бүтүргөн (1951). 1951—54-ж. КМУнун КПСС тарыхы кафедрасында окутуучу. 1954-жылдан Кырг-н кыз-келин пед. ин-тунда окутуучу, доцент, 1981-жылдан пед. ж-а психол. кафедрасынын башчысы. Р.— Кырг-нда мектепке чейин тарбиялоонун тарыхына ж-а онүгүү проблемасына арналган 14 ил. эмгектин ж-а макаланын автору.

Эмг.: Становление дошкольного воспитания в Киргизии и перспективы его дальнейшего развития, Фр., 1974.

РИХТЕР Святослав Теофилович [7 (20). 3. 1915-ж. т., Житомир] — сов. пианист, СССР эл арт. (1961), Соц. Эмг. Баатыры (1975). Баштапкы муз. билимди пианист ж-а органчы атасынан алган. 1933—37-ж. Одесса опера ж-а балет театрында концертмейстер. 1934-ж. өз алдынча концерт берген (Одессада). 1937—47-ж. Москва консерваториясында Г. Г. Нейгауздан окуган. 1940-жылдан СССР шаарларында, 1950-жылдардын ортосунан чет өлкөлөрдө гастролдо болгон. Р.— 20-к-дагы эң көрүнүктүү пианисттердин бири. Анын аткаруучулугу техчебердиги, көркөмдүгү м-н айырмаланат. Р. репертуарында И. С. Бах, К. Дебюсси, С. С. Прокофьев, Д. Д. Шостакович ж. б-дын чыг-лары бар. Ансамблде да ойнойт. Музыкант-аткаруучулардын 1945-ж. Москвада өткөн Бүткүл союздук 3-конкурсунда 1-сыйл. алган. СССР мамл. сыйл. (1950), Лениндик сыйл. (1961) лауреаты. Ленин ордени м-н сыйланган.

РОЗО — Доминика мамлекетинин борбор шаары. Доминика а-нын түш.-батыш жээгинде жайгашкан. Калкы 19 миң (1977). Өлкөдөгү башкы порт. Кустардык майда пшканалар (шире, жемиш консервалоочу, копра, сигара) бар.

РУБЕН, Рубенис Юрий Янович (15. 4. 1925-ж. т., Могилёв) — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. 1953-жылдан КПСС мүчөсү. Аскер кызматчысынын үй-бүлөсүнөн. 1951-ж. Латвия ун-тинин мех. ф-тетин, 1960-ж. КПСС БКга караштуу Жог. парт. мектепти бүтүргөн. Улуу Ата Мек. согуштун (1941—45) катышуучусу. 1951—52-ж. Ригадагы «Компрессор»

В. В. Рюмин.

В. П. Савиных.



А. В. Софронов.

э-дунун инженер-технологу. 1952—55-ж. комсомолдук жетекчи иште. 1955-жылдан Ригада парт. кызматта. 1960—63-ж. Латвия КПнин Лиепай шааркомунун, 1963—66-ж. Рига шааркомунун биринчи секретары. 1966—70-ж. Латвия КП БКнын секретары. 1970-ж. майдан Латыш ССР Мин. Советинин пред-ли. 1971-жылдан КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат. Латвия КП БКнын бюро мүчөсү. СССР Жог. Советинин (8—10-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

РЮМИН Валерий Викторович (16. 8. 1939-ж. т., Комсомольск-на-Амуре ш.) — СССРдин учкуч-космонавты. Эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1979, 1980). 1972-жылдан КПСС мүчөсү. 1966-ж. Москва токой-тех. ин-тун бүткөн, конструктордук бюродо иштеген. 1973-жылдан космонавттар отрядында. 1977-ж. 9—11-октябрда В. В. *Ковалёнок* м-н «Союз-25», 1979-ж. 14-июлда В. А. *Ляхов* м-н «Союз-32», 1980-ж. 9-апрелде Л. И. *Попов* м-н «Союз-35» кемелеринде космоско учкан. 184 суткага созулган ачыркы учууда «Салют-6» орбиталык станциясынын бортунда иштеген. Ал станция космос кемелери м-н аштыштырылган. Үч Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

САВИНЫХ Виктор Петрович (7. 3. 1940-ж. т., Киров обл., Оричи р-ну, Берёзкина кыш.) — СССРдин учкуч-космонавты, Сов. Союз. Баатыры (1981). 1963-жылдан КПСС мүчөсү. 1960-ж. Пермь т. ж. транспорт техникумун бүтүп, Свердлов т. ж-нда иштеген. Кийин Сов. Армияда кызмат өтөгөн. 1969-ж. Москвадагы геодезия, аэрофотосүрөт ж-а картография ин-тун бүтүп, конструктордук бюродо иштеген. 1978-жылдан космонавттар отрядында. 1981-ж. 25-мартта «Союз Т-4» кемесинде В. В. *Ковалёнок* м-н учкан. Кеме «Салют-6»—«Прогресс-12» орбиталык комплекси м-н ашташтырылган. Учуу 75 суткага созулуп, Жерге «Союз Т-4» космос кемеси м-н кайткан. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

САДЫКОВ Тургунбай — кыргыз совет скульптору, Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү, Лениндик сыйл. лауреаты (1980), к. КСЭ, 5-т., 220-б.

САНТУШ, душ Сантуш Жозе Эдуарду (1942-ж. т., Луанда ш.) — Анголанын саясий ж-а мамл. ишмери. Инженер-нефтичи. 1961-жылдан Анголаны боштондукка чыгаруу элдик кыймылынын (МПЛА — Эмгек партиясынын) мүчөсү. 1974-жылдан МПЛА БКнын ж-а БКнын Саясий бюросунун мүчөсү, 1977—79-ж. МПЛА—Эмгек партиясы БКнын экон. өнүгүү ж-а пландаштыруу маселелери б-ча секретары. 1961—75-ж. Анголаны боштондукка чыгаруучу элдик куралдуу күчтөрдө жооптуу кызматтарда. 1975—78-ж. АЭРдин тышкы иштер министри, 1978—79-ж. сентябрда — пландоо министри ж-а Улуттук пландоо комиссиясынын пред-ли. 1979-жылдан МПЛА — Эмгек партиясынын пред-ли, АЭРдин президенти ж-а куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысы.

САРКИСЯН Фадей Тачатович (18. 9. 1923-ж. т., Ереван) — сов. мамл. ишмер, Армян ССР ИАнын акад. (1977). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. Кызматчы үй-бүлөсүнөн. 1946-ж. С. М. Будённый атн. Ленинград байланыш аскер академиясын бүтүргөн; радиоинженер. 1946—63-ж. СССР коргоо министерствосунун системасында. 1963—77-ж. Ереван матем. машиналар ил. из. институтун директору. 1977-жылдан Армян ССР Мин. Советинин пред-ли. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1971). СССР Жог. Советинин (9—10-шайл.) депутаты. Октябрь Революциясы, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

САРТБАЕВА Кайыргүл — СССР эл арт. (1980), к. КСЭ, 5-т., 249-б.

